**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна

# Тарбиялык процессте окуучулардын көйгөйлөрүн чечүүгө карата класс жетекчилерге жардам

*Класс жетекчилер, тарбия завучтары*

*үчүн методикалык колдонмо*

Бишкек – 2019

**Аннотация**
Колуңуздагы колдонмонун негизги максаты – класс жетекчилердин, тарбия иштери боюнча директордун орун басарларынын ишин жеңилдетүү, аларга методикалык жардам көрсөтүү, пайдалуу кеңештерди сунуштоо, керектүү материалдар менен камсыздоо. Колдонмодо азыркы мезгилдеги окуучулардын көйгөйлөрү, анын себептери, проблемаларды азайтууга карата сунуштар, тарбиялык иштерге тиешеси бар актуалдуу маселелер боюнча маалыматтар жазылды. 8-класстын курак өзгөчөлүгү, азыркы мектептеги реалдуулук эске алынып колдонмо иштелип чыкты. Ишин жаңыдан баштап жаткан класс жетекчилерге, тарбия завучтарына, атүгүл тажрыйбалуу педагогдорго тарбиялык иштерди уюштуруунун жаңы форма, метод, ыкмаларын табууга өбөлгө болот деген үмүттөбүз.

**Рецензиялагандар:** Байгазиев С.О. – КББАнын башкы адиси, фил.илим.док., профессор.
Добаев К.Д. – КББАнын ПжКББ борборунун директору, пед.илим.док., профессор.
Жоробекова К.М. - №5 УКГнын мугалими.
**Редактору**: Жумабаев И.А.
**Корректору**: Карамолдоева С.

**МАЗМУНУ**

**Киришүү**.......................................................................................................4

**I бөлүм. Өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүнүн себептерин аныктоо жана мектептеги проблемаларды азайтууга карата сунуштар**

1. Өспүрүмдөрдү тарбиялоодогу көйгөйлөрдүн себептери............................6
2. Өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүн чечүүдө диагноздоонун ролу....................11
3. Класстан тышкаркы иштердин натыйжалуулугун баалоо.....................12
4. Тарбиялык процесстин натыйжалуулугун баалоо.................................13
5. Педагогикалык процесске катышууда окуучулардын өз ара мамилесин диагноздоо...........................................................................................17
6. Өзүн-өзү башкаруу жана анын иш-аракети................................................21
7. Окуучулардын зээндүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн, таланттуулугун диагноздоо.............................................................................................21
8. Окуучулардын көйгөйлөрүн чечүүдө инновациялык технологиянын ролу.........................................................................................................23
9. Көйгөйлөрдүн пайда болушунда педагогикадагы мүчүлүштүктөрдүн мааниси...................................................................................................30
10. Окуучулардын көйгөйлөрүн чечүүдө мугалимдин рухий абалынын мааниси...................................................................................................33
11. Батыштын сексуалдык тарбиясы менен Ата Мекендик жыныстык тарбиянын айырмачылыгы.........................................................................36
12. Окуу-тарбия процессин оптимизациялоонун мааниси..............................42
13. Башка өлкөдөн бакыт издегендер – Мекендин кадырын билбегендер...46
14. Илимдин, саясаттын проблемаларынын рухий тарбияга терс таасири..................................................................................................52

**II бөлүм. Тарбия сааттарынын иштелмелери**.

15. Акыл байлыгы – азбас байлык. Акылы аздын азабы көп.........................56
16. Мактанчаактын сөзү чоң, мааниси жок. Текеберчиликтин зыяндуулугу.60
17. Кеп маданиятына жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөнүктөн пайда болгон көйгөйлөр, андан чыгуунун жолдору ....................................................63
18. Билимдүүгө дүйнө жарык, билимсиздин көөнү карып..........................70
19. Ырыс алды ынтымак..................................................................................74
20. Калп айтуу, жалаа жабуу, алдамчылык...................................................77
21. Адептүүлүктүн мыйзамдары.....................................................................79
22. Достуктун мааниси....................................................................................82
23. Коомду регресс жолуна салган терс сапаттар: трайбализм, коррупция, кошоматчылык............................................................................................85
24. Ата Журтум – асыл Мекеним....................................................................88
25. Кызык экен окуп кой.................................................................................95
26. Адабияттар................................................................................................98

## Киришүү

Улуттун өнүгүшү мектептин адептик-рухий баалуулуктарга көңүл бөлүшүнө, этнопедагогикалык жана педагогикалык адабияттарды интеграциялап, тарбия сааттарын сапаттуу өтүшүнө байланыштуу. Рухий баалуулуктарды улуттун туура аныкташы, мугалимдердин тарбиялык аракети коомдун эртеңки келечегин аныктайт. Цивилизациянын эртеңки келечегинин аныктоочу фактору – таалим-тарбия.

Азыр билим берүү системасында олуттуу реформа жүрүп жатат, анткени элдин аң-сезими, социалдык абалы өзгөрүүдө. Мурдагы социалисттик идеологияга негизделген тарбия актуалдуулугун жоготту. КМШ курамына кирген өлкөлөр дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүүгө багытталган жаңы билим берүү системасын түзүү үчүн тарбиялоонун жаңы формаларын, жаңыча мамилени, жаңы усулду, жаңы технологияны түзүүнүн жолдорун издеп жатышат. Бул процесс педагогикалык теорияда жана практикада олуттуу өзгөрүү менен ишке ашууда. Жаңы билим берүү парадигмалары түзүлүп, тарбиялык сааттардын жаңы мазмуну түзүлүүдө, балдарды мурдагыдан башкача тартипке үйрөтүү керек экендигин коом түшүнүүдө.

Дүйнөлүк билим берүү системасы өткөн тарыхынан сабак алышып, өз маданиятын калыбына келтирип жаткан кезде, биздин кыргыз балдар: “отречемся от старого мира, отряхнем его прах с наших ног”, – деп ырдап жүрүшөт. Батыштын субъективдүү маданиятынын терс таасиринен коргоонун бир ыкмасы катары элдин маданий мурастарына, тарыхына кайрылуу, этнос, улут аралык, дүйнө элдери менен мамиле түзүүгө үйрөтүү маселеси актуалдуу болууда. Бардык коомдордо мектеп таалим-тарбия иштеринин борбору болуп келген.

Азыркы мектептик билим берүүдөгү тарбиялык иштер дискотека, кече ж.б. иш-чаралар менен чектелип, балдарды тарбиялоо жыл сайын кыйын болуп, тарбиялык иштерди уюштурууда жаңы көйгөйлөр көбөйүп баратат. Тарбия боюнча мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтыгы мурдагыдай болбой калды. Бул жагдайлар жана коомдогу ырайымсыз конкуренция (атаандаштык) окуучулардын агрессивдүүлүгүн жогорулатып, аларды ырайымсыз күрөшкө даярдоодо.

Класс жетекчинин адептик-рухий тарбияга жетишерлик көңүл бөлбөй калышы окуучулардын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизип келген. Азыркы коомдун көйгөйлөрү – качандыр бир мезгилдеги мектептин, үй-бүлөнүн ишиндеги кемчилигинин натыйжасы. Билим берүү системасынын таалим-тарбия боюнча азыркы аракети, келечек муундун кийинки абалын, коомдун кийинки жашоо шартын аныктайт. Окуучуну турмушка даярдоо – билим

берүү системасынын негизги максаты. Окуучулардын таалим-тарбиясына мектептин жоопкерчилиги болуш керек. Педагогдордун жана окумуштуулардын таалим-тарбия боюнча аракетин жандандыруу – азыркы учурдун талабы.

Тарбиялык иштердин мазмунун мурда мугалим аныктап келген, азыр ББжИМ (министрлик), Кыргыз билим берүү академиясы сунуштап жатат, ал эми кандай усул, ыкмаларды колдонуп тарбиялык сабак өтөт, ал – мугалимдин укугу. Окуучулар улуттун эң жакшы этикалык баалуулуктарын, рухий мурастарын, жогорку адептик принциптерин мектептен угуп, көрүүгө тийиш.

Идеологиялык вакуумдан чыгуу боюнча философиялык ой толгоолор менен чектелбей, республиканын бардык аймагында жаштардын физикалык, рухий жактан соо өсүшүнө камкордук көрүүчү практикалык аракетке өтүү, жаңы методологиялык, концептуалдык позицияны, социалдык-педагогикалык шарттарды түзүү зарылчылыгы бышып жетилди. Биздин эмгегибизде элдик педагогиканын тарбиялык мурастарынын потенциалын педагогика илиминин жетишкендиктери менен айкалыштырууга аракеттендик.

Педагогдор өлкөнүн экономикалык, рухий кризисинен алып чыгып кетүүгө жөндөмдүү жаштарды тарбиялай алабы, жокпу, бул – маанилүү маселе. Кыргыздар илгери бул маселени кандай чечип келишкен, таалим-тарбияны кандай уюштуруп келген, азыркы күндө 8-класстын окуучуларынын көйгөйлөрү кандай, аларды чечүү үчүн класс жетекчилерге кандай аракет керек, тарбиялык сааттардын үлгүлөрү кандай болушу керек, булар дагы – маанилүү маселе. Биздин мурдагы тарбиялык системабызда кандай кемчиликтерди кетиргенбиз, аны эми кантип оңдошубуз керек, азыркы мезгилде класс жетекчилердин мойнуна кандай милдеттерди чечүү зарыл, биз ушу сыяктуу маселелердин үстүндө ойлонуп, класс жетекчилерге колубуздан келген жардамыбызды сунуштадык. Бул методикалык колдонмо класс жетекчилердин, тарбия завучтарынын столунун үстүндөгү күнүмдүк практикада колдоно турган китепче болот деген үмүттөбүз.

Колдонмодо 8-класстын окуучуларына тарбия маселелеринде кезиккен көйгөйлөрдү чечүүгө карата класс жетекчилерге методикалык жардам катары тарбиялык сааттардын иштелмелерин сунуштамакчыбыз.

## I бөлүм. Өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүнүн себептерин аныктоо жана мектептеги проблемаларды азайтууга карата сунуштар

*(Класс жетекчилердин методикалык бирикмесинде керектүү материалдар)*

### Өспүрүмдөрдү тарбиялоодогу көйгөйлөрдүн себептери

Азыр адамзат абада “чымчыктай” учканды, сууда “балыктай” сүзгөндү үйрөндү, бирок жер жүзүндө адамча жашоодо кыйналууда, анткени адамдын көйгөйлөрү көбөйдү. Эгерде адамзат башына келген көйгөйлүү абалдан кутулгусу келсе, ал проблемалар биздин финансы-экономикалык маселеде эмес, адамзаттын адептик-рухий абалында экендигин түшүнүү керек. Ошол эле мезгилде көйгөйлөрдүн көптүгү адамзаттын билимсиздигинде, шык-дареметинде эмес, адамдардын ыймандык байлыкка жардылыгында экендигин мойнуна алуу абзел. Ар бир инсан жана жалпы коом үчүн тартип зарыл маселе, жаш муундун тарбиясынын бай булагы ата-бабалардын тарбиялык системасын (этнопедагогиканы) азыркы илимдердин жаңылыктары (педагогика, психология ж.б) менен интеграциялоо экендиги талашсыз. Биз азыр ойлонбосок, келечектеги муундун адамдары бизди: “XX-XXI кылымда адамзат космосту багындырып, айга жеткени менен, өздөрү белчесинен адептик-рухий (ыймансыздык) сазга баткан экен” – деп эскеришет.

Балдар Ата Мекендин, улуттун, ата-эненин, үй-бүлөнүн алдындагы милдетин, адептик-рухий тарбиянын наркын жаштайынан билип чоңойсо, мына ошол билимдер көйгөйлөрдү азайтмак, ал өлкөбүздүн чыныгы байлыгы болмок. Жоопкерчиликти билген муун өнүгүүнүн жаңы багытына өтүп, коомчулуктун кайгысынын алдын алмак. Коомчулуктагы трайбализмдин, коррупциянын, кылмыштуулуктун ж.б. тамырын кыркып, ***таза коом*** түзмөк.

Мурда бардык акылмандардын башын оорутуп келген көйгөйлөр: канткенде ата-бабаларыбыздын баалуулуктарын сактап калабыз, кантип ыймандуу коом түзөбүз, канткенде баланы адамча жашаганга үйрөтөбүз, – деген маселе болгон. Азыр бардык педагогдордун башын оорутуп келген маселе – аны кайсы жол, кандай усул менен, кайсы идеологиянын негизинде ишке ашырабыз, – деген маселе болууда.

Тарбиялык маселелерге жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөндүктөн, окуучулардын тартиби начарлап калды. Тарбиялык маселелер Кыргыз Республикасында (КР) эле начарлап кеткен жери жок. Бул – дүйнөлүк билим берүү системасындагы өкүнүчтүү тенденция. Азыр Германиянын саясый ишмерлери, педагогдору мектепти эрте интернетке байланыштырганына өкүнүшөт. Алардын пикири боюнча: биринчи таалим-тарбия берип, мүмкүн болушунча интернетке кеч байланыштырсак болмок, – деген жыйынтыкка келишкен. Интернетке эрте киргизүүнүн натыйжасында окуучулардын маданияттуулугу төмөндөгөн. “Азыр маданий окуялардын саны өсүп жатканы менен, маданияттуу адамдар, чөйрөлөр аз”, – дейт немецтик педагог Х.Ф. Хентиг [48].

“Көйгөйлөрдүн көпчүлүгү коомчулуктун мурдагы баалуулуктары

девольвацияланып (наркы төмөндөп), кийинки баалуулуктар системасы бирдей эмес болгон шартта болот" – деп ырасташууда немец окумуштуулары. КРда бирөө Батыштын, башкасы Чыгыштын, айрымдар кыргыздын баалуулуктары идеалдуу, туура деп эсептешет. Демек, объективдүү кыйынчылыктар бар. Баалуулуктар улам алмашып турган коомдо балдарды тарбиялоо кыйын. Жаратман эмгек аз, бүлдүрүүгө багытталган теле, радио берүүлөр көп коомдо көйгөйлөр көп болот. Көйгөйдүн себептеринин бири – балдардын эмгекке жеткиликтүү үйрөтүлбөгөндүгү, аракетсиздик, гиподинамия (кыймылсыздыктын натыйжасында организмдин функциясынын бузулушу). А.С. Павлов: "Булчуңдар кыймыл-аракетсиз болгондо, мээ уйкуда болот" – деген.

Азыркы мезгилде көйгөйдүн дагы бир башаты – ата-энелердин ажырашуусу болду. Илгери кыргыз-казакта ажырашууну уят деп эсептешкен. Ажырашкан жаштар айылда баш көтөрүп жүрө алган эмес, андай үй-бүлөнү уруу башчылары, аксакалдар жараштырып койчу [28]. Азыр кыргыз үй-бүлөлөрдүн ¼ ажарышкан же ажырашуу алдында турат же "жарандык нике" деген болор-болбос нерсе менен кармалып турат. Көйгөйдүн көбөйүшүнүн бири – атасыз чоңойгон, социалдык жетим балдардын көбөйүшү. Үй-бүлөдө ата-энесинин бири кем болсо, баланын тарбиясында өксүгү болот. Эмансипацияланган үй-бүлөлөр көйгөйдүн көптүгүнөн эркиндиктин ачуу "мөмөсүн" татышууда. 18ге чыга элек кыздардын 15% турмушка чыккан. Азыр дүйнө жүзүндө бир күндө 37000, бир жылда 13,5млн. түгөй (18ге чыга элек) өспүрүмдөр үйлөнүүдө. "Балдарды балдар төрөп жатышат" – деген түшүнүк пайда болду. Евразияда 15-17 жашында турмушка чыккан кыздардын саны боюнча КРсы бешинчи орунда турат (Кут билим. 26.02.2016.№8 (10658).

Атасынан бөлүнүп, энеси жалгыз чоңойткон балдар көбүнчө өзүмчүл болушат. Анткени энеси атасын, кайын журтун жамандоо менен, баланын "отурган бутагын, тамырын" өзү кыят. Ал баласына авторитет болуш үчүн башкалардын авторитетин "түшүрөт". Натыйжада баласы эч кимди жакшы көрбөй калат. Орус окумуштуусу П.Лесгарфт: "Эси жок энелердин балага сокур сүйүүсүндөй адепсиздикке тарбиялоочу эч нерсе болбойт, ал балак менен сабагандан да зыян, анткени бала керектөөчү болуп өсөт", – деген. Азыр ата-энелердин ажырашуусу көбөйгөндүктөн, мектептин жүгү оор абалга жетти.

Көйгөйлөрдүн көптүгүнүн себебинин бири – коомдогу кылмыштуулук. "Кылмыштуулукка каршы күч менен күрөшүү – карышкырга карышкырдын методу менен күрөшүү сыяктуу, анда адам өзү карышкырга айланат. Анын тамырын кыюунун жолу – тарбия" – дейт Б. Мурзаибраимов "Мугалим мөмөлүү дарак" – деген эмгегинде [34].

Кичинесинде тамактан өксүгөн бала дистрофик (арык-чабал) болот, тарбиядан өксүгөн балдар интеллектуалдык-рухий чабал болот. Этикалык баалуулуктарга караганда экономикалык баалуулуктар жогору бааланган коомдо көйгөйлөр көп болот, анткени өндүрүштөрдүн, мекемелердин графиги ата-эненин балага камкордугуна, тарбиялык иштерге терс таасирин тийгизет. Мектептерде тарбиялык системада көңүл ачууга көп орун

берилген мамлекетте да көйгөйлөр көп болот. Россиянын класс жетекчилерге арналган методикалык колдонмолорунда көңүл ачууга арналган иш-чараларга азыр деле көп орун берилүүдө. Биздин мурдагы тарбиялык системабызда көңүл ачууга көп көңүл бөлүнгөн, анын натыйжасы – азыркы реалдуулук. Ошондуктан азыркы тарбиялык сааттарда ойлонууга, эмгектенүүгө, изденүүгө көбүрөөк көңүл бөлүп, көңүл ачууга аз орун калтырууга аракеттенүүдөбүз.

Кунт коюусу, эске тутуму начар, отуруп эмгектенүү көндүмү жетишсиз, тил укпаган, жөндөмсүз балдар көбөйүп келатат. Окуучуларды жазалоо, тилдөө, ыза кылуу, коркутуу методу менен чектелип, мурдагы “камчы-пряник” методу (жазалоо менен катар демилге берүү методу) унутулуп баратат, анткени тоталитардык билим берүү системадан “интерактивдүү метод”, “инсанга багытталган билим берүү”, “балдардын укугун коргоо” -деген шылтоо менен балдарга чексиз эркиндик берүүгө жол ачылды, бул жагдай көйгөйдүн дагы бир булагы болду. Интерактивдүү метод, инсанга багытталган окутуу, балдардын укугун сыйлоо орду, чеги менен керек, бирок аны абсолютташтыруу көйгөйгө айланат. Укугун абдан жакшы билген, милдетин билбеген балдар пайда болду. “Балдардын, адепсиздигине тыюу, чектөөлөр аз болгондо көйгөйлөр көбөйөт, орундуу тыюу үчүн балдар ыраазы болушат”, – дейт немец педагогу Я.У. Рогге. Азыр бирөөлөр бөпөлөнүп, башкалары кароосуз калуудан да көйгөйлөр көбөйүүдө.

Кыргыз адабиятындагы (айрым жерде) ырайымсыздыкка орун берилиши да көйгөйдүн себеби болду. Т. Касымбековдун “Сынган кылычында” Шералыны хан көтөрүш үчүн жесир аялдын жетим баласы курмандыкка чалынган. “Манас” эпосунда Чоң казаттан кийин кыргыздын жетим, жесир калгандардын көйгөйү көбөйгөн. Каныкей баласын аман сактап калуунун айласын издеп, Чыйырды экөө түн ичинде Бухарага качкан. Кыргыздын тарыхындагы айрым ырайымсыздык (монгол-татар чабуулу, үркүн, репрессия ж.б.) элдин менталитетине терс таасирин тийгизген. Азыркы мезгилде балдар үйүндө чоңоюп жаткандардын көйгөйлөрүн чечүү – чоң маселе болууда. Кыргыз маданиятында карылар үйү, балдар үйү, аракечтерди соолуктуруучу үйү деген түшүнүк болгон эмес. Мектептердеги көйгөйлөрдүн чечилбегендиги жаңы түшүнүктөрдү пайда кылды. Демек, элдик педагогикага жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй келе жатат.

Кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгүнө А.Б. Алдашева өз изилдөөлөрүндө көңүл бөлүп, аялдардын дүйнө таанымы, баалуулуктары, багыттары кыргыз элиндеги саясый, экономикалык, идеологиялык мамлекеттик программалардын өзгөрүшүнө таасирин илимий негизде баяндаган. А.Р. Бекбулатованын (Социально-культурный облик кыргызских сельских женшин в 80-годов XX века. Автореферат. дисс. к.философ.н. Бишкек.2003.) этносоциологиялык изилдөөлөрүндө кыргыз аялдарынын жашоо образын, турмуш-тиричилигинин, билим деңгээлинин өзгөрүшү элдин каада-салтынын социалдык-маданий турмушуна таасири тийип жаткандыгы баса белгиленет [7]. Көйгөйлөрдүн көптүгүн эске алсак, демек мурдагы (советтик) тарбиялык системада кыздар тарбиясына жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй калган, – деген тыянак чыгарууга болот.

Дж.Жусупбековдун (Основные уровни этнической идентичности намадов: социально-философский анализ. Автореферат. дисс. д.философ.н. Бишкек. 2010.) философиялык диссертациясында кыргыз элинин ойломунда этникалык идентивдүүлүгү жашаган жер шартына, билим деңгээлине, мамлекеттин жүргүзгөн саясатына, экономикалык абалына ж.б. факторлорго жараша өнүгүп, о.э. көйгөйлөр пайда болору белгиленген [14].

Окуучулардын адеп-ахлагынын калыптанышында элдин баалуулуктарынын, каада-салтынын, улуттук тилдин этимологиялык өзгөчөлүгүнүн, мамлекеттин мыйзамдарынын, идеологиясынын, диний ишениминин, дүйнөлүк маданияттарга алака-мамилесинин, билим берүү деңгээлинин, өлкөнүн экономикалык-саясый абалынын шартына байланышы болот. Көйгөйдүн көптүгү башка маданияттардын баалуулуктарын кабыл алуу мезгилинде кыргыз маданияты менен башка маданияттардын ортосундагы келишпестик пайда болгондо “маданий шок” (англис окумуштуусу К.Обергомдун психологияга киргизген термин) пайда кылат. Башка маданияттагы моралдык эрежелерди аткаруу менен өз маданиятындагы моралдан баш тартуу жашоо-тиричилигине терс таасир этип, өз багытын (ориентациясын) жоготууга алып келет. Окуучулар башка маданияттын эрежесине өткөндө уйкусу качып, психикалык тең салмактуулукту жоготот,  “маданий мазмундагы ой басат”, өзүнөн-өзү санаага батат. Көнгөн тартиптен, шарттан ажырашуу менен окуучу досторунан ажырайт, курчаган чөйрөдөн рухий жактан алыстайт, коомдогу статусу олку-солку болуп, депрессивдүү абалга келет. Жанындагыларга карата жек көрүү сезими пайда болот, мурдагы баалуулуктар наркын жоготот, окуучу тынчсызданат, коркуу сезими пайда болот, өзүн ыңгайсыз сезет, кайгырат, курчаган чөйрөгө таасир этүү кыйын болот. Биздин мектептердеги көйгөйлөрдүн көптүгү окуучулардын Батыштын, Чыгыштын (кытай, индус ж.б), секталардын идеологияларын кабыл алуусу менен байланышы да бар. Советтер Союзунун убагында да мынча көйгөйлөр болгон эмес. Кытайлыктарда: “Доор өзгөргөн мезгилде жашап кал” деген сөз эң жаман каргыш катары таанылат. Биз кылым тогошкон, саясат өзгөргөн мезгилде жашап жатабыз.

Педагогика илиминде коомдук экономикалык формация өзгөргөндө баалуулуктардын өзгөртүшү да көйгөйлөрдүн көбөйүшүнө түрткү болот деп ырасталат. Советтер Союзунда жазылган педагогикалык адабияттардын тарбиялык иштер боюнча актуалдуулугу өтүп кеткен нерселери азыр аз эмес. Бизде “сыясы кургай электе” актуалдуулугу өтүп кеткен китептер  бар. 10 кылым мурда жазылган Ж.Баласагындын “Кут алгы билим” – деген китебин окусаңыз, бир да сүйлөмүнүн актуалдуулугу жоголгон эмес. Демек, ал түбөлүктүү баалуулуктардын системасын өздөштүргөн, методологиялык платформасы бекем. “Кут алгы билим” чагатай тилинде жазылган, б.а. бардык түрк тилдүү элдер 10 кылымдан бери окуп келе жатышат. Бирок ага бир да сын-пикир айтылбай келатат.

Көйгөйдүн себебин табуу – анын дабасын табуунун жарымы. Окуучулар туура, бирдиктүү баалуулуктарды таанығында көйгөйлөр азаят. Азыр Батыш өлкөлөрүнүн педагогдору маданияттарды аргындаштыруу

боюнча эмгектенип жатышат, о.э. башка маданияттагы элдерди өзүнө адаптацияланышына көмөк көрсөтүп жатышат. Эмне үчүн? Башка маданияттагы баалуулуктарды өздөштүрүү үчүн. Алар Чыгыш маданиятынын наркын эми түшүнүштү. Чыгыш элдери дайыма өнүгүү жолунда жашап келген, Батыш элдери өнүгүү токтогондо крест чабуулун жасап келген.

КРда БӨУдардын (НПО) Батыштын сексуалдык тарбиясы боюнча "тарбия сааттары" көйгөйлөрдүн бири болду. Биз алардын тарбиясы менен Ата Мекендик педагогикадагы үй-бүлөлүк тарбиянын айырмачылыгын изилдедик, билим берүү, илим-техника, технология боюнча Батыштын артыкчылыгы бар, тарбиялык маселелерде Ата Мекендик педагогиканын, этнопедагогиканын арыкчылыгы бар.

Көйгөйлөрдүн себебин аныкташ үчүн 50 мугалимден сурамжылоо ишин жүргүздүк. "Ата-энелер балдарынын тарбиясына жеткиликтүү көңүл бөлбөйт", – деп эсептегендер – 30%, "Ата-энелердин социалдык-экономикалык көйгөйү балдарга таасир этип жатат, ошондуктан стабилдүү тартип жок" – дегендер – 28%, "Окуучулар негативдүү коомдорго (секталарга, зыяндуу компьютердик оюндарга, кечки клубга ж.б.) кирип жатат", – дегендер – 15%, "Тарбияланышы кыйын балдардын ата-энеси менен иштөө кыйын", – деп эсептеген мугалимдер – 17%, интернеттин, Батыштын субективдүү маданиятын тууроонун, ЖМКдагы негативдүү маалыматтардын ж.б. терс таасири тийип жатат", – дегендер – 20%.

Ушул эле суроо менен 50 ата-энелерге кайрылдык. 25% ата-энелер мугалимдердин тарбиялык иштерге жеткиликтүү көңүл бөлбөгөнүн белгилешти. Педагогдордун кесиптик деңгээли төмөндөп кеткендигин белгилегендер – 22%, педагогдордун моралдык сапаты төмөндөп кетти", – деп ырастагандар – 18%, ата-энелердин 35% тарбиялык ишке маани бербегендигин мойнуна алышат.

В.И. Ульянов: "Экономикалык системалардан капитализмди, саясый системалардын ичинен либерализмди, байлардын кызыкчылыгын колдогон, кедейлерди кордогон система, анткени анда адамдын руханий дүйнөсүн байыткан эч кандай функция жок ", –деген. Чайкоочулуктун натыйжасында нечендеген адамдар рухий жактан алдан тайып, психологиялык проблемалар көбөйдү. Азыркы окуу китептерде либерализм менен капитализмдин ырайымсыз саясатын колдогон тексттер бар. Теория жүзүндө балдарга ырайымдуулукка үйрөтүүчү тексттер гана берилиш керек, кээде практика теория менен эсептешпей калууда. Теория менен практикадагы ажырым адамдарды стресске дуушар кылууда. Алардын таасири окуучуларга да тийүүдө.

"Мамлекеттүүлүктү сактоонун зарыл шарты – ич жактан бекем болуп, эч ким акча, алтын, күмүшкө (дүнүйөгө) сатылбай, күнүмдүк кумарга, чет элдик жаранга алданбай, "махабатка" эмес, чет өлкөлүк идолго сыйынууга эмес, индивидуалисттик өзүмчүл прогматикага эмес, Мекенге патриоттук сүйүүгө, эли жерине берилгендикке, улуттук баш кошкондукка, бийик жарандык аң-сезимдүүлүккө тарбиялаш керек" (С.О. Байгазиев) [8]. Ошондо көйгөй азаят.

Эми 8-класстарда бул көйгөйлөрдү кантип чечүү керек? Башка маданияттардын оң-терс жактарын түшүндүрүп, көрсөтмө берүү керек. Башка маданияттарды өз маданиятыбыз менен салыштырып үйрөтүү керек. Америкалык психолог Г.Триандс: “Талкуу учурунда эки маданияттын жакшыраагы аныкталат” – деген. Жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдүн себебинен кутулуу керек. Окуучуларга көйгөйдүн көзүн таануу көндүмүн өнүктүрүп, адабияттарды тандап окуу табитин өркүндөтүү зарыл. Нускалуу кеп-сунуштарды айтуу сыяктуу мугалимдин милдети жеңил сезилгени менен, анын көтөргөн жүгү, өтөгөн милдети абдан оор. Элдик педагогикада мугалимдин үлгү болуусу, санат-насаат айтуусуна караганда маанилүү, акыл берүүчү сөз, сабак болуучу икаяларга көңүл бөлүү керек. Санат – адамдын жашоосундагы түбөлүктүү, түпкүлүктүү, көөнөрбөс дөөлөттөрдү, турмуштук эреже-жоболорду насыяттап, адам акылынын, өнөрүнүн, адебинин, адамга мамилесинин өрнөгүн туюнтуп турат. Санаттарда ар бир адамга, окуяга, көрүнүшкө иш-аракетке, кырдаалга карата “автордук” философиялык мамиле жасалып, “коомдук” моралдык-этикалык жыйынтык чыгарылат.

## Өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүн чечүүдө диагноздоонун ролу

Окуучулардын көйгөйлөрүн чечүү жана мектептеги проблемалардын санын азайтуу үчүн тарбиялык иштердин оптималдуу жолдорун издөө керек. Тарбиялык иштерди оптимизациялоо, окуучулардын өнүгүү деңгээлин жогорулатуу диагноздоодон башталат. Анткени педагог окуучулардын абалын, өнүгүүсүндөгү өзгөрүүнү билбесе, ишти пландаштырууда, ишинде оптималдуу мазмунду, усулду таба албайт. Диагноздоо (грекче.dia-ачык, gnosis-билим) деп – окуу-тарбия процессинин абалын аныктоо, иштин жүрүшүн, натыйжасын, тартиптин абалын, окуучулардын мүмкүнчүлүгүн, жөндөмүн, кызыкчылыгын, талантын, окуучуларга түзүлгөн шартты ж.б. аныктоону аташат. Диагноздоосуз тарбия процессин натыйжалуу уюштурууга, башкарууга, жакшы жыйынтык алууга, окуучуларга өнүгүүгө оптималдуу шарт түзүүгө мүмкүн эмес. Диагноздоонун максаты – тарбиялык процесстин жүрүшүн баалоо, айрым кемчиликтерди, ийгиликтерди ачуу, натыйжалуулугун өз убагында аныктоо жана анализдөө, өз убагында оңдоо-түзөтүү иштерин жүргүзүү. Диагностиканын методдору – көзөмөлдөө, сурамжылоо, анкета, статистикалык маалымат чогултуу, аларды анализдөө, тенденцияларды байкоо, процесстин келечегин божомолдоо, окуучулардын өсүшүн изилдөө, тарбиялык иштердин жүрүшүндөгү динамикасын ачуу ж.б. Окуучулардын окуудагы жетишкендигин, билимин билгичтигин, көндүмүн, физикалык өнүгүшүн баалоо оңой. Тарбиялык абалды, рухий, социалдык өнүгүүнү диагноздоо кыйын. Азыркы педагогикада колдонулуп жүргөн методикалар эпсиз көп мээнетти талап кылат, татаал, бирок дайыма эле так корутунду чыгарууга мүмкүндүк бербейт.

Окуучулардын өнүгүшүн диагноздоонун методикасын билиши – педагогдун кесиптик даярдыгынын маанилүү компоненти. Окуучулардын акыл аракетин, жүрүм-турум мотивациясын, тырышчаактыгын, дүйнө таанымга умтулуусун, билимге талабын, сезимталдуулугун, зээндүүлүгүн ж.б. сапаттарын өзүнүн ишинин абалын диагноздоонун өтө көп колдонулуп жүргөн методу – тест алуу.

К.Д.Ушинский: «Эгерде окуучунун телегейи тегиз болуп чоңоюшун кааласаңыз, анда аларды ар тарабынан изилдеп билиш керек, аны үчүн алардын абалын диагноздоо зарыл», – деген [46]. Диагностикасыз медицина оорунун мүнөзүн билмек эмес, анын себебин, белгилерин убагында билүү – дарылоонун туура методун табууга түрткү болот. Туура эмес диагноз врачтын ишин оор кылганы аз келгенсип, оорулуунун сакаюга мүмкүнчүлүгүн азайтат. Ошол эле сыяктуу окуучуларда рухий өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн азыркы абалын так, даана билиш керек, ал педагогдон жогорку квалификациялуулукту, жоопкерчиликти талап кылат. Педагогикада окуучулардын жалпы өнүгүшүн, сапаттарын аныктоого атайын тесттер бар. Ишенимдүү жыйынтык алуу үчүн комплекстүү изилдөө жүргүзүшөт: ден соолугунун, социалдык, психологиялык абалын аныктоо, клиникалык-лабораториялык атайын адистердин изилдөөсүн талап кылат. Реалдуу педагогикалык, психологиялык практикада төмөндө биз сунуш эткен методика менен изилдешет, бирок муну комплекстүү изилдөө деп атоого болбойт. Булар баланын өнүгүшүнүн компоненттерин толук ача албайт [40].

## Класстан тышкаркы иштердин натыйжалуулугун баалоо

Ар бир мектепте тарбиялык иш-чараларды өткөрүп жаткандыгы көзөмөлдөнөт. Класс жетекчилер предмет боюнча сабак берген мугалимдер, администрация менен бирдикте класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруп, ал иш-чаралардын мазмундуулугун, даярдалышын ж.б. анализдешет. Бирок ага көбүнчө администрация гана катышып калган учурлар болот. Кээде администрация менен педагогдор өткөргөн иш-чаранын кемчиликтерин гана айтып, ал эми класс жетекчи менен окуучулар жамаатынын жетишкен ийгиликтери жок сыяктуу айтылбай калат. Администрациянын класс жетекчиге мындай мамилеси аны чүнчүтөт. Мугалимдерди чүнчүтпөгүлө, ансыз да алардын иши оор, биринчи анын ийгилиги айтылып, анан кемчилигин оңдоого кеңеш берилсе, алар таарынышпайт. Класстан тышкаркы иштерди төмөнкү пункт боюнча анализдеш керек:

1. Иш-чаранын жыйынтыгы кандай, ал максатына жеттиби, тема менен текст дал келеби?
2. Иш-чаранын мазмуну окуучулардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык тандалганбы?
3. Окуучулардын жекече өзгөчөлүгү эске алынганбы?
4. Класстан тышкаркы иш-чараны уюштуруу деңгээли кандай?
5. Иш-чараны уюштурууда убакытты оптималдуу пайдалануу жагы ойлонулганбы?
6. Класстан тышкаркы иш-чаралар системалуу уюштурулабы же бири-бирине байланышсыз, чаржайыт, анда-санда уюштурулабы?
7. Окуучулардын класстан тышкаркы иштерге мамилеси туруспу?
8. Класстагы бардык (же көпчүлүк) окуучулар ага катышабы?
9. Эң активдүү окуучулар ким, алар менен кандай иш жүргүзүү керек?
10. Кайсы окуучулар жүрүм-туруму коркунучтуу балдардын тобуна кирет, алар менен кандай иш жүргүзүү максатка ылайык?

11. Өткөрүлгөн иш-чара окуучуларды кандай эмоцияга алып келди?
12. Жамааттагы психологиялык абал дуруспу?
13. Иш-чаранын ийгиликтүү жактары кайсы, кемчилиги кайсы, аны кантип оңдоо керек?
14. Класстан тышкаркы иштердин анализинин жыйынтыгын 10 баллдуу система менен баалап, төмөнкү таблицага толтуруп койсо, кийинки жылы класс жетекчинин ишиндеги динамиканы (өсүшүн же төмөндөшүн) байкоого мүмкүндүк берет.

| Критерийи | 2019-жылдагы баллы | 2020-жылдагы баллы |
|---|---|---|
| Теманын курак өзгөчөлүгүнө ылайыктуулугу | | |
| Иш-чаранын максатка, жакшы натыйжага жетиши | | |
| Мазмунга жараша форма-методун тандашы | | |
| Окуучулардын уюшулгандыгы | | |
| Окуучулардын активдүүлүгү | | |
| Психологиялык атмосферасы | | |
| Иш-чаранын окуучуларга эмоционалдык таасири | | |
| Класстык тарбиялык системада өткөрүлгөн иш-чаранын маанилүүлүгү | | |
| Убакытты оптималдуу пайдаланышы | | |

Аягында төмөнкүлөр жазуу түрүндө белгиленсе, диагностика толук болот:
– иш-чаранын жетишкен ийгилиги;
– айрым кемчиликтерин оңдоого карата сунуштар;
– окуучулар менен иштөөдө класс жетекчи эмнеге көңүл бөлсө, иштин натыйжалуулугу жогоруламак.
Окуучулардын өзү-өзүнө, классташтарына баа берүүгө мүмкүндүк берилет. Окуучуларга таасирдүү болуш үчүн төмөнкү жоболорду толтуруш керек.
1. Бүгүнкү иш-чарадан мен ... пайдалуу нерселерди үйрөндүм.
2. Өзүмдө ..., жамаатта... туура аракетти, ... кемчиликти байкадым.
3. Кийинки иш-чараларды өткөрүүдө классташтарыма... өзүмө ... өзгөрүү керек деп ойлойм.
4. Мен ...билгичтикке ээ болуш үчүн ... жардамга муктажмын ...ишти аткарууга дилгирмин.

## Тарбиялык процесстин натыйжалуулугун баалоо

Тарбиялык процесстин натыйжалуулугу педагогдун алдына койгон максаты менен божомолдогон натыйжасы, реалдуу жетишкендигинин катышы аркылуу аныкталат, б.а. пландаштырган натыйжага жетишсе, педагогикалык процесс натыйжалуу болуп саналат. Тарбиялык процесстин натыйжалуулугун баалоо

үчүн төмөнкү көзөмөлдөөчү, оңдоочу (корректировкалоочу) милдеттерди аткаруу керек:

1. Тарбия процессинин реалдуу абалын ачып көрсөтүү менен, алдыга койгон милдеттерди аткардыбы, максатына жеттиби, класс жетекчи иштеп чыккан критерийлердин негизинде  көрсөткүчтөрдү текшерет, баа берүү педагогикалык анализ аркылуу жүзөгө ашат.
2. Тарбиялык процессте кандай өзгөрүү болгондугун аныктайт, иштин натыйжасына таасир этүүчү ар кандай каражаттарды (жетиштүүбү же...), шарттарды текшерүү керек.
3. Тарбиялык процесстеги динамиканы аныктап, мындан ары аны өркүндөтүү жолдорун, мүмкүнчүлүктөрдү жана каражаттарды издөө керек.
4. Тарбиялык иштер окуучулардын шыгын өнүктүрүшү үчүн жамааттын педагог менен мамилесинин жакшырышын, оң таасирин тийгизүүсүн аныктоо керек [40].

Педагогикалык теорияда жана практикада тарбиялык процесстин натыйжалуулугун билүү (текшерүү) кыйын маселе. Анткени балдар жалаң мектептин тарбиялык таасири менен чектелбейт. Ошого карабастан балдардын учурдагы абалын баалоо керек, болбосо, чаржайыт «өнүгүү» башталат.

Бардык мектептердин тарбия процессинин натыйжалуулугун аныктоо критерийи болобу? Азыркы педагогикалык адабияттардын абалына караганда болбойт, анткени педагогикалык концепциялардын негизги идеясына ылайык ар бир мектептин тарбия системасынын өнүгүү этабы ар башка болот. Ар бир мектептеги тарбиянын максатына жараша критерийи болот. Тарбиялык иштердин абалын анализдөөгө, өзүн-өзү баалоого педагогдордун инструментарийи (тест) болот. Алар балдарга жана чоңдорго жеткиликтүү, түшүнүктүү, айкын болушу керек. Тарбиялык процесстин натыйжалуулугун изилдеген учурда мурдагы абалы менен салыштырмалуу көрсөткүчтөр кээде жакшыраак кээде начар болуп чыгат.

Тарбиялык процесстин натыйжалуулугу кантип изилденет? Педагогикалык байкоо жүргүзөт, колдонгон методикасын изилдейт, сынактын башында жана аягында анкета толтурулуп, анализ жүргүзүлөт. Окуучулардын тартиптүүлүгү кантип изилденет? Окуучулардын тартиптүүлүгүн билүүнүн, жамааттын ынтымактуулугун диагноздоонун маанилүү компоненти – тарбиялык иштерди уюштуруу аспектилерин изилдөө эсептелет. Аң-сезимдүү кесип тандоосу, азыркы шартка ылайыкташуусу, тарбиялык ишке катышы, өз милдетин билиши, ишти пландаштыруусу ж.б. сурамжылоо, байкоо аркылуу көзөмөлдөнөт. Окуучунун тартиптүүлүгүнүн көрсөткүчү кайсылар? Көз карашы билимге негизделген, ынанымы туура, баалуулуктарды өздөштүргөн, багыты максаттуу, аракетинин мотиви жакшылык кылууга негизделген, кызыкчылыгы билим алууга, адам болууга, иш бүтүрүүгө, иштин көзүн табууга арналган, таламдары жүйөлүү болот, социалдык активдүүлүктүн жолдорун табат, темпи чөйрө менен гармониялуу болот.

Окуучунун багытынын үч негизги түрүн бөлүүгө болот: алар «өзүнө», «объектке», «башка адамга». Өзүнө көңүл бөлөт деп – ден соолугуна караган, бир же бир нече ишке кызыккан, билимдерди кызыгып өздөштүргөн баланы айтабыз. Башкага жардам берүүгө умтулган баланын достору, туугандары көп

болот, жамандыктан оолак жашайт. Объектке көңүл бөлгөн бала жаратман эмгекке, китепке, бир нерсеге алагды болот.

Окуучулардын тартиптүүлүгүнүн, биримдүүлүгүнүн көрсөткүчү болуп кандай сапаттар эсептелет? – деген суроого окумуштууларда бирдей пикир жок. Айрым окумуштуулар муну айтууга мүмкүн эмес деп ырасташат. Анткени азыр ар кандай типтеги мектептер бар, ар бир мектеп бүтүрүүчүлөрдүн моделин (образын), өзү аныктоого укугу бар, ага талаптары ар кандай болууда. Жалпысынан жогорку баалуулуктарга интеграциялаган мамилелердин катарын атаса болот деп эсептешет: адамга, эмгекке, мектепке, эң жакшы нерсеге, табиятка, өзүнө мамилеси жакшы, социалдашууга жөндөмдүү, жүрүм-турум адеби жакшы баланы тартиптүү деп аташат. Окуучунун тартиптүүлүгүнүн көрсөткүчү болуп, адептүүлүгү, кылык-жоругу, мүнөзү жана кылган иши эсептелет, анын аракети натыйжалуу болуш керек. Мисалы, сентябрдын башында класс жетекчи кабинетти жасалгалоого, мектепти тазалоого жардамга чакырганда 5-10 бала келсе, тарбия процессинин абалы начар. Дагы бир мисал келтирели: класс кече өткөргөнү жаткан. Башталгыч класстын мугалими ооруп калыптыр, шкафты жылдырууга жардам керек, балдарды экскурсияга алып чыгыш керек, кечени токтотуп, кичүү балдарга жардам берүү керек болуп калды, мындай жагдайда окуучулардын маанайынын өзгөрүшү алардын тартипсиздигинин көрсөткүчү болот.

Окуучулардын иш-аракетке даярдыгын билүү үчүн:

– ылдыйкы класстын балдарына жардам берүүгө;

– өзүнүн талантын көрсөтүүгө;

– жамаат менен мамиле түзүп, бир маселени чечүүгө тапшырма берүү керек.

Окуучунун багытынын туура же туура эместигин аныктоо үчүн жазылып бүтпөгөн тезис сунуш этүү абзел. Сүйлөмдү толуктап бүтүрүш үчүн 15-20 секунд убакыт берилет. Мисалы: Адам бактылуу болуш үчүн… Жакшы мектептерде дайым… Эгерде кенч (дүнүйө) таап алсам, … Эгерде менин колуман келсе,… Жашоодо эң маанилүү нерсе…, … мунсуз өмүр сүрүүгө болбойт.

Бул сүйлөмдөр аркылуу окуучулардын: а) индивидуалисттик же коллективисттик; б) материалдык же рухий; в) чөйрөгө карата жакшы же жаман мамилеси; г) жаратман эмгекке же бүлдүрүүгө багытталгандыгы аныкталат.

Окуучулардын мүнөзүн, баалуулуктарын аныкташ үчүн төмөнкү анкетаны сунуш этүү керек. Эмне үчүн сабакка кечикпей келүү керек? Сенин барынан жаман көргөн нерселериң (10 сүйлөм жаз). Бош убактыңды кантип өткөрөсүң? Сен үчүн өтө маанилүү үч каалооң кайсылар?

Окуучунун жетектөөчү мотивин аныктоо үчүн төмөнкү суроону коюу менен бир нече багытын билүү керек. Иш-аракеттердин кайсынысы көңүлүңдү бурат?

1.Кызыктуу иш.

2. Ар кандай адамдар менен мамиле түзүүгө мүмкүндүк.

3. Жолдошторго жардам берүүгө мүмкүндүк.

4. Өз билимимди башкага үйрөтүүгө мүмкүндүк.

5. Чыгармачылыкка мүмкүнчүлүк.

6. Жаңы билим алууга, көндүмгө ээ болууга мүмкүндүк.

7. Башкаларды башкарууга мүмкүндүк.

8. Жамааттын ишине катышууга мүмкүнчүлүк.
9. Жолдоштордун урматына ээ болууга мүмкүнчүлүк.
10. Башкаларга жакшылык кылууга мүмкүндүк.
11. Башкалардын арасынан бөлүнүүгө мүмкүнчүлүк.
12. Айрым терс мүнөзүмдү ондоого мүмкүндүк.

Буга төмөнкү шкаланы колдонуу керек: 0 – такыр көңүлүмдү бурбайм, 1 – бир аз көңүл бурам, 2 – көңүлүмдү бурам, 3 – өтө көп көңүл бурам.

Натыйжасын аныктоо: коомдук мотив (3,4, 8,10), өздүк мотив (1,2,5,6,12), кадыр баркка ээ болуу мотиви (7,9,11). Ар бир блоктун орточо баасын салыштыруу аркылуу окуучунун иш-аракетинин басымдуу мотиви аныкталат.

Тарбиялык процесстин натыйжалуулугун баалоо үчүн окуучулардын бир нече жылкы көрсөткүчүн төмөнкү таблицаны толтуруп салыштыруу керек.

| Методикалык аталышы | 8-кл.2019-ж | 9-кл. 2020-ж. | 10-кл. 2021-жыл | 11-кл. 2022-жыл |
|---|---|---|---|---|
| Эркин тандаган учур:<br>өзүнө карайт,<br>башкаларды карайт,<br>башка багытта. | | | | |
| Өз эрки менен иш аткаруу:<br>мектепке пайдалуу иш,<br>кичүү балдарга пайдалуу иш,<br>өзү үчүн пайдалуу иш. | | | | |
| Мотивдерине карай:<br>коомдук мотив,<br>өздүк мотив,<br>кадыр баркка умтулуу<br>үстөмдүк кылат. | | | | |
| Жазылып бүтө элек тезис:<br>социалдык баалуу багыт,<br>социалдык негативдүү багыт,<br>анык эмес багыт. | | | | |

### *Тарбиянын натыйжалуулугун баалоонун критерийлери*

Тарбиялык процесстин натыйжалуулугу деп – мугалимдин жана окуучунун аз энергия жана убакыт сарптоо менен жогорку жыйынтыкка жетишкен процесси түшүнөбүз. Буга тарбиялык маселенин чечүүнүн көп жолдорунун ичинен оптималдуу вариантын табуу жана реалдуулукка ылайык педагогикалык каражат тандоо өбөлгө болот. Тарбиянын натыйжалуулугу деген жөн эле педагогдун ишин жакшыртуу эмес, а илимий жол менен изденүү аркылуу тарбиялык иш-аракеттердин оптималдуу вариантын түзүү. Тарбиялык иштердин натыйжалуулугунун критерийлери төмөнкүлөр:

– окуучулардын адептүү жүрүм-турумга көнүккөндүгү;
– бири-бири менен туура мамиле түзүп, ынтымактуу эмгектениши;

– окуучулардын өзүн өзү башкаруусу системага салынгандыгы;
– класстан тышкаркы иштердин системалуу иштеши;
– окуучулардын шыгы, жөндөмү, мүмкүнчүлүгү, кызыкчылыгы эске алынып, предметтик, техникалык, спорттук, көркөм өнөргө ж.б. үйрөтүүчү ийримдерге, секцияларга, клубдарга катышуусу;
– окуучулардын ички дүйнөсүнүн тынчтыгы, негативдүү сезимдерге караганда позитивдүү сезимдердин үстөмдүк кылышы;
– аң-сезиминин жогорулугу, өз проблемаларын өзү чече билиши, жоопкерчилиги, калыстыгы ж.б.

## Педагогикалык процесске катышууда окуучулардын өз ара мамилесин диагноздоо

Тарбия процессинин натыйжалуулугун өлчөөнүн маанилүү критерийлеринин бири – тарбия иштерине катышуучулардын өз ара мамилеси эсептелет. Психологияда жана педагогикада аны аныктоо методикасы жана көрсөткүчү аныкталган. Жамааттын өнүгүүсүнүн маанилүү мүнөздөмөсү – социалдык-педагогикалык климат (шарттар) төмөнкү көрсөткүчтөр аркылуу текшерилет:
– жамааттын мүчөлөрүнүн өз ара мамилеси, окуучулар менен жетекчинин уюштуруу иш-аракетине канааттангандыгы;
– маанайынын (көбүнчө) жакшылыгы;
– жетекчи менен баш ийгендер, улуу менен кичүүлөр, балдар менен чоңдордун өз ара бири-бирин түшүнүүсү;
– окуучулардын өзүн өзү башкаруусунун өнүгүү деңгээли;
– жамааттын мүчөлөрүнүн коомдук ишке катышы;
– окуучулардын ынтымактуулугу, биримдиги, жемиштүү аракети;
– жамааттын мүчөлөрүнүн нарктуулугу, кишинин кадырын билиши, абийирдүүлүгү, сезиминин позитивдүүлүгү, коллектив үчүн сыймыктануусу,
– окуучулардын баарынын корголгондугуж.б.

Жамаат өнүгүп (өнүкпөй) жаткандыгын мүнөздөөчү негизги мүнөздөмөсү, анын мүчөлөрүнүн өз ара мамилесинин жакшы (начар) абалы эсептелет. Окуучулардын өз ара мамилеси текшерилет. Мугалим-окуучу, окуучу-окуучу, педагог-педагог, улуу-кичүү, ата-эне-педагог, ата-эне-окуучу, ата-эне-ата-эне мамилелери жакшы болуш керек.

Жамааттын өнүгүп жаткандыгын окуучулардын өзүн-өзү башкаруусунун педагогикалык топ менен тыгыз байланышта аракеттенип жаткандыгы аркылуу байкалат. Жамааттын ишинин натыйжалуулугун диагноздоо үчүн тарбиялык иштердин бардык аспектилери эске алыныш керек. Уюштуруу процесси, педагогдун колдонгон методикасы, байкоосу, жамааттын өз алдынчалыгы ж.б.

***Жамааттын мамилесин диагноздоо*** (1-тиркеме)

Максаты: жамааттын өз ара аракетине окуучулардын канааттануусун ачуу. Окуучуларга алты ырастоо сунуш этилет. Анын пикири менен дал келген ырастоонун номерин көрсөтүш керек. Мисалы, жамааттын ынтымактуулугун, биримдигин же чыр-чатак менен жашап жаткандыгын аныкташ үчүн төмөнкү ырастоолорду сунуштоо керек:

1. Биздин класс ынтымактуу, биримдиги бекем.
2. Биздин класс ынтымактуу.
3. Биздин класста талаш-тартыш болбойт, бизди чыр-чатагы көп класс деп атоого болбойт.
4. Кээде биздин класста талаш-тартыш болот, бирок бизди чыры көп жамаат деп атоого болбойт.
5. Биздин класстын ынтымагы жок, талаш-тартыш көп чыгат.
6. Биздин класстын ынтымагы такыр жок, мындай класста окуу кыйын.

Бул ырастоолор окуучулардын өз ара мамилесин, бири-бирине көмөктөшүп, кызматташуусун же анын жетишсиздигин ачат.

1. Биздин класста эсине салбай эле бири-бирине жардам берет.
2. Ар ким өз досторуна гана жардам берет.
3. Окуучу жардам сураса гана көмөк көрсөтүлөт.
4. Мугалим талап кылган учурда гана жардам берилет.
5. Бири-бирине жардам берүү адатка айланган эмес.
6. Бири-бирине жардам берүүдөн баш тартышат.

Белгилеген ырастоолор окуучулардын өз ара мамилесинин, жамааттагы абалынын көрсөткүчү болот. Жамааттын өнүгүү динамикасын аныктоо үчүн жыл сайын диагноздун жыйынтыгын төмөнкү таблицаны толтуруп, салыштырыш керек.

| Жамааттын өнүгүшүнүн көрсөткүчү (кашаанын ичинде методикасы көрсөтүлгөн) | 8-кл. 19/20 | 9-кл. 20/21 | 10-кл. 21/22 | 11-к 22/23 |
|---|---|---|---|---|
| Бөлүнгөн балдардын саны (социометрия) | | | | |
| Окуучулардын саны (% жамааттык мамиленин диагноздоо методикасынын жыйынтыгы, 1-тиркеме) | | | | |
| Окуучулардын өзүн-өзү башкаруусу (2-тиркеме) | | | | |
| Педагог үлгү болот деп эсептеген окуучулардын саны | | | | |
| Педагог менен окуучунун мамилесин оң деп эсептеген окуучулардын саны | | | | |
| Башталгыч класста жардам берип, иштеген окуучулардын саны | | | | |

***Окуучулардын өзүн-өзү башкаруусунун өнүгүүсүн диагноздоо*** (2-тиркеме)

Л.И. Уманский: “Жамаатта эң маанилүү нерсе – анын социалдык-психологиялык жетишкендиги”, – деп эсептеген. Жамааттын өнүгүүсүнүн критерийи катары ал төмөнкүлөрдү бөлгөн:

1. Жамааттын багыты – (ичиндеги) топтун багыты менен дал келиши. Топтун багыты деп – балдардын социалдык баалуулуктарын, максатын, иш-аракетинин мотивин түшүнөбүз. Топтун аң-сезиминин негизин – алар аныктаган туура багыты, гумандуулугу, жакшы мамилеси эсептелет. Антигумандуу же ар башка

багытта, мамилеси начар болсо, топ социалдык бирикмеге айланат. Мында топтун лидеринин позициясы негизги ролду ойнойт;
2. Жамааттын өзүн-өзү башкарууга жөндөмдүүлүгү;
3. Өз алдынча биргелешип аракеттенүүгө даярдыгы, чыгармачыл деңгээли, компетенттүүлүгү.

Жамааттын өнүгүшүнүн көрсөткүчү болуп, интеллектуалдык, эмоционалдык, эрктик коммуникативдүүлүгү (байланышы, мамиле түзө билиши) эсептелет. Интеллектуалдык коммуникативдүүлүгү деп – жамааттын иш-аракетинде биринин аракетин экинчиси айттырбай кол кабыш кылышын, өз ара түшүнүшүн аташат. Эмоционалдык коммуникативдүүлүгү деп – элдик акылмандуулуктун негизинде эмоционалдык мүнөздөгү өз ара мамиле түзүшүн түшүнөбүз. «Бөлүшкөн кубаныч – эки кубаныч, бөлүшкөн кайгы – жарым кайгы», – деп айтылат элде. Эрктик коммуникативдүүлүк деп – кыйынчылыкка туруштук берүү, стресске туруштук берүү жөндөмүн, экстремалдык шартта ишенимдүүлүгүн аташат. Жамаат дайыма өсө албайт, кээде өсөт, кээде төмөндөйт. Төмөндөсө окуучулардын арасында мамиле начарлайт. Жамааттын ар бир мүчөсү тарбиялык процесске катышса, объект да, субъект да болуп эсептелет. Жамааттын өсүшү карама-каршы пикирлерди жеңүүгө жана төмөнкүлөргө байланыштуу:
– топ, класс арасында ынтымактуулугу;
– артта калган балдар менен жөндөмдүү балдардын ынтымактуулугу;
– активдүү окуучулардын ынтымактуулугу;
– жамааттын, ар бир окуучунун келечеги жөнүндө камкордук көрүлгөндүгү;
– адептик жүрүм-турум нормалары менен жамааттын «жазылбаган мыйзамдарынын» каршы эместиги;
– окуучулардын баалуулуктары, багыты бири-бирине карама-каршы келбеши;
– тоталитардык башкаруу системасынан демократиялык башкаруу системасына өтүшү.

Жамааттын ар бир мүчөсү өзүнүн укугу менен милдетин жакшы билип, башкаруу бийлигине жоопкерчилик менен мамиле кылган учурда, жамаатка башкаруучу таасирдүү болгондо гана тарбия процессин оптимизациялоого болот. Окуучулардын өзүн-өзү башкаруусун жамааттык турмушка тартуу, коомдук маанилүү максатка жетүү үчүн ар кандай практикалык маселени кароо керек. Аны үчүн өз алдынчалыкка үйрөтүү, ар бир баланын өсүшүн камсыз кылган уюштуруу формасын тандоо керек.

Эми өзүн-өзү башкаруунун өнүгүүсүн ачуу методикасына токтололу. Ар бир окуучу төмөнкү үлгүнү толтуруш керек. Сүйлөмдөрдүн номери көрсөтүлгөн. Бул сүйлөмдөргө макулдугун билдиргендер төмөнкүчө бааланат: 4 – «ооба», 3 – «жок дегенден көрө ооба деген туура», 2 – «айтуу кыйын», 1 – «ооба дегенден жок деген туура», 0 – жок.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

1. Мен өзүмдүн классымдын эң жакшы болушуна жетишүү маанилүү деп эсептейм.
2. Класстын ишин өркүндөтүүгө сунуштарды айтам.
3. Өз жолдошторум менен класста кызыктуу иш-чараларды уюштурам.
4. Класстын жакынкы милдетин аныктоодо, иштин жыйынтыгын чыгарууда өз салымымды кошом.
5. Классыбыз өз алдынча ынтымактуу аракетке жөндөмдүү.
6. Биздин класста милдеттер окуучуларга текши бөлүштүрүлөт.
7. Класс активи жамааттын мүчөлөрүнүн арасында авторитетке ээ.
8. Класстын активи милдетин өз алдынча жакшы аткарып жатат.
9. Окуучулар өзүнүн коомдук милдеттерин ак ниеттүүлүк менен аткарышат деп эсептейм.
10.Чогулушта класстын активи кабыл алган чечимди өз убагында так аткарам.
11. Класстын алдына койгон милдетинин аткарылышына бардык күч-кубатымды жумшаганга аракеттенем.
12. Өзүмдүн жана жолдошторумдун кылган ишинин натыйжасына жооп берүүгө даярмын.
13. Мектепте чечилүүчү милдеттерди биз жакшы түшүнөбүз.
14. Мектепте уюштурулуучу иш-чараларга окуучулар көбүнчө катышат.
15. Биздин класстын окуучуларына мектептеги өзүн-өзү башкаруу органы ар кандай маселени чечүүгө жардам берет.
16. Менин жолдошторум жана мен мектептеги маселелерди талкуулап, чечүүгө жардам беребиз.
17. Мектептеги ар кандай маселелерди чечүүдө башка класстын балдары жана бирикмелер менен кызматташууга умтулабыз.
18. Менин жолдошумдун башка класстын окуучуларына кылган мамилеси мени канааттандырат.
19. Биз башталгыч класстын окуучуларына, башка жамаатка кыйынчылыгын жеңүүгө жардам берүүгө умтулабыз.
20. Өзүн-өзү башкаруу уюмуна шайланган балдар урматтоого татыктуу деп эсептейм.
21. Менин классташтарым жалпы жамааттын тапшырмасын ак ниеттүүлүк менен аткарышат.
22. Мектеп жамааты жогорку натыйжага жетишине аракеттенебиз.
23. Башка жамаатта жана коомдук бирикмелерде өз мектебибиздин кызыкчылыгын коргоого умтулабыз.
24. Мектептин ишинин натыйжалуулугун жогорулатууда өз жоопкерчилигимди билем.

***Натыйжасын иштеп чыгуу***. 24 сүйлөм 6 топко бөлүнөт. Бул система өзүн-өзү башкаруунун ар кандай абалын ачууга арналган.

1. Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу ишине катышы (1, 2, 3, 4).
2. Класстын жамаатынын уюшулгандыгы (5, 6, 7, 8).
3. Класстын бирдиктүү ишинин натыйжалуулугуна жоопкерчилиги (9, 10, 11, 12).
4. Мектептин башкаруу иштерине класстын катышы (13,14, 15, 16).
5. Жалпы мектептин турмушунда класстардын өз ара кызматташы (17,18,19,20).

6. Мектептин жалпы ишинин натыйжалуулугуна жоопкерчилиги (21, 22, 23, 24).

## Өзүн-өзү башкаруу жана анын иш-аракети

Мектепте өзүн-өзү башкаруу уюмунун иши окуучулардын демилгесинен, тартиптүүлүгүнөн көз каранды. Окуучуларды пайдалуу аракетке, турмуштук тажрыйбага көндүрүү бала кезден башталат. Ошондуктан өзүн-өзү башкаруу органы түзүлөт. Тилекке каршы, мектеп практикасында өзүн-өзү башкаруунун татаал түзүмү «ойлоп табылат», анан кайсы орган кандай милдетти аткарыш керек экендиги таңууланат. Ойлонуп табылган милдетти аткарган, аткарбаган окуучулар чогулушта сындалат. Мына ушинтип, мектепте формалдуулукка үйрөтүү башталат. Натыйжада "иштеп жаткандар" көп, өнүгүү жок турмушка көнүшөт. Мектептеги өзүн-өзү башкаруунун иш-аракетин көрүп, чогулуштарына катышып, ага катышкандар канчалык көп болсо, анын натыйжасы үчүн жоопкерчиликтүү балдар ошончолук аз болот экен деген жыйынтыкка келдик. (Көп суур ийин казбайт, ийин казса кенен казбайт). Натыйжада өзүн-өзү башкаруу органы "иштей" берет, мектепте рэкет, кылмыштуулук боло берет, көйгөйлөр топтоло берет.

Андан көрө класстын (жамааттын) маселеси кандай, аны кантип чечебиз, окуучулар кандай жардамга муктаж, кимдин кимге жардам берүүгө мүмкүнчүлүгү бар, талкуу жүргүзүлсө пайдалуураак. Чогулушта көп сүйлөө пайдасыз. Кыска, конкреттүү сүйлөгөн дурус. Жамааттын пикирин угуп, жыйынтык чыгарылат. Айрым учурда пайда болгон маселени чечүү үчүн убактылуу орган түзүлөт. Аны түзүүдө төмөнкүлөр эске алынат. Конкреттүү милдетти аткаруу белгиленет. Анын курамына ошол милдетти аткарууга шыктуу, демилгелүү балдар тандалат. Алар милдетин аткаргандыгы жөнүндө отчет берет. Милдетин аткарып бүткөн соң, органдын иши токтойт. Ошентип улам бир маселе чечиле берет.

Өзүн-өзү башкаруу органынын өнүгүүсүнүн үч маанилүү факторун бөлүүгө болот:

– маалымдуулук, балдарга класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүү боюнча ар кандай темада семинар өтүп, маалымат берүү керек;

– ишти өз убагында тез бүтүрүү, маселени чечүүнүн усулдары, иш-чараны уюштуруу, моделдештирүү көндүмдөрдү, билгичтиктерди калыптандыруу үчүн практикалык сабактар өтүлөт;

– башкаруу практикасында билгендерин айтып, көндүмдөрүн көргөзүп, өзүн-өзү башкаруу боюнча түзөтүүлөр жүргүзүлөт.

## Окуучулардын зээндүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн, таланттуулугун диагноздоо

Окуучунун ***таанып-билүүгө шыктуулугунун белгилери***: бир мезгилде бир нече ишти аткара алат, илимге кызыктар, эске тутуму жакшы, системалаштырууга жөндөмдүү, адабияттардын ичинен керектүү чыгармаларды чогултат, сөз байлыгы кенен, себеп-натыйжа байланышын байкап, өзү жыйынтык чыгара алат, абстракттуу ойлому өнүккөн, кыйын маселени өзү

чыгарат, математикалык жөндөмү өнүккөн, түшүндүрүп жаткан мезгилде көңүлүн тез бурат, тырышчаак.

***Таланттуу окуучунун психологиялык өзгөчөлүктөрү***: калыстык сезими өтө өнүккөн, өзүнүн баалуулуктары бар, реалдуулуктун негизинде ойлонот, ойлогон оюн жеңил жүзөгө ашырат, ачык элестетүүгө жөндөмдүү, юмор сезими өнүккөн, өтө коркок, экстрасенсордук (көзү ачык) ойду түшүнүүгө жөндөмдүү, кыялкеч, ашыкча сөзү жок эле башканын оюндагысын сезет, ызакор болот.

***Зээндүү, жөндөмдүү, идиректүү балдардын физикалык*** белгилери: энергетикалык деңгээли жогору, аз уктайт, бою өтө бийик же кыска, көрүү органында маселе бар, практикалык көндүмдөрү калыптанбагандыгынан азап чегет.

***Зээндүү, жөндөмдүү, талантуу балдар менен иштөө***

Челябинскилик изилдөөчү Н.Буторика менен В.Григорьевский зээндүү балдар менен төмөнкү иштерди сунуш кылышат.

1. Ата-энелердин, педагогдордун жардамы менен окуучулардын жөндөмүн ачуу, тестирлөө.
2. Алардын кызыкчылыгын, шыгын эске алуу, психологиялык тесттердин жардамы менен диагноздоо.
3. Атайын программанын негизинде билимин тереңдетүүгө багыт алып иштөө. Мындай даярдык атайын максаттуу каржыланышы керек. Педагогдор стандарттуу эмес, автордук программа менен жекече иш жүргүзгөн учурда баланын таланты өсүшү мүмкүн. А.Пассов (1982) таланттуу балдарды окутуунун үч стратегиясын бөлөт:

– тездетилген окутуу;
– материалды кенен тандап, терең изилдөө, таланттуу балдарга демилге берүү;
– окуу программадан тышкары (анын уландысы эмес) кенен баяндалган жаңы мазмундагы материал берилиш керек. Программа окуучулардын натыйжалуу ой жүгүртүүгө үйрөтүп, башка предметтер боюнча билимин интеграциялаганга жардам бериш керек, өз билиминин негизинде жаңы идея ойлоп табууга, жаңы маалымат таап иштегенге, өз алдынча билим алууга көндүрүп, аң-сезимин өнүктүрүүгө, башкалар менен кызматташууга көнүктүрүү, чеберчилигин өстүрүү абзел.

***Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун түрлөрү***: диагноздоочу, калыптандыруучу (формативдик), суммативдик (жыйынтыктоочу). Диагноздолуучу окуучунун ББК (ЗУН), иш билгилигин, алгачкы калыптануу деңгээлин (текшерүү иш, дил баяны) аркылуу аныктоо. Баалоонун бул түрү мугалимге да, окуучуга да эске алууга зарыл болгон талаптарды билүүгө мүмкүндүк берет. Диагноздоочу баалоонун бул өңүтү билим деңгээлин, көндүмдөрүн аныктоого керек. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо боюнча Р.Шакиров, А.Буркитова, О.Дудина, В.Бриллер, Б.Стазс көңүл бөлүшкөн.

Тарбиялык иште окуучуну баалоонун максаты – окуучуну жетилтүү, өнүктүрүү. Баа берүүнүн таасиринен бала өзгөрөт, өнүгөт. Бардык мугалимдер бирдей критерийлерди колдонсо, жакшы натыйжа күтүлөт.

***Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун принциптери***

***Маанилүүлүк***: окуу-тарбия процессиндеги ишмердигинде жетишкен эң маанилүү ийгилигин баалоого басым жасалат, ***шайкештик***: тарбиянын максаты – баалуулуктар системасын өздөштүрүү, күтүлгөн божомол жыйынтыкка дал келиши керек, ***объективдүүлүгү, адилеттиги***: баалоонун критерийлери кылдаттык менен иштелип чыгат, критерийлер кысым жасоо куралы катары колдонууга бөгөт болуш керек, ***интеграциялангандыгы***: баалоо окуу-тарбия процессинин ойлонуп тандалгандыгын эки (үч) курамдык бөлүгү катары жүргүзүлөт, ***ачык-айкындык***: баалоо критерийлери жана стратегиясы окуучуларга алдын ала билдирилет, окуучулар баалоо критерийлерин иштеп чыгууга катышат.

***Жеткиликтүүлүк:*** баалоонун максаты, формалары, баалоо процессинин өзү, окуучулардын баарына ачык-айкын, түшүнүктүү болууга тийиш. ***Ырааттуулук***: баалоо ырааттуу, мезгилдүү жүргүзүлөт, ***ыкластуулук***: окуучулар менен мугалимдин шериктештик маанайы улам жаңы ийгиликтерди жаратууга шарт түзөт, окуучуларды өнүктүрүүгө, тарбиялоого багытталат.

Мугалим өзүндө жок билимди, сапаттарды окуучуга тарбиялык жол менен калыптандыра (бере) албайт. Окуучуларда кандай инсандык сапаттар болушун кааласаңыз, ошол сапаттар өзүңүздө болуш керек. Практикада тарбиялык усулдардын ичинен оптималдуусун тандоо милдетин чечүү – жеңил эмес маселе. Оптималдуу усулду мугалим тандаса, аз убакыт ичинде аз энергия, каражат коротуп, көздөгөн максатына жетет. Ошондуктан оптимизациянын критерийи катары иштин натыйжалуулугу саналат. Тарбиянын мазмунуна, максатына жана милдетине жараша усулу аныкталат.

## Окуучулардын көйгөйлөрүн чечүүдө инновациялык технологиянын ролу

Инновация (ангисче innovation – нововедение, жаңы усул таануу, жаңылануу) деп – педагогикалык системанын ишин, натыйжасын, окуу-тарбия процессин өзгөртүүнү б.а. жаңы каражаттарды пайдалануу менен, жаңы усулдарды иштеп чыгууну, педагогикалык системаны өркүндөтүүнү аташат. Инновацияга окуучулардын мотивациясын жогорулатуу, материалдын көлөмүн көбөйтүү, окутуунун темпин ылдамдатуу, убакытты үнөмдөө, жаңы идеялар, эски маселелерди чечүүнүн жаңы ыкмалары ж.б. кирет.

Көптөгөн педагогикалык адабияттарды анализдөө менен педагогикалык инновацияга:

1) актуалдуулугу эч качан өтпөгөн педагогикалык жалпы идеялар, таалим-тарбия процессин оптимизациялоого арналган практикалык технологиялар;

2) гуманисттик педагогиканын теориялык жоболору жана практикалык технологиясы;

3) педагогикалык процессти башкаруунун, тарбиялык иштерди уюштуруунун жаңы ыкмалары, жаңы идеялар, мамилелер;

4) маалыматташтыруу, компьютердик каражаттарды колдонуу кирет.

Педагогикалык системада инновациялык өзгөрүүнүн негизги багыттары: теориялык, технологиялык (мазмуну, формасы, методу, каражаттары), окуу жайды башкаруусу (максаты, натыйжасы).

Азыркы мезгилде педагогика илиминде «педагогикалык технологиялар», «билим берүүнүн технологиясы», «тарбиялоонун инновациялык технологиясы» деген терминдер колдонулууда. ***Тарбиялоонун инновациялык технологиясы*** деп – тарбиянын максаты, милдети, мазмуну, теориясы, мамлекеттик программалары, педагогикалык мыйзамченемдүүлүктөр, тарбиялоонун методдору, каражаттары, тарбиялык иштерди уюштуруунун формалары, окуучулардын абалын баалоо (диагностика), көзөмөлдөө, социалдаштыруу, балдар жамааты менен иштөө, класстан тышкаркы иштер ж.б. маселелер менен байланышкан жаңы багытты, ыкмаларды аташат. Технология (грекче texno – искусство, чеберчилик, билгичтик, логос – окуу) – методдордун жыйындысы, теориялык билимди практикада натыйжалуу пайдалануу жөнүндөгү илим.

Педагогикалык технология деп – таалим-тарбиянын максатын коюу, окуу материалынын көлөмүнүн өлчөмү менен түзүү, аны өздөштүрүүсүн көзөмөлдөө, баалоо, окутуунун жана тарбиялоонун натыйжалуу системасын аташат. Демек, технология тигил же бул ишмердүүлүктү жогорку чыгармачылык деңгээлде жүргүзүү жана аны үйрөтүү болуп саналат. Ал эми педагогикалык технология бул – бир жагынан окуу материалын иштеп чыгуу, аны өзгөртүү жана билим берүүнүн методдору менен каражаттарынын жыйындысы болсо, экинчи жагынан техникалык жана маалыматтык каражаттардын негизинде педагогдун окуучулар менен бирдикте окуу-тарбия процессин жүргүзүү жөнүндөгү илимдин тармагы болуп саналат. Педагогикалык технология таалим-тарбиянын максатынын, мазмунунун, дидактикалык материалдардын, методдордун, каражаттардын, формалардын бири-бири менен байланышын жана аныкталышын өзүнө камтыйт.

Тарбиянын технологиясын, анын өзгөчөлүктөрүн, иш-чараларды, оюндарды, коллективдүү чыгармачыл аракетке үйрөтүү технологиясын Л.В. Байбородов, Н.И. Шуркова, Н.Ф. Голованова, В.А. Караковский, А.С. Макаренко ж.б. эмгектеринен табууга болот. Тарбиянын технологиясынын мазмунуна: теориясы, максаты, концепциялар, аны жүзөгө ашыруу жолдору, этаптары, практикалык аракеттер, натыйжасы кирет.

Тарбиянын теориясына – мыйзамченемдүүлүктөр, жоболор, концепциялар, тарбиянын кыймылдаткыч күчү, анын түзүлүшүндөгү элементтери, ар кандай тарбиялык системалар ж.б. кирет. XIX кылымда тарбиянын теориясынын негизин К.Д. Ушинский "Адам – тарбиялануучу катары: педагогикалык антропологиянын тажрыйбасы", "Элдик жана коомдук тарбия жөнүндө" (Человек как предмет воспитания: опыт педагогической антропологии, О народности и общественном воспитании) деген эмгектеринде түзгөн. XX кылымдын 20-30-жылдары тарбиянын теориясын А.С. Макаренко "Тарбиянын максаты", "Мектепте жана үй-бүлөдө тарбиялоо", "Балдарды тарбиялоо жөнүндө лекциялар", "Тарбиялык иштин методикасы" деген эмгектеринде жазып чыккан. Технология деген терминди педагогика илимине А.С. Макаренко киргизген. В.А. Сухомлинский "Советтик мектепте инсанды тарбиялоо" деген эмгегинде: "Чыныгы адамды кантип тарбиялоого болот" – деген суроо койгон.

Педагогикада “Кантип тарбиялоо керек?” – деген суроо – технологиядагы негизги маселе. Тарбиялоо технологиясы деген сөз кийин XX кылымдын 60-70-жылдары пайда болуп, 80-жылдары кенен тараган [37].

Тарбиянын технологиясы илимий теориялык жактан негизделген, практика жүзүндө иргелип алынган иш-аракеттердин системасы, мугалимдин кесиптик чеберчилигин, иштин натыйжалуулугун, сапатын жогорулатууга кепилдик берүүчү иш-аракеттердин алгоритми, б.а. тарбиялоонун технологиясы – максатка жетүүгө кепилдик берген иш-аракеттердин тартиби, иш-чаралардын ирети, тарбиялык операциялардын алгоритми. Тарбиянын технологиясы төмөнкү иш-аракеттердин иретинен турат:

– тарбиянын технологиясынын белгилүү максаты – долбоор, идея, гипотеза;

– тарбиялык иштердин негизделиши, педагогикалык концепция, аны жүзөгө ашыруу жолдору;

– тарбиялык иш-чаралардын этаптары (даярдоо, функциясы, көзөмөлдөө, жыйынтыктоо);

– натыйжасын анализдөө (мониторинг, түзөтүү иштери, жыйынтык).

Тарбиянын технологиясынын натыйжалуулугу баланын ишке, башкага мамилесинен, аракетинен, мен концепциясынын калыптанышынан, өз багытын өзү аныктоосунан байкалат. Азыркы педагогикалык адабияттарда он чакты тарбиялык технологиялардын варианттары бар. В.П. Беспалько, М.В. Кларин, Ф.А. Мусаева, Л.Е. Никитина, И.П. Подласый, Г.К. Селевколор тарбиянын технологиясын төмөнкүчө классификациялашкан.

1) Философиянын негизинде: материалисттик, прогматикалык, гуманисттик, антропософиялык (грекче антропософия – акылмандуулук, ал мистикалык доктрина, теософиянын бир түрү, аны 1913-жылы Р.Штейнер негиздеген, билимдин мазмуну фантастикалык мааниде түшүндүрүлөт, табиятка үстөмдүк кыла турган адамдын жашыруун рухий жөндөмүн өнүктүрүү керек деп эсептеген багыт, бул багыттын Батышта адабиятка, искусствого, педагогикалык практикага таасири тийген) болуп бөлүнөт;

2) Илимий концепциялардын негизинде: жүрүм-турумдук, иш-аракетчилдик, интериоризаторлук (латынча interior – ички, тышкыдан ичкиге өтүү жөнүндө психологиялык түшүнүк, предметтер аркылуу тышкы дүйнөнү үйрөнүү, социалдык чөйрөнү мамилелешип таануу менен акыл аракетин калыптандыруу), нейролингвистикалык (грекче neiro-нерв) программалоо болуп бөлүнөт;

3) Объекттин категориясына жараша: жекече, топтук (группалык), жамааттык, массалык болуп бөлүнөт.

Тарбиялоо технологиясына үлгү катары Н.Е. Щуркованын “ийгиликтик жагдай” түзүүсүн көрсөтүүгө болот:

– башкаларга ийгилик каалаган маанайды түзүү;

– иш-аракетте коркуудан чыгаруу (жашыруун жардам);

– баланын кадыр-баркын “байкоо”;

– мотивациясын күчөтүү, баалоо.

Тарбиялык иш-чаралардын технологиялык алгоритмине: максатын аныктоо, мазмунун түзүү, иш-чараны даярдоо, өткөрүү аны анализдөө кирет.

Азыркы педагогикалык илим көптөгөн теориялык концепцияларды ичине камтыйт. Окумуштуу-изилдөөчүлөр: адамдын аң-сезимин калыптандыруу, баланы өнүктүрүү жана тарбиялоо боюнча өз көз карашына жараша концепцияларды иштеп чыгышкан. Алар философиялык билимге жана психология илимине негизделет. Психоаналитикалык теория (өкүлдөрү А.Гезелл, З.Фрейд, А.Фрейд, Э.Эриксон), когнитивдик теория (Ж.Пиаже, Л.Кольберг, Д. Дьюи), бихевиористтик (жүрүм-турум) теория (Д.Локк, Д.Уотсон, Б.Ф.Скиннер), биологиялык (генетикалык) теория (К.Лоренц, Д.Кеннел), социоэнергетикалык (уруулук, укумдан тукумга өткөн, маданий) теория (Л.С. Выготский, П.А. Флоренский, Д.Радьяр), гуманисттик психология (А.Маслоу, К.Роджерс) ж.б.бар [45].

Тарбиянын теориясы боюнча педагогикада эки багыт бар. Биринчиси: тарбия бул – максатка багытталган окуучуну инсан катары калыптанышын, анын сапаттарын коомдун талабына ылайык тарбиялоочу башкаруу системасы (Н.Е. Ковалев). Тарбиялоо баланын инсандык сапаттарын өнүгүшүнө, кулк-мүнөзүнүн, көз карашынын, ынанымынын калыптанышына, адамга, коомго мамилесинин калыптанышына педагогдун пландуу, максаттуу таасир этүү процесси (Ю.К. Бабанский). Тарбиялоо бул – балага белгилүү көрсөтмөлөрдү берүү, түшүнүктөрдү принциптерди баалуулуктарды, багыттарды көрсөтүү, анын өнүгүүсүн камсыздоо, коомдо жашоого даярдоо, өндүрүштүк эмгекке үйрөтүү ж.б. үчүн балага пландуу максаттуу таасир этүү (А.В. Петровский). Тарбиялоо – социалдык мааниде инсанга коомдун таасири, балада көз караштын, ынанымдын системасын калыптандыруу максатындагы аракет (А.В. Мудрик). Бул багыт адамды социалдашуусун ичине камтыган адамга, коомго пайдалуу инсанды тарбиялоо максатын көздөгөн салттуу педагогикалык багыт.

Экинчи багыт: Европанын коомчулугу, педагогдору дүйнөнүн борборунда бала болушу керек дешет. Бала тарбиянын объектиси эмес, ал – субъект, бул гуманисттик парадигманын, жаңы көз караштын жаралышына алып келди.

Тарбиялоонун мыйзамченемдүүлүктөрү:

– тарбия коомго, маданиятка байланыштуу өзгөрүп турат;

– таалим-тарбия – бири-бирин толуктоочу байланышкан процесс;

– тарбиянын натыйжалуулугу – анын максаты, формасы, методу, каражаттары туура аныкталгандыгынан, педагогдун баланын абалын туура баалашынан, ага ылайык иш жүргүзүшүнөн көз каранды.

Гуманисттик педагогиканын максаты: адамды өнүктүрүү, физикалык, рухий жактан өзүн-өзү өнүктүрүүгө, өркүндөтүүгө, өз мүмкүнчүлүгүн жүзөгө ашырууга үйрөтүү. Тарбиянын каражаттары: өз элинин жана дүйнө элдеринин материалдык, рухий жактан жетишкендиктери, тажрыйбасы, интеллектуалдык оюндар, эмгектин, спорттун түрлөрү, чыгармачылык, педагогдун сөзү, жеке үлгүсү, маданий деңгээли, адам, коом менен мамиле түзүүнүн жол-жоболору. Техникалык каражаттар: аудио, видио, телевидение, кино, компьютердик программалар ж.б.

Н.И. Болдырев, Н.К. Гончаров, Ф.Ф. Королев үч түрдүү методду: ынандыруу, көнүктүрүү, жазалоо жана дем берип, кызыктырууну натыйжалуу метод деп эсептешет. В.А. Сластенин тарбиянын методдорун төрт топко бөлөт: инсандын аң-сезимин калыптандыруу (көз карашы, ынанымы, идеалы); иш-

аракет уюштуруу; мамиле түзүү, коомдук жүрүм-турум тажрыйбасына ээ болуу; мотивациясын “ойготуу”, демилге берүү көзөмөлдөө, өзүн-өзү көзөмөл. Гуманисттик педагогикада интеллектуалдык, эмоционалдык, эркти өнүктүрүүгө, демилге берүүгө көңүл бөлөт, кызматташууга шарт түзөт, шериктештик мамилеге, диалог түзүүгө, эркин тандоо укугун берүүгө, жамааттык анализге, баалоого, мээ чабуулуна, импровизацияга ( мурун даярдабастан, аткарган учурда эле ырдоо, күү чертүү, ойноо ж.б.) көңүл бөлөт (Болдырев Н.И. Классный руководитель. – М., Просвещение. 1999).

Тарбиянын технологиясынын натыйжалуулугу педагогикалык шарт түзүүдөн көз каранды. Н.Е. Щуркованын пикири боюнча педагогдун жеке чеберчилиги, ординардуу (адаттагыдай, катардагы) эместиги, маданияты, кызыкчылыгы, кызыгуу чөйрөлөрү, психологиялык билими, диагноздоосу, оптимизми, кесиптик чеберчилиги ж.б. маанилүү. Г.К. Селевконун пикири боюнча тарбиянын натыйжасы инсанга багытталган же авторитардык эркин кызматташуу технологиясын тандоодон көз каранды.

И.П. Подласый тарбиянын жаңы технологиясына: тарбиянын жаңы мазмунун, милдеттерин, жалпы мыйзамченемдүүлүктөрүн, этаптарын, социалдашууну, жаңы методдорду, формаларды киргизип, эмгекке, этикага, эстетикага, адептик-рухий, экологиялык, экономикалык, ж.б. тарбиянын түрлөрүнүн жүргүзүлүшүн, класс жетекчинин иш-аракеттеринин алгоритмин киргизген [37].

В.С. Кукушин тарбиянын инновациялык технологиясына: жаңы типтеги мектептердин таалим-тарбиясынын мазмунун, зээндүү балдар менен иштөө ыкмаларды, жогорку педагогикалык көңүлдү талап кылган балдар менен иштөөнү, мектептердеги начар, терс тенденцияларды жоюуну, витогендик (vito- латынча жашоо) педагогиканы ж.б. киргизген [18].

Тарбиянын технологиясы адам таанууга арналган көптөгөн илимий маалыматтарды анализдөөнү, салыштырууну, талдоону талап кылат. Технологиянын ишенимдүүлүгү экономикада, өнөр жайда, иштин натыйжалуулугунун кепили болуп эсептелет, бирок педагогикада тарбиянын технологиясы дайыма эле ойлогон максатка жетүүгө кепил боло албайт. Тарбиянын технологиясы иш-аракеттердин иретинен, этаптарынан турат. Азыркы мезгилде мажбурлап тарбиялоо (эркиндиги, укугу чектелген), манипуляциялоо (татаал амал, ыкма, көз жазгыруу) технологиясы актуалдуулугун жоготкон. Тарбиянын технологиясы коомдун абалынан көз каранды. Эгерде коомдун максаты эркин эмес адам тарбиялоону талап кылса, анда мажбурлап тарбиялоо технологиясы керек, коомго эркин адамды тарбиялоо талап кылынса, башка технология керек. Бир эле мезгилде диаметралдык карама-каршы максатты жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес [5].

Азыркы мезгилде тарбиялык иштерди уюштурууда төмөнкүлөр маанилүү: мугалим менен окуучунун кызматташтыгы, биримдик, бүтүндүүлүк, жыйнактуулук, педагогикалык мыйзамченемдүүлүктү билүү, курак өзгөчөлүгүнө ылайыктуулук, окуучулардын өзүн-өзү башкаруусу менен аларды башкаруунун шайкештиги ж.б. XX кылымдын аягынан баштап гуманизм, прогматизм, рационализм, эмпиризм, технократизм ж.б. философиялык багытка негизделген методикага таянууга көңүл бөлүнүүдө. Мурда билим берүүгө негизделген

парадигмага көңүл бөлүнсө, азыр компетенттүүлүктүн негизинде таалим-тарбияга, окуучуларды дифференцирлеп иштетүүгө, интеграциялаган курстарды уюштурууга, окуучулардын кызыкчылыгына, талаптарына, жөндөмүнө жараша ийримдерге тартуу актуалдуу болууда. Тарбиянын теориясы, технологиясы азыр көптөгөн педагогдорду кызыктырып, прогрессивдүү тенденция болуп, күчкө кирип келе жатат. Тарбиялык процессти оптимизациялоо технологиясы (форма, метод, каражаттардын ичинен натыйжалуусун издөө), гуманисттик тарбиянын технологиясы (инсанга багытталган билим берүү), иш-аракетке туура мамиле, чыгармачыл мамиле, дифференцирлеген мамиле, баалуулуктарга негизделген (аксиологиялык) мамиле, чөйрөлүк мамиле, дихотомиялык (бүтүндү бөлүкчөлөргө бөлүү, иреттүүлүк) мамиле, башкаруудагы жаңы идеялар, компьютердик технология, массалык коммунуникациялык системаны колдонуу ж.б. көңүлдүн борборунда болууда. Окуучуларга техникалык, айыл чарбачылык, өндүрүштүк эмгекке үйрөтүүнүн технологияларына көңүл бөлүнүүдө. Андан тышкары адам таануу, коом таануу, көз карашты калыптандырууга арналган технологияга, интеллектуалдык, практикалык билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандырууга, тажрыйбага арналган технологияга, чыгармачыл аракетке (билимин өз алдынча пайдаланууга) арналган технологияга, эмоционалдуу дүйнөсүнө таасир этүү (адамга, курчаган дүйнөгө карата мамиле түзүүгө үйрөтүү) технологиясына, социалдык, моралдык нормаларды үйрөтүүгө, турмуштук туура позицияга ээ болууга арналган технологияга, спорттук, физикалык тарбияга арналган технологияга, коомдун абалына жараша тарбиялык системаны уюштурууга, улут аралык толеранттуулукка тарбиялоо технологиясына ж.б. көңүл бөлүнүүдө.

Улут аралык толеранттуулукка тарбиялоо технологиясына:

– мектепте тарбиянын мазмунун өзгөртүү (мазмунду этномаданий, планетардык компонент менен толуктоо);

– билимдик парадигмадан баш тартуу, гуманисттик парадигманы актуалдаштыруу, базистик окуу планды этномаданий, планетардык компонент менен толуктоо;

– класстан тышкаркы иштерди жаңы иш-чаралар (улуттук искусство, фестиваль, улуттук кол өнөр чыгармачылыгынын көргөзмөсү, улуттук тамак-аш даярдоо чеберчилигинин көргөзмөсү, улуттардын достугуна арналган жалпы мектептик иш-чара уюштуруу ж.б.).

Н.И. Болдырев, Е.А. Барышников, В.А. Караковский, Я.И. Новикова, Н.Л. Селиванова, А.М. Сидоркин, Е.А. Степанов, О.С. Газман, Е.Н. Щуркова ж.б. мектептин таалим-тарбия системасынын теориялык негизин түзүү менен анын өзгөчөлүктөрүн терең мүнөздөшүп, таалим-тарбиянын максатын, милдеттерин жана мазмунун аныкташкан. Азыркы кезде мурунку жана замандаш окумуштуулардын эмгектерин изилдеген окумуштуулардын арасынан Р.Н. Баранцева, Е.Н. Князева, И. Пригожина, С.С. Шевелева ж.б. тарбиялык система синергетикалык теорияга негизделиши керек деп эсептешет. Ал багыт башкаруу системасынын стабилдүү эместиги, иреттелбегендиги менен мүнөздөлөт. Ага бир тектүү эместик, өзүн-өзү уюштуруу өзгөчөлүгү мүнөздүү. Ошондуктан

алардын изилдөөсүндө башкаруу системасы синергетикалык парадигмага негизделиш керек деп ырасташат. Андагы негизги идея: “Тарбиялык система мугалимдин максатына жетүү үчүн керектүү курал эмес, ал окуучунун инсандык сапаттарын өнүктүрүү үчүн керек”.

Л.С. Выгодский, Л.И. Новикова, Г.К. Селевко, В.П. Созонова ж.б.: “Иштин натыйжалуулугу педагогдун аракетинен көз каранды, бирок педагог оболу окуучулардын потенциалын аныкташ керек” – деп ырасташат. Ар кандай типтеги майда дифференцирленген коллективдердин биримдигин түзүү – жалпы билим берүүчү мектептердин тарбиялык системасында борбордук орундагы маанилүү маселе [45].

А.С. Макаренко, А.В. Петровский, Л.И. Новикова, М.И. Скаткин, Е.Н. Степанов ж.б.дын пикири боюнча: “Мектепте аракетчил жамаат түзүү маанилүү маселе, педагогдор балдардын тобу, үй-бүлөлөрдүн, чоңдордун биримдиги түрүндөгү коллективди түзүш керек”. Орус классикалык педагогиканын теориясына таянып: “Билим берүүнүн жогорку баалуулугу – адамдын ички дүйнөсүнүн тазалыгын, эркиндигин, индивидуалдуулугун, чыгармачылыгын, жыйнактуулугун калыптандыруу” – деген көз караштагы классиктер В.Г. Белинский, Н.И. Пирагов, Л.Н. Толстой, К.Д. Ушинский ж.б. С.И. Гессен, Н.И. Бердяев, В.В. Розанов, В.В. Зеньковский ж.б.дын пикири боюнча: “Окуу-тарбия процесси – элдин маданиятына ылайык жүргүзүлүш керек” [45].

Инсанга багытталган таалим-тарбия өзүн-өзү өнүктүрүүгө, жөнгө салууга, коргоого багытталган, эч кимден көз каранды болбогон, табият, коом, маданияттар ж.б. менен өз ара мамилелешип аракетте болгон, тиричилик кылып кетүүгө жөндөмдүү инсан тарбиялоо керек. Бул идеянын өкүлдөрү Р.Бернс, А.Маслоу, К.Роджерс, Я.Корчаг, С.Фене ж.б. [45]. КРда И.Бекбоев, Э.Мамбетакуновж.б. ушул көз карашты колдошот.

Педагогикалык колдоо көрсөтүп, баланы өнүктүрүү концепциясынын максаты – ар тараптуу гармониялуу өнүккөн инсан тарбиялоо. Анын негизги идеясы: “Баланын чыгармачыл аракетин жүзөгө ашырууга жардам берүү, ал кандай болсо, ошондой кабыл алуу, баланын кыйынчылыктарын адептүүлүк менен жеңүүгө өбөлгө болуу, баланы басынтпоо, балдар келечектин ээлери жана бир маданияттын өкүлү, тарбияны маданияттардын диалогу катары жүргүзүү, эч кимди эч ким менен салыштырбоо керек ж.б.” Бул багыттын өкүлдөрү: Т.В. Анохина, В.П. Бедерханова, О.С. Газман, Н.Б. Крылова, Н.Н. Михайлова, С.Д. Полякова, С.М. Юсфин ж.б. Тарбиялык системалар татаал, баалуулуктар системасынын бирине негизделген, конкреттүү максатка багытталган, өзүн-өзү башкарган, өзүн-өзү өнүктүрүүчү социалдык педагогикалык таалим-тарбияга арналган. Россиянын окумуштууларынын теориялык жоболору жалпы тарбиялык иштерге таандык болгону менен биздин республиканын шартын, элдин менталитетин эске албайт. Анда КРда жашаган калктын улуттук өзгөчөлүгү, элдик таалим-тарбиянын түпкү маңызы эске алынган эмес. КРнын калкынын өзгөчөлүгүн эске алган таалим-тарбияга көңүл бөлгөн педагогдор: Н.Асипова, А.Алимбеков, И.Бекбоев, С.О. Байгазиев, К.Д. Добаев, Ж. Койчуманов, А.Мамытов, Э.Мамбетакунов, А.Муратов ж.б.

Украиналык изилдөөчү П.Мирочник сабак берип, класс жетекчилик милдетти кошо аткарган мугалимдердин 100 дөн ашык кошумча милдети бар

экендигин аныктаган. Азыр Е.В. Бондаревская, О.С. Газман, В.Л. Шалаева, П.А. Петрова ж.б.дын изилдөөлөрүнө караганда окуучулардын 25%нын класс жетекчилердин иш-аракетине мамилеси терс, себеби “класс жетекчилер эски технологиялардын негизинде тарбиялык иштерди уюштурууда”. Мунун себеби мектепке буйрутманын (заказдын) ачык эместиги, эмгектин бардык түрү нормалдуу төлөнүп, тарбиялык иштер класс жетекчинин абийирине калтырылгандыгы, анын ишинин көптүгү ж.б. саналат. Мындан 10 чакты жыл мурда тарбиялык иштерди уюштурууга 14 саат (0,8 ставка) менен иштеген педагогдун эмгегинин көлөмүндөй жумуш бар экендиги белгиленип келген, азыр 21 саат (1,1/6 ставка) көлөмүндөй жумуш бар экендиги белгиленүүдө [40].

Азыркы мезгилде тарбиялоо технологиясы үч багыт боюнча өнүгүп жатат. Советтик адабияттан актуалдуулугу өтпөгөн идеяларды өркүндөтүү, чет элдик педагогдордун идеяларын биздин практикага киргизүү, дин таануунун негизинде мурдагы Ата Мекендик тарбиялык системаны калыбына келтирүү. Биздин өлкөбүздө үчүнчү багыт боюнча иш жаңыдан башталып жатат.

“КРда 2020-жылга чейин мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоонун концепциясын” жүзөгө ашыруу максатында тарбия иштери боюнча директордун орун басарларына жана класс жетекчилерге арналган “Тарбиялыкиштердин программасы” чыккан. Анын негизинде тарбия сааттарынын иштелмелери чыкты. Биз окуучулардын көйгөйлөрүн азайтуу жана класс жетекчилердин ишин жеңилдетүү максатын көздөдүк.

Атайын психология илиминде адамдын психологиялык түзүмүн (структурасын) түшүндүрүүгө арналган 70 концепция бар экендигин эске алсак, адам тарбиялоонун идеалдуу концепциясын же технологиясын иштеп чыгуу утопия (орундалбай турган кыял) экендигин моюнга алууга туура келет. (Н.Ф. Голованова. Понятие технологии воспитания и ее особенности. Общая педагогика).

## Көйгөйлөрдүн пайда болушунда педагогикадагы мүчүлүштүктөрдүн мааниси

Азыркы билим берүү системасында мамлекеттин талабын канааттандыруу биринчи орунга коюлган. Бүтүрүүчүлөр экономиканы, илимди, техниканы өнүктүрүүсүн камсыз кылуу керек. Мындай шартта билим берүүнүн натыйжалуулугу, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн билим сапатынын, билиминин, билгичтигинин жана көндүмүнүн абалына жараша бааланат. Анткени ушул параметрден, жарандардын кесиптик квалификациясынан, өлкөнүн экономикалык абалы, социалдык чөйрөнүн өнүгүүсү көз каранды. Мамлекеттин кызыкчылыгы биринчи орунга коюлган окутууда адам мамлекеттин кубаттуулугун бекемдөөчү, эксплуатациялануучу өлкөнүн эмгек ресурстарына, аскердик күчтөрдүн, мамлекеттик механизмдин бурамасына окшоп калат. Адамдын дилинин, рухунун табийгаты, кызыкчылыгы жетишерлик эске алынбайт. Ар бир адамдын жашоодогу негизги максатына, милдетине жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөндүктөн, жагдай жарандардын сапаттуу, натыйжалуу, өндүрүмдүү эмгектенүүгө кызыкчылыгы болбой калышына алып келет. Натыйжада өндүрүштөрдө, айыл чарбада ж.б. өндүрүмдүүлүк төмөндөп, экономикалык абал начарлап жатат [10].

Советтер Союзунда ар тараптан гармониялуу өнүккөн инсанды тарбиялоо идеясын жүзөгө ашыруу максатын көздөгөн. Бул идеяны педагогикалык илимге жана мектеп практикасына «үстү жактан» идеологдор таңуулаган. Азыркы күндө да бул гумандуу эмес идея өзүнүн күчүн жоготкон жок. Окумуштуулар тарабынан да, практиктер тарабынан да ага эч кандай каршылык көрсөтүлбөй келе жатат. Адам инсан катары уникалдуу, анын сапатын, мүнөзүн бөлүктөп, гармониялуу калыптандырууга мүмкүн эмес. Ошондуктан адамды ар тараптан гармониялуу өнүктүрүү жөнүндөгү тезис – шексиз гипербола (ашырып, апыртып айтылган идея), реалдуу эмес жакшы тилек. Ар бир адам – кайталанбаган индивид, алардын баарын өз өзгөчөлүгүн жоюп, жалпы нивелирлөө (башкалар менен теңдөө) сырткы көрүнүшү жагымдуу идеологиялык тапшырманын негизинде «калыпка салуу» эң жогорку деңгээлде болсо да, таптакыр конструктивдүү (иштиктүү) эмес идея. Максаттын мындай конкреттүү эместиги ага жетүүнүн аныкталбаган каражаттарын колдонууга алып келген (Б.С. Гершунский) [11].

Окуучунун акыл-эсинин үстүнөн тоталитардык үстөмдүк кылууга жол берилген, бул окуучунун ички турмушун коллективдин жана коомдун кызыкчылыгына баш ийдирүү, анын инсандык өзгөчөлүгүн унутуу, анын баалуулугуна, суверендүүлүгүнө кайдыгер кароо, окуучунун пенделик жекечелигин тоотпогондук, анын бары-жогу менен иши жоктук, ушунун катарында эптеп эле милдетинен кутулуу, бюрократизм, формализм. Биздин мектептердеги окутуу окуучулардын ички турмушу, алардын көп кырдуу муктаждыктары, суроо-талаптары менен анча байланышы жок болгон [10].

Авторитардык система инсандын индивидуалдуу экендигин кодулап, жашап турган коомдук түзүлүшкө, анын педагогикасына, саясатына, идеологиясына карата жарандык сын-пикир айтууга, оппозициялык маанайга, плюралисттик, альтернативалуу мүнөздө ой жүгүртүүсүнө катаалдык менен тыюу салган. Расмий директиваларын, нускоолордун жана ал жактырган «нормалардын» багытында «туура ойлонуп», «туура жол менен баскан» орундатуучу тактекейлерди стандартташкан массалык типтерди окутуп, тарбиялоо талап этилген (С.О. Байгазиев) [8].

Булар – Союздун мезгилиндеги кемчиликтер. Ал мезгилде окуган балдардын абалы азыркы балдардын абалынан алда канча дурус болгон. Окуучулардын азыркы абалы андан начар. Россиянын Хабаровск, Екатеринбург жана Свердловск областынын мектептеринде окуучулардын укугунун корголушун аныктоо максатында социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Ага 150 мугалим, 200 ата-эне, 5000 окуучу катышкан. Натыйжада мектептерде балдар али чоңдор тарабынан ар кандай авторитардык, зордукчул мамилелерден психологиялык запкы чегип жатышкандыгы аныкталган. (Педагогика. №5. 2001. 41-б.) Кыргыз мектептеринде окуучуларга үстөмчүл мамиленин даражасын Россиянын мектептеринен кем эместигин күбөлөндүргөн фактылар арбын. Анын натыйжасында окуучулардын физикалык жана психикалык жактан сыркоолору арбын. Анын себептери төмөкүлөр:

– билим сапатына көбүрөөк көңүл бөлүнүп, балдарды ар кандай олимпиада, конкурстар аркылуу бааланат, ал эми рухий тарбияланышынын жетишкендиктерин өлчөө механизми жок;

– педагогика илиминде билимди аныктоо мониторинг аркылуу диагноздоо методикалары иштелип чыккан, ал эми рухий тарбиянын абалын диагноздоо методикалары жеткиликтүү иштелип чыга элек.
Класс жетекчилердин пикири боюнча:
– өспүрүмдөрдүн жарандык аң-сезимин өнүктүрүү проблемалуу, Батыштын таасири күчтүү болгондуктан индивидуализмди тандаган балдар көп;
– массалык маалымат каражаттары агрессиясы жогору маалыматтарды өтө көп көрсөтүүдө;
– педагогдордун арасында жолу болбогон, коомдо татыктуу ордун ээлебеген адам сыяктуу сезген адамдар бар;
– ата-энелер менен балдарынын ортосунда өз ара түшүнбөстүк көбөйүүдө;
– келечекке ишеним жок, өлкөдө ишенимдүү партия жок, педагогикалык аракеттер бир идеологияга негизделбегендиктен, илим мифология сыяктуу көрүнүп акыйкатты табуу кыйын;
– балдардын психологиялык проблемасы көп, баарын психолог чече албайт;
– класс жетекчилердин убактысын алган иш кагаздары көбөйүп кеткен;
– тарбиялык ишке бирдиктүү талап коюу керек деген «идея» менен класс жетекчилердин чыгармачылыгына чектөө коюлган учурлар кездешет;
– айрым администрация диктаттык режимди карманып, регламенттен бир аз кыйшайгандыгы үчүн жазалап, эң жакшы мугалимдерди мектепти таштоого мажбур кылуу кездешет;
– «светский гуманизм» деген идея дүйнө жүзүнүн мектептеринде (практика жүзүндө) ишенимдүү эместиги далилденди, анын идеологиялык базасы жок, ал багытка ишенүү кыйын, бирок ал практикаланып жатат;
– ЖОЖдордо тарбиячыларды даярдоо деген кесип жок, мугалимдердин тарбиялык иши үчүн маянасы төмөн;
– ЖМКда митайым алдамчыларды, чындыкты бурмалагандарды “космополитизм” деп, шарлатандарды билимдүү деп балдардын башын айландырган фактылар кездешет;
– диний билимсиз мугалимдер өзү толук түшүнбөгөн дин жөнүндө маалыматты билгениндей айтып, туура эмес маалыматтарды берип жатышат. (Педагогика. №5. 2001. 41-б.). Биздеги абал ушул эле сыяктуу.

«Биздин өмүрүбүздөгү эң маанилүү иш-аракетибиздин бири – билим алуу, бирок аны чоң митайымчылык менен алдамчылыкка айландырышкан. Бизге чыныгы билим берүүнүн ордуна жасалма (суррогат) билим берүүнү киргизишкен. Биз окуп жаткан предметтер мээнин сол жарым шарын өнүктүрөт (б.а. оң жарым шарын өнүктүрбөйт). Билим берүү монолиттүү (күчтүү, бекем, бузууга мүмкүн эмес, оор) алп таш сыяктуу болду. Аны оңой менен өзгөртө албайсың. Жалпы адамзатты билим берүү системасы алдоодо. Биз билим берүү системасына ишенбейбиз, биз илимге ишенебиз» – Р.Стоун. [42,147-148-б].

Мектепте окуучулардын аракети алдын ала пландаштырылган. Окуучуда эч кандай эркиндик жок, авторитардык диктат, администрациялык басым бар. Билим берүүчүмекемелерге 1-класска 20% оорулуу, 80% соо балдар келишет, 11-классты бүтүп жатканда 20% балдар соо калышат. Мектептеги сабактарды өздөштүрүүнүн баасы ушунчалык жогору. Эгерде ал башкача жашагысы келсе, «мугалимдер ордуна отургузуп коюшат». Эгерде бала сабакка келбей, мугалимдерге баш ийбей,

өзүн-өзү билген абалда жашаса, ээн баш, бекерпоз, атүгүл кылмышкер чыгышы мүмкүн. Балага "эркиндикти" берүүнү Батыштын билим берүү системасы башынан өткөргөн, ал инсанды деградацияга, билим берүү системасын баш аламандыкка (хаоско) алып келген. Мындай кризистен чыгуунун айласы барбы? Бар. Мектеп жалаң эле окутуунун мектеби болуп чектелбестен, жашоого үйрөтүүнүн мектеби да болушу керек. Анда үй-бүлөдө мамиле түзүүгө, коомдо социалдашуунун жол жобосун үйрөтүүгө, ошону менен диний, псевдомаданий коомдордун арасынан туура жол таап кетүүгө жардам берүүгө, жакшы жүрүм-турум адаттарга көндүрүүгө, мээнин эки жарым шарын тең өнүктүрүүгө милдеттүү. Окуучунун жүрүм-турум адаттары ички мотив, сырткы таасир, кайра-кайра кайталоо аркылуу калыптанат. Ар кандай темада тарбиялык сааттар, талкуу, викторина, конференция ж.б. иш-чараларды мугалимдер өткөрүп жатышат, бирок адептик-рухий кризистин масштабы жыл сайын кеңейүүдө. Жашоо – сахнадагы спектакль (оюн) эмес, ага олуттуу даярдык көрүп, турмуштун мектебинен өтүү керек. Диний таалим-тарбия кылымдап түзүлгөн, ал турмуштун сынагына туруштук берип келген салттуу адептик-рухий тарбиялык система. Окуу планга дин таануу предмети киргизилиши керек (И.З.Гликман. Воспитание в школе жизни. //Педагогика. №4. 2010).

## Окуучулардын көйгөйлөрүн чечүүдө мугалимдин рухий абалынын мааниси

Мугалим адам баласына, коомго өтө зарыл адистик экендигин элдин баары билет. Мугалим билим берүүнүн максатын жүзөгө ашыруучу инсан, адамды ой жүгүртүүгө көнүктүрүүчү, турмушка даярдоочу устат болушу керек. Мугалимге көбүбүз жеткиликтүү баа бере албайбыз. Мугалим гезит менен катты ээсине жеткирип берип, жөн болгон почточу эмес, ал билимди, чындыкты өз сезиминен, акылынан, жүрөгүнөн өткөрүп, өзүнүн менчик табылгасы, жаңылыгы катары жар салган чыгармачыл инсан. К.Д. Ушинскийдин пикири боюнча: "Адептик аң-сезимди өнүктүрүүдө эч кандай устав, программа, китеп ж.б. баланы мугалимдей өнүктүрө албайт. Тарбиячынын инсандык сапаттары окуучунун инсандык сапатына өтөт". Инсан гана аракеттенип, инсанды өнүктүрөт, мүнөз гана мүнөз түзөт. Инсандын жүрөгүнөн чыккан сөз гана инсандын жүрөгүнө жетет. Инсан гана инсанды тарбиялай алат. Коом өзүнөн-өзү эле өзгөрбөйт, адамдар өзгөргөндө коом өзгөрөт. Мугалим адамды гана өзгөртүп чектелбейт, ал коомду да өзгөртүүгө жөндөмдүү. Жакшы мугалимдер коомдун өнүгүүсүнө өбөлгө болушат, начарлары кризиске себеп болушат. Демек, адамдарды, коомду өзгөртүүчү мугалим болсо, коомдун рухий абалы, тазалыгы мына ушул мугалимден, анын эмгегинен көз каранды. Ошондуктан элибиз «мугалими билимдүүнүн келечеги жарык, мугалими түркөйдүн эли болот карып», – деп айтылып келген. Мугалим оңолсо, коом оңолот, мугалими оңолбогон коомдун оңолушу кыйын (Б. Мурзаибраимов) [34].

Мугалимдин окуучуга ишеними канчалык артса, окуучунун оптимизми ошончолук артат, окуучуга мээрими артса, анын өзүн-өзү баалоосу жогорулайт. Мугалим жактырбаган окуучунун өзүн-өзү баалоосу төмөн болот. Иш билгилиги

жогору мугалимдин ар бир окуучусу кайталанбаган индивиддер болушуп, турмуштан орун тапканды үйрөнүшөт. Адептик (такт) сезими өнүккөн мугалимдин окуучулары кыраакы болушат. Педагогдун жакшы рухий абалы жана үлгүсү – насаат айтуудан пайдалуураак. Сенека: “Жакшы үлгү жер шарын айланып, мугалимдин өзүнө кайрылат, жаман үлгү жамандыктын үрөнүн сээп, башына түшкөн көйгөйгө айланат” – деген (Родительские собрания. Авт.сост. О.Г. Черных, В.А. Малюгина. – М., ВАКО. 2008).

Мугалимдин кадыры, билим берүүнүн деңгээли бүгүнкү күнү төмөндөп кетти. Анын себептери эмнеде? Эмне үчүн коом адептик, рухий, экономикалык ж.б. кризиске келди? Буга мугалимдин күнөөсү барбы? Мугалимдин инсандык сапаттары кандай болуш керек? Эмне үчүн мугалимдин инсандык сапаттарына өзгөчө көңүл бөлүү абзел? Азыр мугалимдин өзүнүн рухий абалы кандай? – деген сыяктуу суроолорду чечмелеп алуу зарыл. Анткени “Мугалим – мөмөлүү дарак” сыяктуу, анын “мөмөсү таттуу” (коомго пайдалуу) болсо, коом соо болуп, өнүгөт, “мөмөсү ачуу” (зыяндуу) болсо, коом (рухий, психикалык, соматикалык жактан) оорукчал болуп, регресс жолуна түшөт.

Биз Бишкек шаарынын бир мектебинин Алиппе майрамына барып, ата-энелерден мугалим жөнүндө төмөнкү сөздөрүн уктук:

– мугалимдер ата-энеден ай сайын акча чогултушат, 8-мартта, мугалимдер күнүндө ж.б. белек алышат;

– былтыр 11-класстын бүтүрүү кечесине ата-энеси акча таба албай калган үй-бүлөнүн баласы асынып өлдү эле, мугалимге бул факт сабак болгон жок, мугалим ата-энеге “мыйзамдуу рэкет” болду;

– балаң сабакка жетишпей жатат, кошумча сабак өтүш керек дейт, акча берсең кызың “5” алып келет, бербей калсаң, бергендердин балдары беш алып, сеники “4”кө, анан “3”кө түшөт;

– майрамдарда мектепте ичкилик ичилет, биз кантип балдарды ичкиликтен тыябыз;

– кыска юбка, тар шым кийип, сабакка келген мугалимдер бар, ушуну көргөн кыз мугалимден кандай үлгү алат;

– тарбия завучун сабактан кийин милиция машинеге салып кетишет экен, аны угуп, күйөөсү ажырашыптыр, мындай завучтун тарбиясы кайсы, кыздарга, балдарга көргөзгөн үлгү-өрнөгү кайсы, ушуну тарбия завуч катары кармап турган мектептин тарбиялык иштеринин сапаты кайсы?!

– башталгыч класста майрамдарда тамак, гүл ж.б. апкел дешет;

– “уялбагандан өзүң уял” – дейт, быйыл 10000 сом, эмки жылы 20000, анан 30000, 4-классты бүтүргөндө 40000 сом берели, мугалимдин рухий абалы ушуга жетти деп, анын уятсыздыгын “алтын тамга” менен жазып, тарыхта калтыралы.

Мугалим өз кызыкчылыгын ойлобой, окуучунун социалдашуусуна көмөк көрсөтпөсө, окуучуга кандай үлгү көрсөтөт? Пара алган мугалимдин “Паракорлуктун зыяндуулугу” жөнүндө өткөн сабагынын тарбиялык мааниси кайсы?! Кылганы бул, сүйлөгөнү башка болсо, эки жүздүү мораль менен мугалим жашаса, адептик-рухий тарбиянын натыйжасы кандай болот? Мындай мугалимдин илгерки чала сабат молдодон эмнеси жогору? Энелердин айткандары ушул болсо, аны уккан балдардын мугалимге мамилеси кандай болот? Ушуну уккан окуучу мугалимди кантип сүйүп, урматтайт? Мугалим менен окуучунун

рухий жакындыгы болбосо, окуу-тарбия процесси кантип натыйжалуу болот? Мугалим өзү ак ниет болбосо, окуучуну кантип ак ниеттүүлүккө тарбиялайт? Мугалим ата-энеге өзү рэкет болсо, балдардын рэкетчилигин ким тыят, рэкетчилик кантип тыйылат? Мугалим өзү рухий сазга түшсө, окуучунун рухий өнүгүшүнө кантип өбөлгө болот? Майрамдарда мектепте ичкилик ичилсе, окуучулар ичкиликтен кантип тыйылат? Элдин, мамлекеттин абалын мугалим өзү ойлобосо, окуучуларды кантип ойлонууга үйрөтөт? Мектеп акчаны адамдан жогору баалап, өзү акчанын кулуна айланса, окуучуларга чыныгы баалуулуктарды ким түшүндүрөт? Адам жогорку баалуулук экендигин бала кантип түшүнөт? Педагог өзү чыныгы патриот болбосо, патриотизмге баланы кантип тарбиялайт? Мугалимдин абалы ушу болсо, кайсы жыргаган инсан, кандай мүнөз чыгат? Тарбиянын кенчи мектеп болбосо, мектептин наркы кайсы?

Кыргыз Республикасында билим берүү системасында 2236 мектеп, 74 миңден ашык мугалимдер эмгектенишет. Алардын көпчүлүгү жогорку билимдүү адамдар. Жалпысынан билим берүү системасында 1,5 млн.билим алгандар, педагогдор жүрүшөт. Мектеп, мугалим өнүгүү жолундабы? Анда эмне үчүн коом адептик-рухий кризиске белчесинен баткан? Мектептеги, ЖОЖдогу педагогдун адеп-ахлагы оңолбосо, коомдун адеби кантип оңолот, анда өлкөдө кантип экономикалык өнүгүү болот?

Албетте, параны берген да, алган да күнөөлүү. Айрым ата-эне өз баласынын абалын “оңдоо” үчүн пара берип, мугалимди рухий сазга түртөт, аны алган мугалим окуучуларга жаман үлгү көрсөтүп, “келечекти” (жаш муундарды) рухий сазга түртөт. Биз азыр бузулган айлампага түшүп, чыга албай жаткан тыйын чычкандын абалы сыяктуу абалда жашап жатабыз. Мугалим билим берүүчү болуп чектелбейт, тарбиялык иш да – мугалимдин милдети. Өзү тарбия көрбөгөн адам, башкаларга тарбия көрсөтө албайт, анда ал “мугалим” деген жогорку наамга татыктуу эмес. Андай мугалим мектептин компетенттүү адиси эмес. Диагноз коё албаган, дарылагандын методун билбеген врач ошол замат адамды өлтүрөт, компетентсиз мугалим баланы акырындап ишке ашчу өлүмгө дуушар кылат. Азыр мугалимдер 5-7миң сом алып иштеп жатышат. Мугалимдин ушундай абалга жетишине коомчулуктун күнөөсү жок эмес, бирок мындан мугалимдин абийири акталып кетпейт. 1930-50-жылдарда мугалимдер кыңкыстабай эле эмгектенип, коомдун өнүгүшүнө салым кошкон. Алардын материалдык абалы азыркы мугалимдин абалынан төмөн болгон. Мугалимди ушундай абалга калтырбай, билим берүү системасына эл көңүл бөлсө жакшы болот эле. «Мугалимин унуткан эл, келечегин куруткан эл» деген накыл кеп тээ атам-замандан бери айтылып келатат.

Мамлекеттин ушундай абалда болгондугуна мурунку (1950-1990-жж.) мугалимдин эмгегинин тиешеси бар. Биз кечээ күнү кимди тарбияласак, ошолор мамлекетти, билим берүү системасын тейлеп жатышат. Элдин, мамлекеттин өткөөл мезгилинде мугалим мындай абалга түшпөй, “мугалим” деген жогорку наамын сактап турса жакшы болмок. Согуштан кийинки оорчулукта деле мугалим мынча абалга түшкөн эмес. Өз напсисин тарбиялабаган мугалим, напсини тыюуга баланы кантип тарбиялайт? “Напсини ээрчиген – акмактык, балекет астында жатмактык” – деген накыл кепти мугалимге түшүндүрүш керекпи? Аны ким түшүндүрүш керек?

Биз мектептин номерин, мугалимдин атын атабаганыбыздын себеби, бул кемчилик бир эле мектепке, мугалимге мүнөздүү кемчилик эмес. Бул жерде ата-энелердин да, коомчулуктун да, администрациянын да күнөөсү бар. Эми мындай абалдан кантип чыгабыз, ошого токтололу?

Мындан кырк жыл мурда америкалык экономист Т. Шульц Нобель сыйлыгына татыктуу болгон эмгегин жарыялаган. Экономиканы өнүктүрүү үчүн 1900-жылы жумшалган бир сом 1957-жылы 4,5 сом болуп өскөн. Ал эми билим берүү системасын өнүктүрүүгө жумшалган бир сом, 14 сомго чейин өскөн. Билим берүүнү өнүктүрүүгө жумшалган каражат экономиканы өнүктүрүүгө жумшалган каражаттан 3 эсе пайдалуураак. Россиялык окумуштуулардын изилдөөлөрүнө караганда 5,3 эсе пайдалуураак. Союз болуп турган кезде билим берүү системасына жакшы көңүл бөлүнгөндүктөн, 50-жылдары АКШдан, Канададан кийинки орунду ээлеген. 1985-жылы 42-орунга түшүптүр.(В.С. Кукушин) [19].

2009-жылы Пизанын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасы сынакка катышкан 57 өлкөнүн 57-орунга түштү. Ата Мекендин эртеңки тагдырын ойлогон педагогдор биргелешип, мындай проблемадан чыгуу үчүн күрөшүү керек. Мугалимди тарбиялоо боюнча ар кандай мазмундагы макала жазалы, студенттерди практикага жиберип, мектептин абалы жөнүндө маалымат алалы, коомдук талкууга коёлу, административдик, укуктук жаза колдонолу, мугалимдин адептик-рухий абалын ондоо боюнча атайы иш жүргүзөлү, ж.б. аракет кылалы. Мугалим тартипти өзү таппаса, тартип (мыйзам, жаза) мугалимди табыш керек.

Биз мектепти мамлекет каржылаш керек, – деп баарын мамлекетке жүктөп салдык, ишкерлердин колунан келген салымын балдардын өсүшүнө пайдаланалы.

25-26 жылдан бери ЖОЖдордо башка факультеттерге өтө албаган бүтүрүүчүлөр аргасыз мугалимдик кесипти тандашууда. Алардан ушундай мугалимдер чыгат. Педагогдордун жаңылыштыгын коом ушундай баадагы акы “төлөп”, азабын тартат. Мугалимди даярдоочу факультеттерде бюджеттик орунду көбөйтүп, аларга стипендия төлөп, адеп-ахлагына карап, тандалган билимдүүлөрдү алууга көңүл бөлөлү. Администраторлор мугалимдин билим берүү чеберчилигин баалап чектелбей, моралдык (инсандык) сапаттарына көңүл бөлүшү керек. Пара алган, ичкилик ичкен, тамеки тарткан, адеп-ахлагы начар, окуучуларга жаман үлгү көрсөткөн педагогдор мектептен четтетүү маселесине көңүл бөлөлү. Мугалимдин бүгүнкү абалы коомдун эртеңки келечегин аныктаарын эсибизден чыгарбаш керек. Мектеп көйгөйлөрдүн борбору болбой, өнүгүүнүн жолун көрсөтүүчү мекеме болуш керек.

## Батыштын сексуалдык тарбиясы менен Ата Мекендик жыныстык тарбиянын айырмачылыгы

Ата Мекендик педагогикада сексуалдык тарбия деген түшүнүк болгон эмес. Сексуалдык тарбия АКШнын, Европа өлкөлөрүнүн педагогикасында бар. Сексуалдык тарбия адептик баалуулуктардан эркин жашоону талап кылат. Алардын педагогикасында “Секс адептик рамкадан тышкаркы маселе болгондуктан, аны академиялык респектабальдүү (көрөсөндүү) маселе” – деп эсептелет. Сексуалдык акт – биологиялык (физикалык) кубулуш сыяктуу нерсе

катары саналгандыктан, адамдын рухий, психологиялык маселелерин Батыш педагогдору тоотпойт, жактырбайт. Аларда сексуалдык эркиндик – ар бир адамдын укугу. Адамдын жеке укугу коомдун моралынан Батышта жогору турат. Адептүүлүк – шарттуу нерсе, адамга милдеттүү нерсе эмес. Башкача айтканда каалаган эрежеменен адам жашай берсе болот [19, 234-б].

Батыштын билим берүү системасында жыныстык органды, анатомияны, секс акты сабакта түшүндүрүлөт. Жубайлардын эмоционалдык аспектилерин алар тоотпойт. Бойго бүтүүнү графикалык жол менен көргөзүп, бойго бүтүүнүн алдын алуу боюнча “агартуу иштери жүргүзүлөт”. Алардын “паролу” (бетине карманганы) – “коопсуз секс”. Окуучуларга контрацептивдерди (латынча contra ceptio – бойго бүтүүгө каршы нерсени) колдонууну үйрөтүшөт. Мектепте ата-энелерге билгизбей окуучуларга контрацептивдерди (презервативди) бекер таратышат. Бул жер шарында “төрөлүүнү көзөмөлгө алуу максатында” жүргүзүлөт. Мындай теорияны 1921-ж. Англиялык доктор Мэри Стоупс негиздеген. М.Стоупстун пикири боюнча: “Илим элдин маданий жана өнүгүү деңгээли төмөндөрүнүн санын азайтуу максатын көздөйт”. Мындай “идеяны” евгеника теориясын жактаган улутчулдар колдошкон, аларга жакпаган “элдердин көбөйүшү керек эмес” [19].

1952-жылы Маргарет Сэнгер сексуалдык билим берүү менен үй-бүлөнү пландаштыруу идеясын көтөргөн. Анын пикири боюнча: “Элдин көбөйүшү – олуттуу проблема. Адамдардын проблема түзүүчү кереексиз ресурстарынын көбөйүшү максатка ылайыксыз. Ошондуктан генетикалык жактан жагымсыздарды азайтуу, үй-бүлөнү пландаштыруу керек” [19].

“Үй-бүлөнү пландаштыруу” программасын ишке ашыруу максатында Индияда адамдарды стерилизацилоо институтун ачып, адамдарды зордуктап стрелизациялашкан (балалуу болуу жөндөмүнөн ажыратышкан), боюна бүтүрбөөчү таблетка таратылган, ажырашуу мыйзамын жеңилдетишкен. Алардын пикири боюнча:”Кыздардын сексуалдык билими болсо, боюна бүтүрмөк эмес”. Ушундай жол менен “бойго бүтүүнү, ВИЧти (СПИД) жугузууну азайтабыз”, – дешкен.  Бирок мындай “билимдер” эч жерде жаштардын никесиз кошулуусун, инфекция жугузууну азайткан эмес. Тескерисинче эне сүтү оозунан кете элек өспүрүмдөрдү сексe кызыктырган. Анткени “билим” моралдык тартиптен тышкары берилгендиктен, ВИЧти (СПИД) жугузуу ого бетер көбөйгөн.

Чындыгында дүйнө жүзүндө азыктын жетишсиздигинен (ачкадан) өлгөндөргө караганда колониялык саясаттан, геноцидден, жарандык жана Ата Мекендик согуштан өлгөндөр көп болгон.

Ата Мекендик жыныстык тарбиянын максаты – окуучуларга гигиеналык, моралдык-этикалык маселерди түшүндүрүү, ал эми үй-бүлөлүк тарбиянын максаты үй-бүлөлүк турмушка даярдоо, кыздарды эне, уулдарды ата болууга даярдоо, адептик-рухий жактан өнүгүшүнө камкордук көрүү. Окуучунун жеке өнүгүшүндө башка адам менен мамиле түзүү, өзгөчө үй-бүлөнүн мүчөлөрү менен туура мамиле түзүү маанилүү маселе. Эмоционалдык, психикалык проблеманын көпчүлүгү балдардын үй-бүлөдө туура мамиле түзүүнүн жол-жобосун билбегендиктен, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн бири-бирине карата рухий жакындыгынын жоктугунан, өз ара ылайыкташа албагандыктан, үй-бүлөлүк тарбияга жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй калгандыктан чыгат. Ал көйгөйлөр бара-

бара коомдук көйгөйгө айланат.

Жубайлардын жалпы кызыкчылыгы болот, алар бири-биринин кемчилигин кечиришип, жашаганы туура. Өлкөбүздүн жарандарынын ичинен социалдык жактан тартипке салынбаган, жүүнү бош жаштардын приоритети (турмуш курууда эң маанилүү маселе) – сүйүү, балалуу болууну каалоо, үй-бүлө түзүү деп эсептешет, бирок көпчүлүк жаштардын идеалдары жок. Үй-бүлө куруу үчүн жыныстык тарбия менен чектелүүгө болбойт, моралдык-этикалык, эмгектик ж.б. жактан тарбия керек. Акыркы мезгилде Батыштын сексуалдык тарбиясы менен Ата Мекендик тарбиянын ортосунда жарыяланбаган күрөш жүрүп жаткансыйт, анткени Батыштын буйрутмасы (заказы) менен БӨМдөр (НПО) иштеп жатышат, ошондуктан класс жетекчилерге алардын айырмасын түшүндүрө кетели.

***Батыштын баалуулуктарына негизделген сексуалдык тарбия менен Ата Мекендик үй-бүлөлүк тарбиянын айырмачылыгы***

| Контрацепцияга негизделген сексуалдык тарбия | Өзүн-өзү тыюуга негизделген Ата-Мекендик үй-бүлөлүк тарбия |
|---|---|
| Жыныстык укукка, милдетке негизделет, адамдын “автономиялык” эркиндигин сыйлайт, ар бир адам өзүнүн жашоо жолун өзү тандайт, өз баалуулуктары болот. | Жыныстык турмуш эки адамдын гана жеке иши, ал моралдык кодекске негизделген, нике менен баш кошот, коомдук нормалар менен жөнгө салынат |
| Окутуунун максаты инсандын автономиялык сезимин калыптандыруу. Сексуалдык практика менен байланыштуу өзүн түшүнүүгө, өзүн тыюуну жана күнөө сезимин жок кылууга багытталган. | Инсанды өнүктүрүүчү институттарды колдойт. Үй-бүлөнүн, мектептин, коомдун бири-бирин толуктоочу ролун билет. Үй-бүлө күтүү үчүн жаштардын мүнөзүнө көңүл бөлүп, абийирдүүлүккө, адамдын кадыр-баркын билүүгө ак ниеттүүлүккө үйрөтөт. |
| Баалуулуктары Батышка негизделген адамзат үй-бүлө түзүү боюнча бир көз карашка келген эмес, ошондуктан аны класста талкуулоого болбойт. | Нике менен үй-бүлө куруу керек деп үйрөтүлөт, үй-бүлө – коомдун негизи, адептик тарбия үй-бүлөдө башталат,- деген ишенимге негизделет. |
| Ата-эненин ролу чектелүү. Айрым гана ата-энелер өз балдарын натыйжалуу тарбиялоого даяр, көпчүлүгү даяр эмес, ошондуктан мектеп сексуалдык тарбия боюнча негизги функцияны аткарыш керек. | Жыныстык тарбияда ата-эненин таасирин эч ким алмаштыра албайт, баланын тагдырында ата-эне чечүүчү ролдогу адамдар. Жаштардын жүрүм-турумунун калыптанышына ата-энелер, мектеп жоопкерчиликтүү. |
| Никеге чейинки пакизалыкты этибар албайт, аны нормалдуу эмес же реалдуу эмес катары каралат. | Никеге чейинки пакизалык адамдын жашоодогу туура жолду тандоосу катары каралат, ал өзүн-өзү көзөмөлдөөсүнө, жүрүм-турумунун туура калыптанышына, өзүн наркту |

| | |
|---|---|
| | адам катары баалоосуна түрткү болот,- деген көз караште белгиленет. |

Контрацепциялык (жаңы латынча contra ceptio – бойго бүтүүгө каршы) каражатка негизделген сексуалдык тарбиянын натыйжасы (түбү) трагедиялуу. Ал адамды жакшылыкка алып келбейт, жаш кыздар жыныстык жол менен жугуштуу ооруларга чалдыгат, үй-бүлөдө көйгөйлөр көбөйөт. Адептик-рухий аспектилери көмүскөдө калат, кийин чыныгы сүйүү, жубайы менен рухий биримдик табуу кыйын болот. Жаштардын ынтымагы ыдырайт үй-бүлө күтүүгө мамилеси cуyйт. Коомдук мораль жөнүндө салттуу түшүнүктөр бузулат [19].

Батыштын сексуалдык "тарбиясынын" натыйжасында мекенибизде жаңы көйгөйлөр пайда болду: сойкулук, моралдык жактан бузулуу, никесиз төрөлгөн балдар, психикалык проблемалар, жыныстык жол менен жугузган оорулар, окуучулардын адеп-ахлагындагы өзгөрүү, ыймансыздык.
Азыр КРсы рухий кризис боюнча Батыштын борборунда турган Австриядан өтүп кетти:

| Австрия | Рухий илдеттин түрү | Кыргыз Респубдикасы |
|---|---|---|
| 0,2% | ВИЧ инфекциясынын таралышы | 0,3% |
| 1,4% | 15 жаштан 44 жашка чейинки аялдардын аборту | 17,2% |
| 0,9% | Зордук аркылуу өлүм | 9,1% |
| 80,89 | Адамдын өмүрүнүн узактыгы | 70,2 |

Ата Мекендик баалуулуктарга негизделген үй-бүлөлүк тарбияда өспүрүмдөргө өзүнүн сезимдериң башкарууга, кармануугa үйрөтөт. М.Станеки-Козвосскинин үй-бүлөлүк тарбияга арналган концепциясы төмөнкү беш ырастоолорго көнүл бөлөт [31]:
– никеге чейин жигитке "жок" деп айтуу (өзүн тыюу) нормалдуу нерсе болуп эле чектелбестен, жүрүм-турумдун туура жолу болуп эсептелет;
– өспүрүмдөр эмнеге "жок" деш керек экенин билиш керек;
– маданияттуу "жок" дешти билиш керек;
– никеге чейин таза жашоонун артыкчылыгын, пакизалыктын наркын билиш керек;
– өспүрүмдөргө пакизалыктын наркын түшүндүрүүгө жөндөмдүү, үлгү-өрнөк болуучу авторитет адамдардын кеп-кеңеши керек (Менин дүйнөм жана мен. Сүйүү жолу. Мугалимдер үчүн колдонмо. Түзүүчү М.Станеки-Козвосски. – М., 1994).

Врачтардын көз карашы боюнча өзүн-өзү кармануунун, пакизалыктын (тазалык, кыздык, кол тийбегендик) пайдалары төмөнкүлөр:
– никеге чейинки пакизалык 52 түрдөгү жыныстык байланыш аркылуу жугузулуучу оорулардан сактайт;
– боюна бүтүүнүн натыйжасында пайда болгон проблемалардан оолак кылат;
– пакиза кыз аборттон кийинки аялдын (ден соолугу менен байланыштуу)

көйгөйлөрүнөн оолак болот;
– аборттон кийин эне менен баланын байланышынын үзүлгөндүгү үчүн күнөө сезиминен, моралдык травмадан сактайт [31].

Азыр Батыштын педагогдору да биздин Ата Мекендик тарбиянын артыкчылыгын түшүнүп калышты. Мисалы, Джон Макдоуэлдин “Жыныстык тарбия боюнча мифтер” деген аталыштагы Колифорнияда чыккан китеби (1991) пакизалыктын төмөнкү артыкчылыгын белгилейт [27]:
– өзүн-өзү тыюу адамга сексуалдык мастыктын кулчулугуна айлануудан куткарат;
– өзүн-өзү тыюу турмушка даяр эмес кезегинде аргасыз никеге туруу зарылчылыгынан куткарат;
– жубайды туура эмес тандоо коркунучунан куткарат, анткени (интимдик) жакындык эмоционалдык мамиледеги боштукту (маселени) биле албас кылат;
– кийин өмүр бою бетке чиркөө болуучу “убактылуу өнөктөш” (ойнош) деген статустан куткарат;
– өзүн-өзү тыюу никеге тургандан кийин башка бирөө менен салыштырып стресс болуудан куткарат;
– бөлүнгөндөн кийин көңүл оорутуп, жан дүйнөнү булгүнгө салуудан куткарат;
– өзүн-өзү тыюу сезимдердин дүрбөлөңгө түшүүсүнөн куткарат;
– керексиз мамилелерден сактайт;
– баланы балдар үйүнө тапшырганда же бирөөгө асыроого бергенде рухий жабыркоого дуушар болуудан сактайт;
– келечекте жубайы билип калбаса экен деп, жандын тынчтыгы кетишинен куткарат;
– өзүн-өзү тыюу жубайлар арасында өз ара ишенимдүү мамиле түзүүгө өбөлгө болот;
– жашоодо максатка жетүүгө бардык энергияны сарптоого мүмкүндүк берет;
– өзүн-өзү тыюу күнөө сезиминен, таарынуудан, урматтан калуудан, иренжүүдөн, коркуудан куткарат;
– өзүн-өзү тыюу адамдын сергек, зирек болушуна өбөлгө болот;
– өзүн-өзү тыюу адам менен чын жүрөктөн мамиле түзүүгө өбөлгө болот;
– өзүн-өзү тыюу чыдамдуулукту калыптандырат, өзүн-өзү көзөмөлдөөгө үйрөтөт, жубайлык мамиленин уникалдуулугун аңдоого жардам берет;
– жаштыктын дооронун сүрүү ырахатын сезүүгө мүмкүндүк берет [27].

Адам көбүнчө өзү тандаган жолу аркылуу тагдыры бактылуу же бактысыз болот. Азыр өспүрүмдөрдүн үй-бүлө курууга даяр эмес убагы, б.а. үй-бүлө күтүү жөнүндө ойлоно элек. Бирок тарбиясыз калса, үй-бүлө күтө турган мезгилде алардын калыптанып калган көз карашы, адаттары туруктуу болуп, үй-бүлө күтүүгө кыйынчылыкты туудуруп калышы мүмкүн. Бекем үй-бүлө түзүүнүн зарыл шарты – эки тараптын тең пакизалыгы, кол тийе электиги, тазалыгы, эркектин үй-бүлөнү камсыздашы, аял затынын үй-бүлөдө жайлуу шарт түзүшү.

З.Фрейд: “Бардык психикалык дарттын себеби – христиандык нормаларды сактап, интимдик жашоодон уялуудан пайда болот, (интимдик) жакындыктан өзүн тыюу нервди бузат”-деп ырастаган. Анын таасири менен Д.Макдоуэл 30

жашка чейин үйлөнбөй калган жалгыз адамдга өзүн-өзү тыюусу, анын психикасынын оңолушу мүмкүн болбогон зыянга учуратарын белгилейт. Азыр Батышта денесин саткан аялдар тейлөөчү мекемелер бар, бирок психиатриянын клиникасынан алынган статистика жаштарда психикалык проблемалардын көптүгүн ырастайт. Демек, Фрейддин ырастоолору далилденген жок, бирок ага ишенгендер азап тартып жатышат. Германияда эле миллион адам сексске берилүүдөн азап тартып жатат. Фрейддин "идеясынын" зыяны көп. Америкада күнүнө 1900 аял сексуалдык зордукка дуушар болот. Алардын 20% өзүнө жакын эркектер (атасы, өгөй атасы, агасы ж.б.) зордукташат, 47% физикалык (денеси) жаракатка дуушар болуп, зордукталат. Кызматта иштеген аялдардын 42% (көбүнчө жетекчиси) акидей асылып жүрүп, мажбурланат. 1995-жылы Американын сойкулуктан түшкөн кирешеси 2500 миллион доллар түзгөн. Жер жүзүндө СПИДге кабылгандар 50 миллиондон (2008) ашты. Кароосуз калган балдардын саны 90 миллиондон ашты. БУУнун маалыматы боюнча дүйнө жүзүндө СПИДден (ВИЧ) каза болгон жаштар 20 миллиондон ашты (2013). Ар бир секунд сайын 15-20 жаштагылар ВИЧ жугузуп жатышат. Алардын саны күнүгө 6 миңге көбөйүп жатат. Алардын жарымынан көбү 25ке чыга элек жаштар, өспүрүмдөр.

В.С. Кукушиндин "Тарбиянын теориясы жана методикасы" – деген китебинде (2002) "Никесиз секс – бул ыплас нерсе, үй-бүлөлүк мамиле - түбөлүктүү нерсе экендигин мугалим түшүндүрүшү, окуучулар аны өздөштүрүшү керек" – дейт. [19,243-бет].

Эми Батыштын таасиринин зыяндуулугуна токтололу. Азыр 16-17 жаштагы курагы гиперсексуалдык курак катары бааланууда. Жыныстык талабын канааттандырууга өспүрүмдөрдүн мүмкүнчүлүгү жок, анткени никеге 18 жаштан кийин уруксат берилет. Бул жыныстык жашоодогу дисгармонияны пайда кылат. Ошондуктан алар эроткалык түштөрдү көрүү менен, эркек балдардын уругу түшөт, кыздар оргазм сезишет. Өспүрүмдөр жыныстык органдарын жасалма жол менен кызытышат, бул – онанизм деп аталат. Сексопотолог-авторлордун ырастооолоруна караганда азыр онанизмди башынан өткөрбөгөн өспүрүмдөр сейрек кездешет. 3-4 жылча өзүн-өзү "канаатандырып", анан үйлөнүшөт (И.С. Артюхова. Настольная книга классного руководителя.М., Эксмо. 2009. 209-б). Онанизм Ата Мекендик педагогикада, динде тыюу салынган, уят, жаман нерсе катары эсептелинет. Советтик педагогикада онанизм – патология катары эсептелген.

Америкалык психолог Дэниель Гоулман: "АКШнын акыркы он жылдыкта көргөнүн тарых көргөн эмес. Өспүрүмдөрдүн ортосундагы күч колдонулуп жасалган кылмыштардын, анын ичинде зордуктоо жана өлтүрүү сымал оор иштер акыркы 20 жылда (2000-ж) төрт эсе өстү. Балдар бири-бирин атышуунун натыйжасында оор кылмыш жасашууда. Суицид үч эсе өстү. 14 жашка чыга элек балдар оор кылмыштын курмандыгы болууда. 10дон 14жашка чейинки жаш кыздардын боюна бүтүшү жана төрөшү кескин өстү. Балдардын жана кыздардын жыныстык жол менен жугузган ооруларынын саны мурдагы отуз жыл менен салыштырмалуу үч эсе көбөйдү" – дейт. Бул көрүнүш жалпы элдин көйгөйүнө айланды. Бала кезде жашоосун чүнчүү (депрессия) менен баштагандарга турмуш куруу кыйын. Жугуштуу ооруну, чүнчүүнү айыктыруу, анын алдын алуу

АКШдаоор маселе болду. Ошол зээн кейиткен көрсөткүчтөр кыргыз жергесинде орун алгандыгын көрүп, мындай көйгөйлөр да жугуштуубу, – деген ойго келесиң.

Техногендик цивилизациянын таасири менен коомдо аракечтик, сойкулук, баңгилик, суицид, ажырашуу ж.б. рухий илдеттер көбөйгөн. Мисалы, 1982-92-жылдары Казакстанда ажырашуу 2%, орустарда 21-24%, 1992-97-жылдары казактарда 7-12%, орустарда 43-47% түздү. Азыр бул көрсөткүч казактарда ошол бойдон калды, орустарда 2005-жылы 22% болуп азайган [28]. Себеби эмнеде? Себеби Батыштын таасири менен турмушка жеңил караган жаштар көбөйүп, ата-эненин, коомчулуктун, диндин үй-бүлө ынтымагын сактоодо таасирин жоготкондугунда. Россияда диний билимди өздөштүрүүгө абдан көңүл бөлүп жатышат. Мурда кыргызда ажырашуу уят эсептелген. Ажырашкан жаштар айылда баш көтөрүп жүрө алган эмес, андай үй-бүлөнү уруу башчылары, аксакалдар жараштырып койчу. Азыр кыргыз үй-бүлөнүн ¼ ажарышкан же ажырашуу алдында турат же “жарандык нике” деген болор-болбос нерсе менен кармалып турат. Азыр эмне көп, педагогика көп, музей педагогикасы, кызматташтык педагогикасы, биргелешкен педагогика, өнүгүүнүн педагогикасы, спорттук, коррекциялык педагогика ж.б. педагогика илимдеринин докторлору, кандидаттары көп, бирок чыныгы педагогдор аз. Тарбия натыйжасыз [17]. Батыштын тарбиясы кыргыздын элдик педагогикасына туура келбейт. Ата Мекендик педагогикада сексуалдык эркиндик – рухий илдет катары таанылат.

Эми Ата Мекендик үй-бүлөлүк тарбиянын артыкчылыгына токтоло кетели. Никенин мотивациясы: бири-бирин сүйүү, бири-бирине эриш-арак болуп, жалгыздыктан кутулуу, рухий жакындык, жалпы кызыкчылык, өзүнчө чарба күтүп, материалдык жактан камсыз болууну каалоо, жакшы тилек, жакшылыктан үмүттөнүү, турмуш куруп, балалуу, бактылуу болууну каалоо, мүдөөгө жетүүнү каалоо ж.б. Жакшы тилек – жарым ырыс.

Ата Мекендик педагогика инсандын адептик-рухий тарбиясына көңүл бөлөт, адамдарды бири-бирине камкордук көрүп жашоого үйрөтөт. Үй-бүлө куруудa чыдамдуулукка, сабырдуулукка, эмгекке үйрөтөт. Жоопкерчилик сезимди калыптандырат. Үй-бүлөлүк жашоодо күнүгө бири-бирине жакшылык кылууга даярдайт. Жалганды жактырбай, чындыгына кубануу менен бири-бирин тарбиялайт. Кичине жамаат түзүлөт. Адамдын таянары, ишенери болот, адам өзүн күчтүү сезет. Үй-бүлө туруктуу болсо, эмоционалдык-психикалык, соматикалык көйгөйлөрдүн саны азаят. Балдарынын эртеңки келечегин ойлонуу менен адам стратегиялык маселелерди чечүүгө жарактуу болот ж.б.

## Окуу-тарбия процессин оптимизациялоонун мааниси

Окуучулардын көйгөйлөрүн чечүүнүн жана мектептеги проблемалардын санын азайтуунун жолдорунун бири – окуу-тарбия процессин оптимизациялоо. Ф.Ф. Королев «Келечекте окуу-тарбия процессин оптимизациялоо педагогиканын бардык областындагы иш-аракетерге мүнөздүү нерсе болот» – деген. Окуу-тарбия процессин оптимизациялоо үчүн төмөнкүлөрдү эске алуу менен, негиздүү метод тандалышы керек: тарбия саатынын баланы өнүктүрүүчү милдети, материалдын татаалдыгы, класстын даярдыгына (деңгээлине)

ылайыктыгы, педагогикалык консилиумдун жыйынтыгынын негизиндеги класстын мүнөздөмөсү, окуучулардын мүмкүнчүлүгү, ар кандай методдун күчтүү-чабал жагы, мугалимдин күчтүү жагы, окуучулардын өзгөчөлүгү, окуу кабинетинин мүмкүнчүлүгү, убакыттын кенен-тардыгы, мектептеги моралдык-психологиялык абалы, учурдагы шарт ж.б. эске алынат. Мугалимдин оптималдуу жол издөөсү айрым методду абсолютташтыруудан, айрым методдун негизсиз үстөмдүк кылуусунан, айрым методдон баш тартуудан коргойт.

Окуучулардын шыгына, кызыгуусуна, жөндөмүнө, мүмкүнчүлүгүнө, жеке өзгөчөлүгүнө жараша мугалимдин дифференцирлеп тарбиялашы да оптимизациялоого кирет. Жакшы уюштурулган тарбия сааты, максатка ылайык иш-чара мугалимдин оптимизациялоого көңүл бөлгөндүгүн күбөлөндүрөт. Ал интуитивдүү ойдун негизинде оригиналдуу мазмун тандап, теориялык жактан тааныш идеяны жүзөгө ашырат. Мектепте окуу-тарбиялык иштин оптималдуу жолдорун издөө дайыма болуп келген, боло берет, оптималдуу жолду издөө токтогондо педагогдун чеберчилигинин өсүшү токтойт. Ошондуктан жакшы уюшулган сабак, тарбиялык иш-чара, окуучулардын жакшы сапатынын, ар кандай компетенциясынын калыптанышына, тартиптин оңолушуна өбөлгө болсо, мугалим «оптимизация» деген терминди такыр колдонбосо да, эмпирикалык жол менен жылдап натыйжалуу жолду издеп аракеттенсе, аны оптимизацияга көңүл бөлгөн мугалим катары эсептесе болот. Ю.К. Бабанский менен М.М. Поташник окуу-тарбия процессинин мазмунун оптимизациялоо критерийлерине төмөнкүлөрдү киргизишет:

– азыркы социалдык турмуштун, маданияттын, өндүрүштүн, илимдин абалына жараша окутуунун жана тарбиянын мазмуну толук чагылдырылышы;

– окутууда жана тарбиялоодо илимий жана практикалык маанисине карата негиздүү мазмундун, маанилүү компоненттердин тандалышы;

– тарбиялык сааттардын мазмуну окуучулардын кызыгуусуна ылайыктыгы;

– мазмундун азыркы мезгилдин талабына төп келиши, иш-чаралардын учурга ылайыктуулугу;

– окуу-тарбиянын мазмуну эл аралык тажрыйбага ылайыктыгы;

– окуучулардын иш-аракетине ылайык иштөөнүн темпи, техникалык каражаттарды пайдаланышы, жеке жана топ менен иштөөнүн оптималдуу формасын тандалышы;

– тарбиялык сабактын структурасынын, методунун, колдонулган каражаттардын мазмунга ылайыктыгы;

– окутуунун-тарбиянын мазмуну азыркы мектептин материалдык базасына, анын жакынкы өнүгүү келечегине ылайык тандалышы.

Окуу-тарбия процессин оптимизациялоого аракет мугалимге:

– окутуу-тарбиялоо маселелерин натыйжалуу, окуучуларды жалпы өнүктүрүүнү комплекстүү чечкенге жардам берет;

– окуучулардын мүмкүнчүлүгүн эске алып, айрым ийгиликке жетүүнү максат кылып, ишин пландаштырат;

– мугалим окуучулардын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн билип, тарбиялык ишти пландаштырууда алардын кызыкчылыгын эске алат;

– дайыма материалдын маңыздуу, негиздүү, олуттуу бөлүгүн бөлүп алууга үйрөтөт;

– бир эле тарбия сабакта көп методдорду оюна келгендей колдоно бербей, абдан оптималдуу методдорду, каражаттарды орундуу колдонуу көндүмүнө ээ болот;

– жетишпеген окуучулар менен кошумча сабак өтсө, таланттуу окуучулар менен программаны тереңдетип иштөө көндүмдөрү калыптанат;

– иштөөгө ылайык моралдык-психологиялык климат, гигиеналык шарт түзүүгө, оптималдуу материал тандоого, эстетикалык сезим тартуулоого үйрөнөт;

– окуучулардын мүмкүнчүлүгүнөн жогору эмес материал тандап, убакытты үнөмдөп, натыйжалуу аракетке көнөт;

– окуучулардын билим сапатын гана көзөмөлдөп чектелбей, мугалимдин методикалык чеберчилиги, диалектикалык ойлому өнүгөт.

Практикада тарбиянын бир (же бир нече) методун колдонуу мааниге ээ эмес, оптималдуу методун колдонуу маанилүү. Оптималдуу метод деп – убакыт, энергия, каражат аз коротуп, коюлган максатка акыл-эстүү жол таап кетүүнү аташат. Оптималдуу методдор төмөнкүлөргө байланыштуу:

– тарбиянын максатына жараша милдетинин аныкталышы;

– тарбиялык сааттын мазмуну ошого жараша тандалышы, методдун мазмунга ылайыктыгы;

– курак өзгөчөлүгүнө ылайыктыгы, өзүн-өзү башкарууга ийкемдүүлүгү ж.б. Убакыт тар болуп, бирок тарбиянын максаты масштабдуу болсо, күчтүү, таасир калтыруучу методдорду колдонуу, ал эми жагымдуу шартта аяр мамиле керек. Бала жаман адатын кайталап, аны кайрадан тарбиялоо керек болсо, жазалоо, чара колдонуу методу, калган учурда насаат айтуу, кеңеш берүү, акыл кошуу ж.б. керек. Тарбиянын методдору мүнөзү боюнча төмөнкүчө классификацияланат: ынандыруу, көнүктүрүү, кызыктыруу, демилге берүү, сыйлоо, жазалоо (Н.И. Болдырев, Н.К. Гончаров, Ф.Ф. Королев ж.б.). Булар окуучуга багыт берүүчү методдор.

И.С. Марьенко тарбиялоонун методдорун башкача классификациялайт: түшүндүрүү-репродуктивдүү, проблемалуу учур түзүү, үйрөтүү, жакшы адатка көнүктүрүү, жаман адатты токтотуу, жолтоо болуу, жетекчилик кылуу, башкаруу, иш-аракет уюштуруу, түрткү болуу өзүн-өзү тарбиялоо ж.б.

Таасир этүү натыйжасы боюнча методдорду эки класска бөлүп жүрүшөт:

1) таасир этүү, бедел болуу, адептик сапатты, мотивди, мамилени жакшыртууга багыт берүү, сунуш кылуу, көрсөтүү, тааныштыруу, оюн, түшүндүрүү, идея берүү.

2) максатка жараша байкаштыруу, мазмунга ылайыкташтыруу, процессуалдык жагын байкоо, (эки же андан көп теманы) интеграциялоо. Тарбиялоонун мүнөзүнө жараша методдорду Г.И. Щукина үч топко бөлөт: инсандык аң-сезимди калыптандыруу методдору (насаат, акыл айтуу, багыт берүү ж.б.), иш-аракет уюштуруу методдору (инструкция, милдетти бөлүштүрүү, тапшырма берүү ж.б.) жана коомдук жүрүм-турум тажрыйбасын калыптандыруу (тарыхый окуяларды айтуу, икая, тамсил, образдуу аңгеме, өздөрүнө жыйынтык чыгартуу, талкуу, көргөзмөлүү метод ж.б.).

Оптимизация усулун билбеген педагогдор эмгегин илимий негизде уюштура албай, тышкы факторлор менен алагды болуп, өзөктүү маселелер чечилбеген

бойдон калат. Оптимизациялоону өздөштүрүп кеткен педагогдордун өзүнүн маданияты, жалпы деңгээли жогорулап, педагогикалык мыйзам ченемдүүлүктөрдү, принциптерди өзүнчө карабай, өз ара байланыштагы бирдиктүү система катары көргөнгө, берилген шартта эң жакшы жол издөөгө көнүп, анын кесиптик адатына айланат. Бул – азыркы мектептердин татаал маселелери. Аз күч, убакыт сарптоо менен маселени оптималдуу чечүү азыркы мектептердин социалдык-практикалык жактан маанилүү маселеси болуп чектелбестен, гуманисттик мааниге да ээ.

Тарбиялык процессти оптимизациялоо үчүн педагогдун адамдын табигаты жөнүндөгү билиминин болушу да маанилүү. Адам жаман же жакшы, жоомарт же сараң болуп төрөлбөйт. Ата-эненин, чөйрөдөгүлөрдүн социалдык тажрыйбасын бала өздөштүрөт. Ата-эненин моралдык сапаттары тукум куучулук боюнча өзүнөн өзү өтпөйт, – деп ырастоочу байыркы педагогика. Ошондуктан байыркы акылмандар: «Бала актай барак сыяктуу, эмнени жазсаң ошону окуйсуң», – дешчү. Турмушта «Жамандан жаан, жакшыдан мөөн» – чыккан учур аз эмес. Бирок азыркы окумуштуулардын арасында жаман сапаттарга тубаса шыктуулук теориясын кармангандар бар. Эгерде тубаса талант, зээндүүлүк, жөндөмдүүлүк деген түшүнүк бар болсо, эмнеге жаман сапаттарга да шыктуулук болушу мүмкүн эмес? «Алма багынын алыс түшпөйт», «Аккан арыктан суу агат», – деген макалдар адамды төрөлгөндө эле генетикалык программасы менен жараларын тастыктайт, б.а. адам адептик билимди өздөштүрүүгө шыктуу же шыксыз төрөлөт, – деп эсептешет айрым окумуштуулар. Батыштагы педагогика адам төрөлгөндө эле ак ниет же калпычы, агрессивдүү, ырайымсыз же боорукер, сараң же жоомарт ж.б. жаман же жакшы моралдык сапаттарды үйрөнүүгө шыктуу төрөлөт, – деп эсептешет. Алар: М.Монтессори, К.Лоренц, Э.Фромм, А.Мичерлик ж.б. Илим адамдын тубаса инстинкти жана рефлекси тукум куучулук жол менен жарала тургандыгын (И.П. Павлов) ырастайт. Азыр адамдын жүрүм-туруму жогорку аң-сезимдин деңгээлинде эмес, жөнөкөй рефлексивдик деңгээлде негизделет деп ырастаган окумуштуулар бар. Социалдык адептик жүрүм-турум генетикалык (себеп-натыйжа) шарттуу деген позициядагы окумуштуулар академик П.К. Анохин, Н.М. Амосов ж.б. Адамдын тубаса шыгын чөйрөнүн таасири, тарбия корректировкалайт (түзөлтөт). Тарбиянын натыйжалуулугун жогорулатууга, окуучулардын көйгөйлөрүн азайтууга мындай маалыматтарды педагогдор билиши керек. Билим – коомго жакшы сапаттагы инсан берүүчү негизги күч. Тарбиянын натыйжалуулугу системалуулуктан, администрациянын туура башкаруусунан, педагогдордун компетенттүүлүгүнөн, тарбиянын максатка багытталгандыгынан көз каранды. Азыркы мезгилде тарбиянын натыйжасыз болуп жаткандыгынын себеби – баланын аң-сезимине таасир этүүгө өзгөчө маани берип, ал эми бейаң, аңдоо аркылуу аракетинин жана тубаса шыктуулуктун ролуна жеткиликтүү көңүл бөлбөй жаткандыгыбыз менен байланыштуу, – дейт И.П. Подласый [37].

Оптимизация системасына ден соолукту коргоого багытталган санитардык-гигиеналык иш-чаралар, валеологиялык ыкма-каражаттар, билим берүү чөйрөсүн эстетикалаштыруу, индивидуалдык иш ж.б. да кирет.

## Башка өлкөдөн бакыт издегендер – Мекендин кадырын билбегендер

Азыркы мезгилде ар бир адамдын үй-бүлө жана бакыт жөнүндө түшүнүгү ар башкача калыптанууда. Кыздар (жигиттер) арасында башка өлкөгө оогондордун (мигранттардын) саны жыл сайын өсүүдө. Мунун себеби эмнеде, анын натыйжасы кандай, аны токтотууга болобу, жаштар башка өлкөгө оосо, биздин Мекенди ким өнүктүрүшү керек, ушул сыяктуу маселелердин тегерегинде ой бөлүшмөкчүбүз. Миграциянын негизги себеби: жумушсуздук, экономикалык кризис, материалдык кызыкчылык, нике агенттеринин, миссионерлердин пропагандасы, идеологиялык күрөш, глобализация саясаты, ата-энелердин, класс жетекчилердин патриоттук тарбияга жетишерлик көңүл бөлбөй жатышы ж.б.

80-жылдардын аягында СССРда “темир көшөгө” ачылгандан кийин ЖМК СССРдин жашоосунан Батыштын жашоо деңгээли алда канча жогору экендигин «баса белгиледи». Мындай маалымат биздин кыздарды чет өлкөгө күйөөгө чыгууга кызыктырды. 90-жылдан баштап чек аралар ачылды. Эл аралык нике агенттери пайда болду. Интернет аркылуу чет өлкөлүк эркек менен таанышуу азыр ар бир компьютерди билген кыздын колунан келип калды. КМШга кирген өлкөлөрдүн кыз-келиндери Америкага, Европага жана Чыгыш өлкөлөрүнө жогорку талаптагы “колуктуларга” айланды. Азыр кыргыз кызынын чет өлкөгө турмушка чыгуусу – жаңылык эмес.

Өткөн кылымдын 60-70-жылдарында кыргыз кызы славян жигитине турмушка чыкса, энелери «топурагын түйүп» жөнөтүшкөн. «Менин эл караган жүзүмдү жер караттың, менин сага салган топурагым ушу, эми кызым кайрылып келбе», – деген эненин акыркы сөзү болчу. Ал убактагы энелердин кайраты, салт кыздарды тизгиндеп турган. Кызга кырк үйдөн тыюу салты бар эле. Ошондуктан башка улуттун жигитине турмушка чыгуу өтө сейрек кездешчү. Азыр кыргыз кыздарына толук эркиндик берилди, өз улутун сүйүү, нарктуу тарбия жетишсиз болду, Батыштагы аялдын образы кыздарга (сериалдар аркылуу) идеал катары көрсөтүлдү, кыздар жеңил ойлуулукка алдырып, чет өлкөгө турмушка чыгып кетүү модага айланды. Бул жаштардын трагедиясына айланып баратат. Мурда мындай никеге туруу опурталдуу көрүнчү. Себеби маданий, диний, географиялык жана адептик айырмачылыктар, тилди өздөштүрүү ж.б. көптөгөн проблемаларды чечүү керек болгон. Булар кыздын өзүн бактылуу сезүүсүнө жолтоо болгон.

90-жылдары бир эле АКШга Россиядан 75миң кыз «келинчектердин визасы» менен чыгып кеткен. Болжолу ошончо эле сандагы кыздар визанын башка түрүн алып чыгышкан, бирок максаты бир эле. Россиядан, Украинадан, Белорусиядан ж.б. Батышка оогондор көбөйсө, бизден Батышка, Россияга,Турцияга, Кытайга, Кореяга оогондор көбөйдү. Азыр Москвада жыл сайын башка өлкөлөрдүн жарандары менен бир жарым миңге жакын нике катталат.

Башкаруу системасында, мектептерде иштеген, турмушка чыкпаган кыздар көбөйдү. Алар өзүнө шерик, сүйүү издеп жашашат. Өзүнө дайыма шерик издөө – бул бирөөнүн үй-бүлөсүн бүлдүрүүчү аракет. Бул – ууруluктан да жаман сапат. Уюн уурдаткан адам аны толуктап алат, үй-бүлөдө “жарака кетсе” (ишеним жоголсо), толукташ кыйын. «Эгерде адам сүйүүнү издесе, анда өзүнүн

жүрөгүндө сүйүү жок экендигин мойнуна алгандыгы катары бааласа болот. Эгерде адамдын жүрөгүндө бирөөгө, Мекенине карата сүйүүсү болсо, анда ал башкалардын сүйүүсүн издемек эмес. Биздин жүрөгүбүздө сүйүү жок болсо, эч ким аны бере албайт. Адамдын жүрөгүндө сүйүүсү бар болсо, аны эч ким ажырата албайт. Ошондуктан ал (сүйүү) жок жерде аны издөөнүн кереги жок. Эгерде бизде мындай талап бар болсо, ал биздин ичибизде канааттанбагандыкка, (баңгиге көз карандылыктай эле) көз карандылыкка далил болот. Дайыма шерик, сүйүү издөөгө талап, көптөгөн проблемага, коркууга алып келет. Мен жеткиликтүү жакшы эмесмин деген сезимди пайда кылат. Мындай сезимдерден тажаган айрым бечара аялдар урса да, кемсинтсе да(зөөкүр) адамга чыдап жашап калышат» (Л.Хей) [26]. Өзүнүн көйгөйүн чече албаган кыздар башкалардын проблемаларын азайта албай келатат. Ошондуктан бойго жеткен кыздын буларды билип, убагында ордун тапканы жакшы.

Өзү үй-бүлө күтүүнүн мектебин өздөштүрбөгөн “мугалимдер” кыздарга үй-бүлө күтүүнүн китепте жазылган жол-жобосун “үйрөтөт”, анан биз эмне үчүн ажырашуу көбөйүп, кыздарыбыз эмнеге чет өлкөгө күйөөгө тиет деп таң калабыз. Турмуштун мектебинен өзү өтпөгөн “мугалимдер” башкаларга кандай жашоо керек экендигин кайсы тажрыйбасынын негизинде үйрөтүшөт? Алар кыздарга нарктуу үлгү боло алышпайт. ЖМКнын жаштарга Батышты пропагандалашы, энелердин бизнеске оошу, мамлекеттин тарбия маселесин аз каржылашы, чет элдик бирикмелердин жаштар тарбиясына кийлигиши ж.б. кыздар тарбиясына терс таасири тийип жатат.

Биздин кыздарыбыз кыргыз жигиттерин баңгилик, алкоголизм, токсикамания үчүн чанып, ал жакка турмушка чыгып жатат деген да пикирлер бар. Ичкиликтин, баңгинин ж.б. айынан деградацияга кетип бараткан жигиттер, үй-бүлөлөр аз эмес. Туулган күн, юбилей, үйлөнгөнүнө, ЖОЖду бүтүргөнүнө 10, 20 жылдыгын белгилөөнү, тойлордо ичкилик ичүүнү ж.б. совет доорунан мурастаганбыз. Аны токтотуу кыйын болуп баратат. Социологиялык изилдөө боюнча Бишкек шаарынын 7-кичирайонунда кыргыз-казак аялдардын 50%, словян аялдардын 58% ичкилик ичери аныкталган. Энелери «үлгү» көрсөтүп жатса, балдарын ичкиликтен ким тыят, кантип тыят?

Азыр Ж.Борочоровдун «Ааламдашуу доорундагы үй-бүлө” (2013) деген китебинен үзүндү келтирели. «Бардык күчүн чет өлкөлүк күйөө издөөгө бурган жаш кыз-келиндерди эки категорияга бөлүүгө болот. Биринчиси – орто мектепти жаңы бүтүргөн жаш кыздар. Алардын жашоодогу максаты – материалдык байлык. Билими жана турмуштук тажрыйбасы жок болгондуктан ага жетишүү кыйынчылык туудурат. Ошондуктан алар чет өлкөлүк бай күйөө таап, камсыздалган үйдүн кожойкеси болууну каалашат. Мындай кыздардын дүйнө таанымына көп сандаган сериалдар, жылмакай журналдар жана оор турмушта жашап, жарыбаган айлык алып, жокчулукта күн көргөн өз ата-энелеринин тагдыры таасир эткен. Мындай кыздар сүрөттөрүн нике агенттигинин сайттарына жайгаштырышат дагы, аларга качан бай чет өлкөлүк күйөө көңүл бөлөт деп күтүшөт. Экинчи категориясы – эмансипацияланган, өзү ийгиликке жетишкен аялдар. Алардын бир тобу Ата Мекендик эркекке турмушка чыгып көрүшкөн. Бирок «бир дагы эркек алардын деңгээлине жетишпегендиктен, көңүлдөрү калган». Андай аялдардын пикиринде: “Ата Мекендик эркектер

анчалык акылдуу, билимдүү эмес”. Белгилүү психотерапевт Н.Нарыциндин изилдөөлөрүнө таянсак, көз карандысыз ишкер аялдар үй-бүлө курууда олуттуу кыйынчылыкка дуушар болушат. Ал эми эркектер жаш, сулуу кыздарды аялдыкка алууну артык көрүшөт. Мындай кыздар олуттуу ойлору жана ашыкча проблемалары менен алардын башын оорутпайт, себеби бизнесмендин жашоосу ансыз деле стресске, эмоционалдык жактан кыйынчылыкка толгон. Биздин советтик идеологиянын таасири менен өскөн эркектердин ичкиликке мамилесин кошсок, жашоодо максаты жок, инерттүү, үй-бүлөсүн материалдык жактан камсыз кыла албаган эркектерди (бул орустарда идеалдуу күйөөнүн үч сапаты катары эсептелет, алар 58,9% түзөт) эстесек, кырдаал эркектердин «пайдасына» чечилбейт. Эркектердин балдарды тарбиялоодо активдүү катышуусуна карата да статистика ырайымсыз. Орусияда мындай эркектер 4%тен ашпайт. Анысы аз келгенсип, Орусияда 100 аялга 97 эркек, Украинада 86 эркек, Кыргызстанда 92 эркек туура келет [9].

Интернетте 600 эл аралык, 200 орусиялык агенттер иштейт. Изилдөөлөргө таянсак, мындай агенттердин кызматынан орто жаштагы социалдык жолу болбогон америкалык, европалык эркектер көп пайдаланышат. Алар өз өлкөсүндөгү аялдарды жактырышпайт, анткени алар – эмансипацияланган индивидуалисттер. Батыштагы эркектер жаш, сулуу аял менен өз социалдык статутусун жогорулаткысы келет.

Мигрант кыздардын көпчүлүгүнүн чет өлкөдөгү үй-бүлөлүк жашоосу (эреже катары) үмүтсүз. Алардын болгон артыкчылыгы – жаштыгы, жакшынакайлыгы, турмуштук тажрыйбасынын жоктугу жана этияттыкты билбегендиги. Чет өлкөлүк күйөөлөр аларды мурунку никеден калган балдарын багуучу, арзан үй кызматчы катары пайдаланып, иштөөгө, окууга, өнүгүүгө, достору менен баарлашууга тыюу салышат. Кыздар элементардык укугунан ажыратылат, документтерин күйөөлөрү катып койгону да бар. Мындай үй-бүлөлөр көп узабай 1-2 жылда аялынын демилгеси менен бузулат [9].

2016-жылдын 14-ноябрында Кыргыз Республикасынан 700 кыз Кореяга, 400 кыз Туркияга күйөөгө кетип, адам укугунан ажыратылып, күң (кул) катары кызмат кылгандыгы, Ата Мекенине кайрылып келе албай жүргөндүгү жөнүндө радиодон айтылды.

Нике агенттигине жардамга кайрылгандардын 60% –жогорку билимдүү кыз-келиндер. Чет өлкөдөн бакыт тапкан кыздар жөнүндө маалымат жокко эсе. Агенттик аркылуу никелешкендердин көпчүлүгү ийгиликсиз экендиги белгилүү. Азыр чет өлкөдөн көңүлү калып, өкүнгөн аялдар арбын, ага карабай чек аранын ары жагына күйөөгө кетүүгө умтулган кыздар да арбын. Орустардын макалында айтылгандай: “Бабы маются, девки замуж собираются”. Демек, постсовет мейкиндигинде экономикалык, социалдык, маданий проблемалардын комплекси жашап жатат [9]. Кыздар чет өлкөгө күйөөгө кетип жатса, жигиттерибиз, аларды Ата Мекенинде алып калуунун ордуна “ чатырда уктап, көлөкөлөп уктап, боз үйдө уктап жатканын” ырдаса, “намысы жок жигиттерге айла жок”, – дегиң келет.

“Өз армиясын асырай албаган өлкө, башкалардын армиясын асырайт,” – деген А.В. Суворов. Өз балдарын тарбиялаганга жеткиликтүү каражат бөлө албаган өлкө, өз балдарын башка өлкөнүн толуктоочу жарандарын тарбиялай

тургандыгын азыр практикадан көрүп жатабыз. Орто, атайын, жогорку мектеп башка өлкөнүн идеологиясын жактоочуларды жана жарандарын даярдоого тийиш эмес.

Кыздарыбыздын чет өлкөгө кетип жатышынын дагы бир себеби – сыйкыр. Африкалык Вуду, Латын Америкалык Карлос Кастаньеддин үлгүсүндөгү, Тибеттик, христиан дүйнөсүнүн кара сыйкырчылары да 25 жылдан бери келип жатышат. Сыйкырчылар күнөөсүз жаштарга (өзгөчө кыздарга) дуба окутуп, зомбулук кылышат. Зомбулук деп – сыйкырчынын бейкүнөө адамдын акыл-эсин, эркин атайын баңгизаттын, уулуу өсүмдүктүн, жиндин жардамы менен акыл аракети аркылуу уктатып коюп, аларды кылмыштуу иш жасатууга, оор жумуш аткарууга программалашын айтышат. Кээ бир адамды (саясый, идеологиялык ж.б.) иш-аракет жасоого программалайт. Кээ бир кыздарды карыган адамга турмушка чыгууга, анын оокатын кылууга программалайт. Мындай адам өзүн инсан катары сезбестен сыйкырчынын буйругун аткарган биороботко айланат. Айрым кыздар жеңил ойлуулук менен кетип жатса, айрымдары сыйкырчынын эркине багынып, турмушка чыгып жатышат, айрым жаштар сыйкырчынын саясый, идеологиялык буйругун аткарып жүрүшөт. Сыйкырчылардын таасиринен коргонуу ыкмасын бир эле дин таануу билиминде бар экен, аны жаштарыбызга үйрөтпөй туруп, "көшөгөнү" ачып койгондордо да күнөө бар, аларга улуулар камкордук көрбөсө ким камкордук көрөт эле? Муну токтотуунун бир эле каражаты бар, ал дин таануу билими аркылуу сыйкырдан коргонууга үйрөтүү.

"Мындан 150 жыл мурда Батышта кыз турмушка чыкпай калса, туугандарынын үйүндө үй кызматкерлери катары жашачу. Анын социалдык статусу төмөн болгон. 100 жыл мурда турмушка чыкпаган кыздардын укуктары анча эмес эле. Ошондуктан аларга тең укуктуулук керек болгон. Азыр Батышта үй-бүлө күтпөй жашоо – нормага айланган. Андай аялдардын мүмкүнчүлүгү чексиз, алардын бир нече сексуалдык өнөктөшү болот. Кааласа никесиз бала төрөйт. Ошондуктан эркектер келинчекке муктаж. Ошого карабастан күйөөсүз аялдар жанында эркек жок деп ыйлакташат" (Луиза Хей) [26]. Батыш муну цивилизациянын "жетишкендиги" катары баалайт. Ата Мекенибизде бул – ыймансыздык катары бааланат.

Кыргызда мурда турмушка чыкпай калган кыздар болгон эмес. Биз Батышты тууратайбыз деп Батыштын аялдары келген проблемаларга (үй-бүлө күтпөгөн жашоого) келдик. Бизге ушундай проблема керек беле? Кыргыздар үчүн аялдын ушундай жашоосу ***адам***дын жашоосубу?

Чет элдерден кыз алышуу кыргызда мурда болгон, мисалы Манас Каныкейге (тажик кызына), Семетей Айчүрөккө (ооган кызына) ж.б. никеге турушкан, бирок мусулман эмес элге кыз берүү жокко эсе болгон, алар мусулман элдери менен мамилелешкен, андай никелердин саясый, экономикалык, эки элдин ынтымагын бекемдөөчү максаты, элдин тынчтыгын сактоо, ж.у.с. жогорку идеалдары, сүйүү болгон. Азыркы никелерде кыздын (жигиттин) жеке керт башынын камын ойлоо үстөмдүк кылат, же сыйкырдын азабын тартып жүрүшөт. Бул жаштардын аң-сезиминин төмөндөп бара жаткандыгына далил болот.

Азыркы кыздардын дүйнө таанымы ата-бабалардын дүйнө таанымынан кескин айырмаланат. Кыргыздар: «Байлык мурат эмес, жоктук уят эмес»,

«Байлык – бакыт эмес», «Байлыктан көрө биримдик артык», «Байлыкты сүйгөн намысты билбейт», – деп ата-бабаларыбыз байлыкка караганда биримдикти, намысты жогору баалашкан. «Бактылуу болом десең, башкаларга көз артпа», «Бакыт деген жерде, ээринбей эңкейип ал», «Бакыт эмгектен жаралат», – дешкен. Демек, биздин кыздарыбыз өзү ак эмгеги менен аны тапкысы келбейт, бирөөнүн байлыгына көз артып жатышат.

Бишкекте социологдор 3500 жаш адамдан: рухий кризиске кабылсаң, кайда барып жардам аласың деп сурашкан. 26,6% психологго, 25% мечитке, 20% сектага, 9% көзү ачыкка бараарын, 20,4% кайда бараарын билбестигин билдиришкен, б.а. жаштардын көпчүлүгү өз көйгөйүн өзү чече албай жатышат.

Батыш цивилизациясынын жемишинин бири – индивидуализм, анын жемиши – жалгыздык. Жалгыздык сезиминин тез жайылып бара жатышынын себептеринин бири – журт которуулар (миграция), адамдын социо-маданий чөйрөдөн алыс калуусу. АКШ өлкөсүндө 2006-жылкы каттоолору боюнча 29 миллион адам жалгыз калганы аныкталган. Бул көрүнүш 1980-жылга салыштырмалуу 30% өскөн. Жеке өзүнө тиешелүү маселелерди башкалар менен бөлүшкүсү келбегендер 1985-2004-жылдары 10% дан 25% га өскөн [30].

Эми жогоруда айтылган көйгөйлөрдү азайтуу үчүн мугалимдерге кандай кеңеш берүүгө болот, ошого токтололу. Көптөгөн изилдөөлөргө караганда космополитизм тенденциясы, глобализация саясаты күчөгөн сайын окуучуларда өз улутун сүйүүсү төмөндөй берери аныкталган. Бул элдердин улуттук өзгөчөлүгүн жок кылууга алып келиши мүмкүн. Ошондуктан бардык өлкөлөрдө өз тилин, маданиятын үйрөтүүгө көңүл бөлүнүүдө (Н.Д. Никандров). Азыр өз тилин, маданиятын, улуттун урматтого, Ата Мекендик педагогикадагы тарбиянын негизинде жашоого үйрөтүү керек [36].

Материалдык баалуулуктун артынан түшкөн кыздарга ал бакытты камсыз кыла албастыгын түшүндүрүү керек, анткени көөдөндүн (рухий) бoштугу – чыныгы жардылык. Азыркы мезгилде кыздарыбыздын чет өлкөлөргө турмушка чыгып кетиши, биздин кыргыздын генофондуна терс таасири тийип жаткандыгын түшүндүрүү керек. Себеби бизден чет өлкөгө ден соолугу чың, башка чөйрөгө адаптацияланып, жашоого жөндөмдүү, билимдүү, бирок ыймандык тарбиядан өксүгөн кыздар кетип жатышат. Мекенин сүйгөн кыз улуттун генофонуна кайдыгер болбошу керек, тилекке каршы андай эмес. Биз тарбиялап өстүрүп жаткан кыздарыбыздын бир бөлүгү башка улуттун канын тазартуу, экономикасын жогорулатуу үчүн кетип жатканын түшүнүшпөйт. Балким ал өлкө биздин элге душмандыгы болсо, анда өз кызыбыз бизге ким болуп калат? Түшүнбөстүк – жаман сапат. Адамдын жүрөгүндө Ата Мекенге, улутуна, өз маданиятына, ата-энесине сүйүүнүн, ыймандын жоктугу, акыл-эстин жоктугунан да чоң кемчилик экендигин түшүндүрүү керек. Кыздарыбызды сүйүп чоңойтобуз, биз сүйгөн кызыбыз бизди (улутун, Ата Журтун) сүйбөсө ал ким, чет жактан сүйүү издеген кыздардын эси жок. “Туздан жаман неме жок, майга ээрибей сууга ээрийт, кыздан жаман неме жок, өзгө ээрибей жатка ээрийт” деген макал ушундай кыздарга карата айтылган. Ансыз да бай эмес чакан өлкө кыздарын (балдарын) окутууга, тарбиялоого чамасынын жетишинче каражат бөлүп, эмгектенсе, алар башка өлкөнүн экономикасын өнүктүрсө, өлкөбүз кантип өнүгөт, Ата Мекенибизди ким өнүктүрөт, буга кайдигер болбош керек.

“Кайдыгерлик – жандын наадандыгы” (Л.Н. Толстой). Ата Мекендин кызыкчылыгына көңүл кош мамиле, анын эртеңки келечегин ойлобой, камырабастык, кайдыгерлик – рухий майыптык, көөдөндүн боштугу.

Материалдык маселени чечүү менен эле адам бактылуу боло калбайт. Анын себеби көп. «Башыман ылдый алтын куйса дагы, чынысы бакытымдын толмок кайда?» – деп ырдалчу жигит Джорж, Артур сыяктуу кыздын атасы менен тең, чет элдик жаран эмес. Чыгыш элдери менен Батыш элинин менталитети, баалуулуктары эки башка. Чет элдин эркегинин ойлому менен кыргыз кызынын ойломуна окшош эмес. Ойлому башка адамдарга бири-бирин түшүнүү кыйын. “Англичандын туруктуу досу болбойт, туруктуу кызыкчылыгы болот” (М.Тетчер). Батыш эркеги кызыкчылыгына жараша мамиле кылат, демек анын мамилеси чын дилден эмес. Чын дилден мамилеси болбогон үй-бүлөдө кайдагы бакыт? Батыштык эркектин прогматикалык ойлому, өзгөчө үнөмчүлдүгү, индивидуализми биздин каныбызга сиңген меймандостугуна төп келбейт. Меймандостукту билбеген, өзүмчүл эркекти кыргыз кызы түшүнбөйт. Түшүнбөгөн адам менен бактылуу жашоо мүмкүн эмес. Ата-энесин, Ата Мекенин сагынбаган кыз болбойт. Батыштагы жашоого көнүү оңой бекен? Батыш эли бизди артта калган өлкө катары санашат, «өзүнүн сүйгөн өлкөсүн» күнүгө кемсинтүүнү угуу кандай азап?

Педагог чыгармачыл болбосо, иши натыйжалуу болбойт. Иш-чараларда башка өлкөдөн бакыт издеген кыздарга карата жүйөлүү сөз айтуу, юмор табуу, пародия түзүү ж.б. жолдор менен түшүндүрүү керек. Мисалы, “Тюменде кыргыз кыштады, кар баскан жерде сыздады, элинин чанып балдарын, эр издеп кетти кыздары. Азамат сөзүн укпады, аракка башын туздады, көрүнгөн жактан эр издеп, көчөлөп кетти кыздары. Аралаш сүйлөп тил калат, арабөк бойдон дил калат, алыска кетсе тыңдары, Ала-Тоо жакта ким калат? Аянтта турган желеги ар-намыс болуп береби, чачылып кетсе тыңдары, чакырса кайра келеби?” (Жыргалбек Касаболотов) – деген сыяктуу чыгармаларды пайдалануу керек.

Кыргызстанда глобализация саясатын жактоочулар “жаштарга жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде тарбиялаш керек” – деген пикирди карманышат. Педагогикалык адабияттарда «жалпы адамзаттык баалуулуктар» деген сөздү «Батыштын баалуулуктары» деген сөзгө синоним катары берилет, азыр көпчүлүк ошондой түшүнөт. 1993-жылы америкалык окумуштуу С.Хантингтон ар башка өлкөлөрдүн баалуулуктары боюнча 100 өлкөнүн баалуулуктарын салыштырып, анализ жүргүзгөн. Батыштын баалуулуктары жалпысынан эң төмөнкү статуска ээ экендиги аныкталган. (Hunti-ngton S.Ph.The clash of civili –ations ?//Foreign affairs 1993-vol 72-№3-p-22-49). Азыр дүйнө жүзүндө Батыш маданиятын тууроо актуалдуулугун жоготуп баратат. Ал эми көп маданияттардын баалуулуктарынын жакшы жактарын алуу актуалдуу болууда. Аны «баалуулуктардын мозаикасы» – деп аташат (Б.С. Гершунский) [11].

Биз Чыгыш өлкөлөрүнө киребиз, кыргыз эли рухий баалуулукка жогору баа берип жашап келген – намыскөй элдердин бири. Алар материалдык баалуулуктан рухий баалуулукка артыкчылык беришкен. Батыш элдери башкаларды колониялык системага айландырып, байыган элдер. Кыргыздар зордук менен чогултулган байлыкты “арам оокат” – дечү. Мээнет менен

табылбаган байлыкты да арам оокат деген. Арам оокатка азгырылууга болбостугун мурунку муундагы кыргыздар жакшы түшүнүшкөн. “Арамдын тамыры бир, адалдын тамыры миң”, “Арам оокат азабың тарттырат”, “Адал эмгек элге жеткирет, арамдык элден кетирет”, “Туулган жердин – топурагы алтын, ташы – күмүш, суусу – мүрөк, кызы чүрөк”, – дечү. “Башка жерден көк асманды көргүчө, өз жериңден кара булутту көргөн жакшы”. “Бөлөк элдин султаны болгуча, өз элиңдинултаны бол”. Өспүрүмдөргө ушу сыяктуу насаат-маалыматтарды жеткирүү керек.

«Турмушта өзүмчүлдүк, пайдакечтик, жалаң бухгалтердик, комерсанттык мамиле Европаны жана Американы өзүнчө бир улуттук ооруга айландырды» – деп жазат америкалык илимпоз Кольберг. Ал «оору» биздин мекендештерибизге глобализация саясаты аркылуу жугуп жатат. Башка мекенге кетүү менен адам өзүнүн Ата Мекенинен, улутунан, маданиятынан б.а. өз тамырынан бөлүнөт. «Тамырынан бөлүнгөн инсандын иши ийгиликтүү, өзү бактылуу болбойт», – деген Ф.М. Достоевский. Ушу сыяктуу улуу адамдардын сөзүн айтып, мекенчилдик сезимине таасир этүү керек.

“Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн максаты – эли-жерин сүйгөн, өз тилин, маданиятын, рухий дөөлөттөрүн билген, элдин адеп-ахлагын, асыл-нарктарын сыйлаган, атуулдук милдетин түшүнгөн, өлкөнүн өсүшүнө салым кошууга даяр, мекенчил инсандарды тарбиялоо” (С.О. Байгазиев).

## Илимдин, саясаттын проблемаларынын рухий тарбияга терс таасири

Рухий кризистин көпчүлүгүн биз СССРден мурастаганбыз. Советтер Союзу жашап кетүүгө мүмкүнчүлүгү бар система болчу. Дүйнөлүк капиталисттик системанын бириккен күчүнүн жана АКШнын аракети менен система кулатылган. Мында өз өлкөбүздүн интеллектуалдык элитасынын, саясый ишмерлердин чыккынчылыгы, ЖМКнын колдоосу болгон. СССР өзү тарамак эмес, капиталисттердин бирдиктүү аракети аркылуу таратылган. Советтер Союзундагы идеология, саясат, илим элдин аң-сезиминин, саясый эркин сенек абалда калышына алып келген. Анын эки себеби бар: 1) Элдин рухий кубаттуулары репрессияланып кеткен. Анын ордуна элдин аң-сезимине адам ойлоп тапкан идеология, маданият тынымсыз таңууланып турган. Интеллигенциянын аң-сезимине коммунизм теориясы бекем сиңген, капиталисттик система менен конкуренцияда жеңүү боюнча элде мнимый (жалган) ишеним болгон. 2) Алсыздар басылып, жалпы элдин аң-сезими экономикалык, идеологиялык, маданий каражаттар менен алагды кылынып турган. Элди эптеп рухий өнүгүүдөн оолактатуунун амалы табылган. СССРдин бөлүнүшүнүн себеби өзүбүздүн саясый лидерлерибиздин акылмандыгынын, саясый эркинин, патриоттук сезиминин жетишсиздиги менен байланыштуу, бул элдеги рухий өнүгүүнүн, мектептеги рухий тарбиянын жетишсиздигине далил болот. Мамлекетти бөлүп жаткан кезде СССРдеги элдин инерттүүлүгү, Кыргызстанда жерин, кенин сатып жатканда көпчүлүктүн камырабастыгы патриоттук сезимдин жетишсиздигине, кайдигерлигине, ойлонбогондукка далил болот. Адамдын аң-сезимдүүлүгү анын рухий абалы менен байланыштуу. Адам рухий жактан канчалык

өнүксө, аң-сезими ошончолук жогору болот. Тескерисинче рухий абалы пас болсо, аң-сезими ошончолук төмөн болот. Рухий деңгээли төмөн адамдар бийликке келишсе, натыйжасы ошончолук оор болот. Эл көптөгөн азаптарга кабылат [41, 149-б].

Ден соолугуна кам көрбөгөн эл оорукчал болот. Рухий тарбияга жетишерлик кам көрбөгөн эл психикалык, рухий, физикалык жактан оорукчал болот, коомунда криминал, аракечтик, баңгилик ж.б. көп болот. Дүйнө жүзүндө кылмыш иштеринин 90% акча, бийлик үчүн, 10% башка материалдык баалуулук үчүн жасалат. Азыр КМШнын курамына кирген өлкөлөрдө жашагандардын соолоруна караганда оорукчалдары көп, бири-бирин жактыргандарга караганда бири-бирине нааразылар, сын таккандар, жек көргөндөр көп. Натыйжада Россияда элдин 60%, Кыргызстанда 40% үй-бүлөсүнөн ажырашып алган же никеге турбаган. Алар жашоо абалы төмөндөгөндөн, стресстин көптүгүнөн ушундай абалга жеттик деп ойлошот. Ал өзүнүн жүрөгүндө сүйүүнүн, ыйык сезимдин рухий өнүгүүнүн жетишсиздигин, жакындарына карата камкордуктун жетишсиздигин мойнуна албай, өзүнүн бактысыздыгына бирөөлөрдү күнөөлөп жүрүшөт. Рухий өнүгүү жолундагылар соо болушат, өз күнөөсүнүн натыйжасында оорукчал болгондордо рухий өнүгүү жок. Бактылуу болуунун, эркиндикке жетүүнүн зарыл шарты – рухий өнүгүү [41].

Философия илими материалисттик жана идеалисттик болуп экиге бөлүнгөн кезде психология илими «советтик» жана «буржуазиялык» болуп бөлүнүп келген. Советтер Союзундагы психология илиминин методологиялык негизи катары марксисттик-лениндик философия эсептелген. Далилсиз, догматтык, жасалма философия менен психологиянын союзу аркылуу илим кынтыксыз, ийгиликтүү өнүгө алган эмес. Адамды рухий жактан өнүктүрүү маселелери терең изилденбеген. Бул факт психология илиминин көп областтары боюнча өнүкпөй, ордунда турушуна алып келген. Өзгөчө инсандын психологиясы жана социалдык психология бөлүгү проблемалуу болгон, азыр да проблемалуу. Инсандын коом менен өз ара мамилеси, адамдардын карым-катышы үстүртөдөн айтылып, терең изилденген эмес. Педагогика менен психология илимдеринин союзу да ошол себептин натыйжасында тыгыз байланыша албай келе жатат [35]. Азыр да бул маселе проблемалуу бойдон калууда. Анткени педагогика жана психология бөлөк изилденип, азыркы күнгө чейин өз алдынча илим катары бөлөк өнүгүп келатат. Педагог менен психологдун бирдиктүү координацияланган (бири-бирине шайкеш) аракетисиз балдардын рухий тарбиясы ийгиликүү чечилбейт. Балдарды тарбиялоодо педагогикалык билим канчалык керек болсо, психологиялык билим ошончолук эле зарыл.

Адамдын психикасын материалисттик жана идеалисттик психология эки башка түшүндүрөт. Материалисттик психология психикалык кубулуш – жандуу материянын биологиялык эволюциясынын натыйжасында пайда болгон жана өзүн-өзү башкарууда өзүнүн күчүн, сапатын, жөндөмүн таанууда өтө жогору тартипке салынган касиети (рефлекция), тышкы таасирге реакциясы, эстеп калуусу, үйрөнүүсү, кебинин (речь) айырмаланышы ж.б. сапаттарынын өнүгүшү, – деп ырастайт. Идеалисттик

түшүнүктө психика – идеалдуу, материядан көз каранды эмес. Ал (психика) объективдүү чындыктын аң-сезимдеги көрүнүшү болуп эсептелет, духтун кубануусунун, кайгырышынын ж.б. жыйындысы, адамга таандык болгон духтун түзүлүшү. Медицина илими психикалык процесс адамдын физикалык абалынан жана мээсинин ишинен көз каранды, – деп ырастайт. Идеалисттик көз караштагы окумуштуулар: адамдын ден соолугу анын рухий абалынан көз каранды, – деп ырасташат. Материалисттер: “Соо денеде соо рух болот” (В здоровом теле здоровый дух) дешет. Азыр дени-карды соо, руху оорукчал адамдар толтура.

Биздин психологдорубуздун көпчүлүгүнүн психикалык абалы проблемалуу. Өздөрүнүн көйгөйүн чече албаган психологдор балдарга компетенттүү жардам бере албай келатат. Педагогдор балдардын психологиялык, физиологиялык, генетикалык, медициналык абалын толук билишпейт, психологдор педагогикалык реалдуулук менен балдардын физиологиялык абалын толук билишпейт, медиктер өз медицинасынын чегиндеги билими бар, балдардын проблемасын ар тараптуу изилдеген адамдар аз [35].

Орто кылымдарда альхимиктер ар кандай заттан алтын чыгаруу формуласын ойлоп табууга аракеттенишкен. Алар алтын тапса, адам бардык материалдык муктаждыгын чечип алат деп ойлошкон. XX кылымда окумуштуулар философия илимин “алтын окуу” сыяктуу көрүп, рухий өнүгүүнү камсыз кылуучу билим катары кабыл алышкан, б.а. адамдын бардык рухий көйгөйлөрүнүн ачкычы философиялык окууда деп түшүнүшкөн, ал ишеним өзүн актаган жок [41, 75-бет].

СССРда 1936-жылга чейин «педалогия» (грекче – балдар жөнүндө илим) деп аталган комплекстүү илим болгон. Ал илим балдарды тарбиялоо жана окутуу маселелерин изилдеп ийгиликтүү өнүгүп келе жаткан. Педалогиянын проблемаларын изилдөөгө педагогдор, психологдор, медиктер, генетиктер, физиологдор ж.б. бир топ окумуштуулар биригишип, балдардын комплекстүү өнүгүшүнө камкордук көрүшкөн. Балдарды өнүктүрүү жөнүндө ар бир илим боюнча пайдалуу маалыматтар чогултулган. Окуу борборлордо, илимий лабораторияларда педалог адистерди даярдашкан. Ар бир тармак боюнча тиешелүү билим берилген, балдарды тарбиялоо маселесин бирдиктүү иш-аракет аркылуу чечишкен. Ошол мезгилдеги педалогия областындагы Ата Мекенибиздеги окумуштуулардын ийгилиги чет өлкөлүк окумуштуулардын ийгилигинен калышкан эмес. Тилекке каршы илимдин тагдыры тайкы болгон. 1936-жылы ЦК ВКП(б)нын «Наркомпростун системасында педалогиялык бурмалоо жөнүндөгү» токтому аркылуу комплекстүү эмес волюнтаристтердин (философиялык агым, чындыктын негизи эрк деп тааныган субъективдүү багыттын) кийлигишүүсүнүн негизинде илимий мекемелер, изилдөөлөр жабылган. Бул чечим балдардын ден соолугуна да, рухий соолугуна да зыян алып келди. Ошондон бери илимпоздордун бирдиктүү изилдөөлөрүнүн жетишсиздигинен балдар жабыркашууда. Педагог, психолог, медиктер ж.б. азыркы күнгө чейин ошол окумуштуулардын бирдиктүү изилдөөсүндөй иштерди жүргүзүп, илимдерди интеграциялай албай жатышат. Бул – көйгөйлөрдүн эң чоңу

болууда.

«Билим берүү системасы күчтүү адамдын жөндөмүн, акылын, сезимин өнүктүрүүгө жана каалоосунун арышын кеңейтүүгө жардам берүүдө. Кудайды сүйүүгө арналбаган искусство биздин жан дүйнөбүздөгү (Кудайга) сүйүүнү өлтүрүп, каалоого, секске, агрессияга багыт көрсөтүүдө. Искусствого берилген жаштардын айрым бөлүгү моралдык жактан бузулуп кетүүдө. Акыркы жүз жылдыкта адамзат Кудайга умтулуп, ага карата сүйүүнү топтоо үчүн жашоо керек экендигин унутуп калды.Сүйүүдөн бөлүнгөн илим келечегибизди бүлдүрүүгө багытталган маанисиз эксперименттерге (гендик инженерия, жаныбарларды, адамды клондоого ж.б.) жол берип, чектен чыгып кетүүдө. Билимдүү аскердик армия, укук коргоо органдары көптөгөн адамдарды репрессиялап (майып кылып, өлтүрүп), тагдырларына балта чапты. Илим табиятка экспериментин уланткан сайын, таланттуу, зээндүү, татынакай сезимтал балдар аз төрөлүүдө. Азыр физикалык, психикалык жактан көйгөйлүү балдар көп төрөлүп жатат. Адамдын чыныгы баалуулугуна кайрылуу, Кудайга умтулуу, аны сүйүү − жогорку бакытка жетишүүнүн, азыркы хаос мезгилде жашап кетүүнүн зарыл шарты экендигин түшүнүүгө мезгил жетти» (С.Н. Лазарев) [25, 8-бөлүк.145-бет].

“Ата Мекенин коргогусу келген жоокерди, адамды сактап калгысы келген врачты, кандайдыр бир илимдин негизинде жашагысы келген адамды тарбиялоодо, билим берүүнүн өнүгүшүнө коммунисттик системанын идеологиясы, саясаты таасирин тийгизип келген. Япония, Кытай, Индия ж.б. өлкөлөрдүн XX кылымда Европа менен СССРдин элдериндей рухий жоготууга учурабагандыгынын себеби алар өз улутунун идеологиясын сактап калгандыгы менен байланыштуу деп илимпоздор ырасташууда. Биз азыр элди XX кылымдын башындагыдай (революциянын алдында турган сыяктуу) экзистенциалдык (философиядагы иррационалдык багыт) капканга элди тартып жатабыз” – дейт С.Г. Кара-Мурза [41].

Азыркы цивилизация гуманитардык туюкка кептелди. Эмне кылыш керек? Демек, философиялык билимге таянып, туура эмес ойлонгонбуз. Жаңыча ойлонууга үйрөнүү керек. Биздин көз карашыбыз туюк жолго алып келсе, аны өзгөртүү керек. Адамдын адамгерчилиги, ыйык сезимдер, түбөлүктүү баалуулуктар бар. Адамгерчиликтүү иш жасабаган адамгерчиликтин ырахатын сезбейт. Рухий өнүгүүгө жакшылыктуу аракет кылбаган адам, рухий ырахатты толук кандуу таанып биле албайт. Адам таанып билүү менен өзү өркүндөсө, өркүндөп жатып таанып билет. Рухий мыйзамдардын негизинде жашагысы келген адамдын өз чындыгы, өз ырахаты болот. Рухий тарбияга өзгөчө көңүл бөлүп, окуучуларды башкача ой жүгүртүүгө үйрөтүү керек [41].

## II бөлүм. Тарбия сааттарынын иштелмелери

### Тема: Акыл байлыгы азбас байлык. Акылы аздын азабы көп.

**Сабактын максаты:** Окуучуларга адамдын жашоосунда акылды өнүктүрүүнүн маанисин түшүндүрүү. Акылсыздын коомго, үй-бүлөгө зыяндуулугун түшүндүрүү.

**Доскага:** "Акылдуулар сөз алышат, акылсыздар өч алышат", "Акылдын өбөгү билим, жөлөгү тажрыйба" – деп жазылат.

**Жаңы тема. Мугалим**: Акыл тарбиясы деп – адамга билимдердин системасын өздөштүрүүгө жардам берүүнү аташат. Акылдуу адам деп – жөн эле билимдүү адам эмес, өзүнө керектүү, пайдалуу билимди таба билген, изденүүчү, ал билимди турмушта колдоно билген, алыскы келечекти ойлогон адамды түшүнөбүз. Адамдын өзүнүн табигый ой-аракети, өз алдынча иштөөсү, изилдөөсү, үйрөнүүсү – акыл аракети деп аталат. Акыл топтоодо адамга эркиндик берилиш керек. Илимдин ролу – экинчи пландагы маселе. Акыл тарбиясы адамдын турмушка даярдануудагы маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Акыл таанып-билүү кызыгуу, интеллектуалдык аракет, билим алуу, алган билимин практикада колдонуу ж.б. аркылуу калыптанат. Адамдын өзүнүн билим издөөсү, өзүнө керектүү маалыматты табуусу, практикада колдонуусу ж.б. аракети болсо, акыл натыйжалуу өнүгөт [18].

Акыл тарбиясы деп – логиканы өнүктүрүүнү атагандар бар, б.а. логикалык ойлом акылдын маанилүү элементи катары эсептелет. Акылдуу болуш үчүн илимдерди өздөштүрүп, диалектикалык ойломду өнүктүрүш керек. Акыл оюнда, эмгекте, окууда, класстан, мектептен тышкаркы иштерде, турмуштук процессте, билимди чыгармачыл колдонгондо ж.б. өнүгөт. Акылдуунун белгилери: теориялык билимди практикада колдоно алат, турмуштук көйгөйлөрдү оптималдуу, рационалдуу чечет, оперативдүү ой жүгүртөт, жөндөмү өнүккөн, шартка жараша ийкемдүү ойлонот, эске тутуму жакшы, өз алдынча изденет, аракеттенет, техниканы өздөштүрөт, ойлоп табат, интеллекти жогору, көп окуйт, активдүү, билимин тереңдетет, кеңейтет, байкагыч, так эсептейт, тартиптүү, анализдейт, синтездейт, салыштырат, жыйынтык чыгарат, маанилүүсүн бөлө алат ж.б. Педагогикада ушул операцияларды жакшы аткаруу – акылдуунун белгиси катары эсептелет [18].

Акыл түрдүү максаттарда колдонуучу курч бычак сыяктуу. Кимдир бирөө бычак менен тамак-ашты кесет, убал-соопту билбей, аны зулумдук кылууда колдонгон адамдар да бар. Ыймансыз акыл-эс адамды кызыктыруучу напсинин азгырыгынан чыга албайт, мындай акыл-эс адамды коркунучтуу кылат. Напсиси оздукталбаган адамдын акылы ыймандуулуктан, туура жолдон чыгышына себепкер болот (б.а. бычакты зулумчулукка колдонот). Ыймансыз, ак ниеттүүлүктөн оолактаган адамдын акыл-эси чөйрөгө да, өзүнө да зыян. Ыймандуу акыл-эс адамды инсан (личность) кылат, инсан адамды султан (бийик) кылат. Адам султандык акыл-эске жетиш үчүн өзүн көзөмөлгө алып, таалим-тарбияга чыдап, сабыр кылуу керек. Мындай абалга жетүү үчүн рухий билим, талыкпас аракет, терең ойчулдук керек. Напсилик сезимдерге басылган

пенденин абийири кризиске учураган адам рухий жактан тайыздайт.

Этнопедагогикада акыл-эстүүлөрдүн белгилери: элдик нускалардан насаат алат, акыйкатты тааныйт, пайдалуу билим издейт, пайдасыз билимге кызыкпайт, акты карадан, адалды арамдан, жаманды жакшыдан ажыратат, адамды угат, оң жолду тандайт, ой жүгүртүүсү туура, дурус, мамлекеттин мыйзамына баш ийет, алган билимине амал кылат, ойдун, ниеттин тазалыгына, дилдин соолугуна камкордук көрөт, акылмандуулукка, даанышмандуулукка умтулат, урпактарынын келечегин ойлойт, өзүнүн, жакындарынын тагдырын ойлойт, зээндүү, зирек болот. Мартабасы жогорулаган сайын акыл-эстүү пенденин сылыктыгы, адеби ошончолук жогорулайт. Акыл-эстүү адам бирөөнүн айыбын ачпайт, кемчилигин издебейт, байлыгы көбөйгөн сайын текеберликке алдырбайт, менменсинип кетпейт. Рухий баалуулуктан куру калган дилдин ээси, дүнүйөлүк кызыкчылыктын үстүнөн сая түшүп, ыйман парасатынан, зиректиктен куру калат. Өлүк дене чирип жок болуп кеткен сыяктуу өлүк дил рухий тааным жолунда караңгылыкка сүңгүп кирет, жакындарын, балдарын, пикирлештерин аянычтуу абалга жетелешет.

Терс сапаттардын: кайдигерликтин, уятсыздыктын, абийирсиздиктин – күнөө экендигин адамдын баамдашы – аң-сезимдүүлүктүн белгиси. Ал эми терс сапаттардын күнөө экендигин сезбөө – аң-сезимдин, акыл-эстин өнүкпөй калгандыгынын белгиси. Адамдын табиятындагы караңгылык, кумардануу, куштар болуу, текеберчилик, ач көздүк, зыкымдык, кызуу кандуулук ж.б. терс сапаттардын баары напси кумарына кирип кеткен адамдын белгилери.

Акыл напсиге багынганда, адамдын абийиринде адеп-ахлактык колдоо азайганда, билимдин негизинде ойлонуу азайып, акыл-ой чабыты житип, адам рухий жактан тайыздайт. Ыймандуу акыл-эстин ээсинин дили (психикасы) соо болот. Ыймандан куру калган дил (психикасы) дарттуу болсо да, акылы өзүн актоонун жолун издей берет.

Акыл менен билим – азаматтын дөөлөтү. Элдик педагогикада акылдуулук – адептик категория. Адамдын адептик маданияты – акылдын, билимдин туундусу. Дили (психикасы) дарттуу адамдын абалы жүрөгүндө айыкпас оору бар сыяктуу, б.а. оорудан азап тарткан адамдын абалына окшош. Алардын ички ааламында тынчык, бейкуттук жокко эсе. Сырткы дүйнөсүндө иретсиздик, адептик билимсиздик болсо, ички ааламында белгисиздик болуп, адамдар чоң рухий бүлүккө (дискомфортко) дуушар болушат. Мындай адамдар тарбия алып, оюн тазалабаса, напсисин тыйбаса, аң-сезимин негативдүү таасирлерден оолактатпаса оңолбойт. Акылсыздар арам тамак менен азыктанышы мүмкүн. Арам азыктар кийин адамга убайым алып келет. Убайым адамдын жан дүйнөсүн оорукчал кылат, андай адамды дарылоонун натыйжалуу ыкмасын окумуштуу психологдор дале таба элек. Ал эми Чыгыштын ыкмаларын азыркы күндө Американын, Европанын психотерапевттери ооруканаларда колдонууда.

Айкөлдүк, аң-сезимдүүлүк, кечиримдүүлүк, жоомарттык, кең пейилдүүлүк, жакшы ойду жүзөгө ашыруучу сыпаты – бул акыл менен жүрөктүн (дилдин) бирдиктүү аракетинин натыйжасы. Ал адамда болуучу эң күчтүү, эң аздектүү сапат. Чыныгы акыйкатка бир гана жүрөк менен акылдык бирдиктүү аракети аркылуу жетүүгө болот, акылдын жана беш туюмдун (кулак, мурун, тил, дене, көз) жөндөмү менен бул нерсеге жетүүгө мүмкүн эмес. Акылдуу ойлонот,

акылман билет. Жүрөгү аалам менен гармониялуу жашаган адам “баарын” (жашоосуна керектүү маалыматтарды) билет. “Баарын” билген адамды акылман дешет. Кругозору өтө кенен, билими терең адамдын да акылы чектелүү. Адам баарын биле албайт. Жөнөкөй жүрөктө аалам жөнүндө маалымат камтылган. Эң терең акыл да жүрөктү (иррационалдуу ойду) түшүнө албайт. Эки адамдын жүрөгүндөгү сүйүүсү аркылуу адам (бала) жаралат. Жашоо процессинде акыл калыптанат. Жер жүзүндөгү бардык акылдуулар биригип, сүйүүгө жөндөмдүү (жасалма эмес) жүрөк жарата алышпайт. Акыл жүрөккө үстөмдүк кылса, кайдигерлик жаралып, адамдан санаалаштык кетип, ал муздак мерэз болуп калыптанат. Акыл жүрөктөгү мээрим менен толукталса, негативдүү ойлор тазаланып, эрип акыйкаттын үрөнү калат. Акылмандуулук ушинтип жаралат.

**Бышыктоо. Окуучу:** Эмне үчүн акылы аздын азабы көп болот?

**Мугалим:** Акылдуу менен акылдуу, акыл издеп кеңешет, акылсыздар акыл таппай эгешет (тартышат), акыл табылбаган жерде (кезде) азапка жол ачылат. Акылдуулар жол башчыга окшош, туура жолго түшкөндөргө пайдалуу болушат, бирок тескери жолдогуларга пайдасы тийбегендиктен, акылдуунун кадырын билишпейт. Чыныгы акылдуу адам акылсыздын жоруктарына катаал мамиле кылышы мүмкүн, бирок жардан кулата түртпөйт. Акылдуунун сөзү кыска, адилеттүү, бирок ачуу болот. Акылдуу көп азаптан кутулат, акылсыз көп азапка тутулат. Акылы аздын азабы ошон үчүн көп болот.

**Окуучу:** Акылы өнүкпөй калган адамдардын кандай көйгөйлөрү болот?

**Мугалим**: Турмуштан туура жол таппай кыйналат, өзүнө керектүү билимди өзү аныктай албайт, коом, адам менен тил табыша албайт, билимин турмушта колдонгонду билбейт, алыскы келечекти ойлонбойт, ошого карабастан кемчилигин “жашырат” (жойпуланат). Кемчилигин “жашыруу” – акылы кем адамдын белгиси. Акылсыздык – көйгөйлөрдүн булагы сыяктуу.

**Окуучу:** Акылдын өнүгүшүнө эмне таасир этет?

**Мугалим**: Акыл оошот, б.а. акылдын өнүгүшүнө адам таасир этет, илимий билимдер, туура саясат, ЖМКдагы туура маалыматтар, эмгек, таалим-тарбия таасир этет. Акылдын өнүгүшүнө 64% генетикалык программа, 16% үй-бүлөлүк тарбия, 3% коом, 17% - ар кандай факторлор (компьютердик программалар, мектеп ж.б.) таасир этет (англис психологу Д.Шаттлеворт 1935). Акыл жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

**Болжолдуу жооптор: “**Акыл адашпас, билим коробос”. “Акыл конбогонго бакыт конбойт”. “Ачуу – душман, акыл – дос, акылыңа акыл кош”. “Акылга көнбөгөн азапка көнөт”. “Акыл тирүүдө урмат, өлгөндө даңк”. “Акылдуунун бир сөзү акмактын миң сөзүнөн артык”. “Акылдуунун иши дагы акылдуу, билимсиз баалай албайт акылды”. “Акылман-билги өлсө, журт акылсыз калат”. “Акылсыз болсо алганың, айыкпас дартка калганың”. “Акылы жок чыр сүйөт, обону бар ыр сүйөт”. “Акылы жокко убал жок” (уланткыла) [20].

**Мугалим:** Акылдуу чындык калптан кийин сүйлөнүүгө тийиш. Акыл жөнүндө окумуштуулардын кандай сөзүн билесиңер?

**Болжолдуу жооптор**: «Эмгек акылга акыл кошот» (Сенека). «Эмгекке олуттуу мамиле кылып, дайыма эмгектенген адам, иштин көзүн билип калат, акылы толот» (Я.А. Коменский).Уланткыла.

**Мугалим:** Акыл канткенде толот, эмнеден кемийт?

**Болжолдуу жооптор:** Акыл кемийт: капалуу болгондо, уктабай жүргөндө же ченемин билбей уктаганда, ачууга жеӊдиргенде, пайдасыз билим (схоластика, бурмаланган тарых ж.б.) алганда, акыйкат чагылдырылбаган китеп окуганда, арак ичкенде, бангизат колдонгондо, напсинин кулуна айланганда, акылсыз менен дос болгондо, туура эмес жолго түшкөндө (уланткыла).

Акыл толот: билим өздөштүргөндө, илим изилдегенде, акылдуу менен сүйлөшкөндө, акыйкат чагылдырган китеп окуганда, акылдуу кеп укканда, эл камын көрүп ойлонгондо, акылман адамдан таалим-тарбия алганда, өнүгүү жолуна түшкөн коомго кошулганда, эмгектенгенде (уланткыла).

**Мугалим:** Акылы өнүккөн, өнүкпөгөн адамдардын белгилери кандай?

**Болжолдуу жооптор:** Акылы жакшы өнүкпөгөн адам эл жөнүндө сүйлөйт (катасын, кемчилигин айтат, сындайт), акылы орто өнүккөн адам окуялар жөнүндө сүйлөйт, акылы өнүккөн адам ал окуянын пайдасы, зыяны жөнүндө сүйлөйт. Башкалардын ийгилигинен өрнөк, жаӊылыштыгынан сабак алат. Акылы жокко акча токтобойт, б.а. үнөмсүздүк – акылсыздын белгиси.

**Окуучу:** Кандай шартта акыл аракетке келет?

**Мугалим:** Акыл аракети дайыма эмгек менен коштолот, Мисалы пол жууганда 9%, жыгачты сүртүүчү станокто иштегенде 15%, токардык станокто иштегенде 50%, автомашинаны ачык жолдо башкарууда 35%, ал эми чоӊ шаарда башкарууда 59%, компьютерде жазып жатканда 73%, китеп окуганда 100% акылдын активдүүлүгү зарыл.

**Окуучу:** Эмне үчүн акылдуулар сөз алышат, акылсыздар өч алышат, эмнеге акылдын өбөгү билим, жөлөгү тажрыйба – деп айтылат?

**Болжолдуу жооптор:** Анткени акылдуулар акыл издеп кеӊешет, акылсыздар анын баалуулугун түшүнбөгөндүктөн, аны издегендин ордуна өз позициясын бекемдөөгө кам көрүп, өч алышат. Билимсиз, тажрыйбасыз акыл өнүкпөйт.

**Мугалим:** Элдик жомоктордо, эпостордо акылдуу адамдар кимдер?

**Болжолдуу жооптор:** Акыл Карачач, Жээренче чечен, Бакай, Алмамбет, Каныкей ж.б.

**Мугалим:** Кыргыз тилинде акыл-эске кандай синоним сөздөрдү билесиӊер?

**Болжолдуу жооптор:** идирек, зээндүү, жөндөмдүү, шыктуу, зирек, ийкемдүү ой жүгүртөт, жөн билги, дээринде бар ж.б.

**Мугалим:** "Акылмандын жообу"-деген ырга көӊүл бөлөлү:

– Акылман, даанышманым, айтчы чынын,
Акылдуу, акылсыз бар жетпейт сыным.
Акылдуу жашайт экен акыл менен,
Акылсыз кандай табат жашоо ыгын?
– Ал ырас акылдуунун акылы бар,
Акылы жашоосунда жолду табар.
"Ал эми акылсызда эмне бар" – деп,
Жөнү бар сен өӊдүүнүн сурап турар.
Байкачы акылсыздын көкүрөгүн,
Дымагы акылдуудан өйдө койгон.
Тулпарсып сезет дайым төкүрөӊүн,
Ал өтөт өмүр бою ошол бойдон (К.Артыкбаев).

**Жыйынтыктоо.** Эми сабакты жыйынтыктайлы. Балдар, акылдуу болуш

үчүн: билим алгыла, аны практикада колдонгула, турмуштук маселелерди өзүңөр чечкиле, ал боюнча ой жүгүрткүлө, аракеттенгиле, жөндөмүңөрдү өнүктүргүлө, шартка жараша ийкемдүү ойлонгула, эске тутумуңарга көңүл бөлгүлө, өз алдынча изденгиле, көп окугула, билимиңерди тереңдеткиле, кеңейткиле, тартиптүү болгула. Жакшы иштерди кылып көнгүлө, ким жакшы иштерди кылуудан ырахат алса, жаман иштерден иренжий баштайт. Акылман, тапкыч, амалдуу, кыраакы, жөн билги, баамчылдык сапаттарга ээ болгула. Элге калктын тарыхын чечмелей билген, акылы тунук, ата-мурас акыл тажрыйбаларына каныккан, караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан,өмүрүн элдин керегине арнаган, адамдар дайыма керек болуп келген, азыр да керек, келечекте да керек боло бермекчи. Силер керекке жараган адам болгула.

## Мактанчаактын сөзү чоң, мааниси жок. Текберчиликтин зыяндуулугу

**Сабактын максаты**: Окуучуларга текеберчиликтин, көйрөңдүктүн, мактанчаактыктын зыяндуулугун түшүндүрүү, адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоо.

**Сабактын жабдылышы**: Доскага “Тек жүргөндөр күнөөдөн соо турбайбы, Текебердик – элдешкис жоо турбайбы” – деп жазылат (Н.Алымбеков).

**Сабактын жүрүшү**:

1) Уюштуруу.

2) **Класс жетекчи**: Азыркы мезгилде коркунучтуу рухий-социалдык дарттардын бири – текеберчилик, көөдөнүн көтөрүү, мактанчаактык, менменсинүү. Эл мындай рухий дарттын ар кандай формаларын көрүүдө. Психологдор балдар менен өспүрүмдөрдүн бул багыттагы активдүү аракетин белгилешүүдө. Айрым өспүрүмдөр кийимге, уюлдук телефонго ж.б. жетсе, манчыркап, текеберденүүдө. Текеберчилик, бой көтөрүү, –моралдык терс сапат, башка адамдарды теңсинбей, компоюу, көөдөнүн көтөрүү, б.а. адамга менменсинип сыйлабаган мамиле кылуу коомго да адамга да зыян. Азыр сөз текеберчилик жөнүндө болмокчу.

Классикалык адабияттарга (Чайлд Гаролддун мезгилине) кайрылсак, мындан эки жүз жыл мурда эле мындай социалдык дарт болгон. Бирок ал мезгилде эл мындай рухий дартты келесоолук катары кабыл алышкан б.а. коом соо болгон, азыр мындай одоно, уятсыз, адепсиз, зыяндуу нерсени жаштар нормага айландырууда. Мындай социалдык дарт – жаштардын рухий чабалдыгынын натыйжасы. Тилекке каршы рухий-социалдык дартка азыркы жаштардын аз эмес бөлүгү чалдыгып калгандыгы өкүндүрөт.

Көпкөндүк, текебердик, мактанчаактык, бой көтөрүү, менменсинүү – наалаттоого татыктуу сапаттар. Алар көрүнө да, көмүскө да болорун билип койгула. Көрүнөсү да, көмүскөсү да рухий-ахлактык терс сапаттар болуп саналат. Алар адамга чоң кырсык алып келиши ыктымал. Текебердик – бул күнөө. Текебер адамдар өзүнө каалаган нерсени башкаларга каалашпайт. Алар кыжырдануусун токтото албайт, ачуулануусунан баш тарта албайт, башкаларга көз артпай коё албайт, чындыкты кармана албайт, адамга жакшы кеңеш бере албайт, башкалардын жакшы кеңешин кабыл албайт, адамдарды жек көрүүдөн кутула албайт, алар жөнүндө жаман сүйлөйт. Бул сапаттардын ичинде бир да оң

сапат жок. Текеберчиликтин эң чоң түрүнө – өз билимин пайдаланууга, чындыкты кабыл алууга, ага баш ийүүгө тоскоолдук кылган түрү кирет. Текебердиктин натыйжасы – башкаларды жек көрүү, тоотпоо, өзүнө-өзү маашыркануу саналат. Текебердикти кандайдыр бир ишти кыйын билем, маанилүү адаммын дегендер көрсөтүшөт. Өзүн тектүү, сулуу, күчтүү, бай, тарапкерлери көп деп эсептеген адамдар текебер болушат. Билим алууда жогорку деңгээлге жеттик деген адамдар текебердене башташат. Калгандарын алар наадандар деп эсептеп, өз кызыкчылыгына пайдаланышат. Адам бийик мартабага жетип, чоң мансапка ээ болгон күндө да, ага-инилерине мамилеси өзгөрбөшү керек, бир тууганына бой көтөрүү – көпкөндүк. Текебер адамдар көп ачууланышат. Ачуулануу – от сыяктуу, ал жүрөктү ээлеп алат, жүрөктүн түпкүрүндө күлдүн алдында калган чоктой болуп жата берет, заалим-текебер адам аны ыгы келгенде алып чыгат [10].

Текеберчиликке карама-каршы сапат – жооштук, момундук. Кыргыздар “Момундун ишин Теңирим иштейт”, Текебер ээси эки кылам десе, Эгем бир кылат” – дешкен. Жоoштук – бул жаш баладан баштап чоңго чейин адамдардын наадандыгына сабыр кылуу.

А.А. Замостъянов белгилүү окумуштуулардын арасында «мал сыяктуу класс», «каламбур» (бир нече маанилүү окшош сөздөрдү тамаша иретинде бура сүйлөө) деген сөздөрдү колдонуп сүйлөгөндү адатка айландыргандар бар экендигин жазат. Анткени окумуштуулардын арасында өзүн тандалмалуу (элиталуу) адамдардын катарында сезгендер бар. Адамдарды «койлор, микробдор» дегени – текеберчиликтин натыйжасы. 1993-жылдан баштап «жаңы орустар» (байлар) үчүн «Комильфо» деген программа пайда болгон. Анда «светский» (аристократиялык) жаңылыктарды, «клубдагы жашоодон обзор» деген сыяктуу официалдуулуктун илеби чыгып турган сөздөр айтылып,“демине нан бышкан” журналисттердин, куудул артисттердин шылдыңы нормалдуу көрүнүшкө айланган. Кыргыз артисттери аларды туурап «Тамашоу», «Мыскыл жана тамашаларды» берип турган. «Чындыгында кайда барсаң какмар-шакмар пролетариат адамдар жашаса, Салтыков-Шедринди окуган адамдардын духундагы репортаж жазуу кыйын», – деген сыяктуу сүйлөгөн текебер журналисттер пайда болгон. «Адамдарды каптаган мындай апааттуу ооpу (жаман адаттардын тарашы) чочко тумоосунан жана түлкү тифинен да жаман» – дейт А.А.Замостьянов [35].

Союз бөлүнөрү менен байлар пайда болду. Алар эл ичинен бөлүнүп чыгары менен прессада «жалпы элдин эстетикалык табити өнүкпөй калган, эл жарашыксыз кийинет»,– деген сыяктуу сөздөрдү айтып, жардыларга агрессивдүү мамиле кылгандар пайда болгон. Улуксунуп, кабагын салып (бой көтөрүп) кароо, менменсинип сүйлөө текеберлер үчүн – “жогорку баалуулук”. Чыгармачыл элитага чыгып алган текебер журналисттер экономикалык кыйынчылык мезгилинде чымырканып билим берип жаткан системаны шылдыңдаган учурлары болгон.

«Эл артисти», «элдик сүрөтчү» ж.б. реалдуулукка туура келген жана келбеген наамдарга айрымдары «жетишип», даражасы “жогорулай” түшсө, чычайгандардын да балдарга терс таасири тийди. Субординация (кызматына жараша кенжелердин чоңдорго баш ийүүсү) боюнча бөлүнүп мамиле түзүшү да

жаштарга өз «тарбиялык ишин» жүргүзүп жатат (б.а. субординацияны сактоо керек, текебердик керек эмес). Буларды балдар көрүшкөн, анын кыздарга өзгөчө терс таасири тийген. Аларды туураган кыздар «кыргыз жигитин сүйүп, бул жерде кор болгондон көрө американецке, немецке, еврейге тийип кеткен жакшы», – дешет. Алар: «камфорттуу үйдө гана жашап, ресторанда гана тамактанышы керек, ичкиликтин да өзгөчө даамдуусун ичишет», «алар искусствону сүйөт», "алардын табити башка" (чет мамлекеттен келген кийимдерди гана кийет). Ал кыздар сөздүн бир үндүү тыбышына басым жасап сүйлөшөт. Орфоэпиянын (сөздү үлгүлүү, так айтуу) эрежесин билбеген, жергиликтүү диалект менен сүйлөгөн жигиттерге үтүрөңдөп карашат. Кыргызча сөздү орусча, англисче акцент (сөздү айтуудагы өзгөчөлүк) менен сүйлөгөндү жакшы көрүшөт же «орус, англис тилинде сүйлөө артыгыраак». Кыргызда: "Кыз жаманы – кыроо, уул жаманы – уйгак (б.а. жабышса чыкпаган балээ)", "Кызың жаман болсо, жети атаңа жетээр, аттиң ай деп өмүрүң өтөөр", – деп айтылчу. Булар элдин кылымдаган тажрыйбасынан келип чыккан нускалуу ойлор. Бул макалдар азыр балдардын эсинен чыгып кеткен сыяктуу. Эми балдар, түшүнбөгөн суроолоруңар болсо, бергиле.

3) **Бышыктоо**. **Окуучу:** Эмне үчүн бир аз эле ийгиликке жеткен окуучулар текебердене башташат?

**Мугалим:** Анткени социалисттик система биздин элге өзгөчө эксперимент жүргүзүптүр, мектептерде ыймандык тарбияга жеткиликтүү камкордук көрүлбөй келиптир, мектеп окуучулары мындай өзгөрүлгөн шартка даяр эмес, азыр да мындай жаштар менен иштөөгө жеткиликтүү камкордук көрүлбөй келе жатат. Текеберчилик – коомдогу коркунучтуу рухий дарт.

**Суроо:** Текебердикти кантип тааныса болот?

**Жооп:** Алар башкалардын оозунан чыккан чындыкты кабыл алуудан баш тартып, талашып-тартышып, жеңүүгө аракет кылышат, анткени алардын "жаагын жабууну" каалайт.

**Суроо:** Билимдүү, арам ойлуу текебер адамдын адеп-ахлагы начар болсо, натыйжасы кандай болот?

**Жооп:** Билим алууга аракеттенип жүргөн текебер адамдардын айрымдары жүрөгүн тазалоого камкордук көрбөйт. Билим жамгыр сыяктуу, андан ачуу жемиш ачуураак, таттуусу ого бетер таттуураак болот, билим алуудан текебери ого бетер текеберденет, жоошу ого бетер жоош болот.

**Окуучу:** Кээде элдик нускалар, аксакалдардын адептик тарбиясы кайда кеткен же алар таасирсиз болуп калганбы,– деген ойго келесиң. "Мактанчаактын арканы чирик" – деп айтылчу эле го.

**Мугалим**: Ооба, кыргызда: "Текеберден Кудай безээр", "Бой көтөргөн суук көрүнөт, орой сүйлөгөн жек көрүнөт", "Кесирдүү башка келген бактыны кетирет", "Кесирдүүнүн оозунан кесепеттүү сөз чыгат" – деп да айтылчу [20]. Жогоруда айтылгандар – кесепеттүү сөздөр экенин билгенибиз оң, аларды түшүнүшүбүз керек. ("Чөнтөгүң кабат-кабат болгон менен, (рухий) дүйнөң жарды, дүйнөң жарды, дүйнөң жарды". Ш.Дүйшеевдин "Кайдыгерлик"– деген ырын окуп берет).

**Суроо:** Текебердиктин дагы кандай белгиси болот?

**Жооп:** Алар адамды көзүнүн төбөсү менен карайт, буттарын

кайчылаштырат, үй иштерине кол кабыш кылбайт, адамды жактырбагансып, асманды карайт, сыланкороздонот, текеберчилик кебетесинен көрүнүп турат. Көргөзмөлүүлүк, наамга, атак-даңкка умтулуу – текебердиктин белгиси. Өзү бир жерге барганда адамдардын тура калышын каалайт, бир жакка бара жатканда артынан бирөөнүн коштоп жүрүшүн каалайт.

**Суроо:** Жоош, момун жетекчинин белгилери кандай?

**Жооп:** Кызматкерлери менен бирге тамактанат, өз кийимин өзү оңдойт, анча-мынча жыртыгын жамап ара-тородо кийип алат, базардан керектүүсүн өзү сатып алат, өзү көтөрүп келет, адамга кол алышып салам берет, мүнөзү жумшак, жүзү жайдары, талабы орундуу, бирок катаал эмес болот.

**Суроо:** Байлыгына чиренген, текеберчиликтин зыяны кандай?

**Жооп:** Бул дагы – рухий илдет. Арам жол менен байлык таап, жаман иштерге жумшаган адамды маскарачылык күтөт. Мындай рухий илдеттен арылуу үчүн бай адамдар мекендештеринин алдындагы милдетин ойлосун.

**Суроо:** Текебер адамдарга мисал келтиргиле.

**Жооп:** Чынгыз хан, Бокмурун, Чынкожо, Толтой, Гитлер, Напалеон ж.б.

**Окуучу**: Кыздары Ата Мекендик жигиттерди, уулдары Мекенин чанып жатса, өлкө кантип өнүгөт? Биздин Мекенди ким сүйүш керек?

**Мугалим**: Эң жакшы суроолор коюлду. Буга ким кандай жооп берет? (Окуучулардын жоопторун угуп, кошумчалайт). Жүрөгүндө Мекенине, мекендештерине карата сүйүүсү жоктук – адамдын акылы жок сыяктуу эле чоң кемчилик. Анын көөдөнү көңдөй, б.а. бош челек сыяктуу. Текеберденип, мекендештеринин ичинен эч кимди сүйбөгөн кыз башканы сүйүп кыйратмак беле? “Дыйкан эгиндин кайкайган башына карабай, ийилген башына карайт”. (Плутарх). Эми сабакты жыйынтыктайлы.

**4) Жыйынтыктоо:** Биз кайсы алыбызга текеберденебиз? Текебер тоонун чокусуна чыккан адамга окшош экендигин түшүнгүлө, б.а. мындан ары жогору көтөрүлө (өнүгө) албайт, текебер адамда рухий өнүгүү болбойт. Материалдык абалы өзүнөн төмөндөргө кайрымдуулук болгон коомдо рухий өнүгүү болот. Рухий жактан өнүгүү болбосо, адам бакытка, коом ийгиликке жетпейт, муну түшүнүү керек. Биз ата-бабалардын жүрүм-турумунан, тарбиялык системасынан алыстап баратабыз. Ага бир аз жакындасак эле басынгандай сезебиз. Ушунубуз ата-бабаларыбызды урматтоого жатабы? Ата-бабалардын таалим-тарбиясын толук эсибизден чыгарабызбы? Биз ата-бабаларыбыздын таалим-тарбиясын урматтабасак, балдар бизди урматтамак беле?! Жок, ошону ойлонгула. “Өткөндү тапанча менен атсаң, келечек сени замбирек менен атарын унутпагыла”. Ага жол бербешибиз керек. Ата-бабаларыбыз бизге: “Бар болсо көппөй, жок болсо чөкпөй” жашоону осуят кылган. Силерге рухий соо коом түзүп жашоону, текеберленбей, соо урпак калтырууну каалайбыз.

## Кеп маданиятына жеткиликтүү көңүл бөлбөгөндүктөн пайда болгон көйгөйлөр, аны чечүүнүн жолдору

**Сабактын максаты:** Аз сүйлөп, көп угуунун маанисин түшүндүрүү, маанисиз сөз сүйлөгөндөн унчукпай отуруунун жакшы экендигин, акылдуу сөз

сүйлөөнүн маанисин, жаман сөздүн зыяндуулугун түшүндүрүү, көйгөйлөрдү азайтууга карата кеңеш берүү.

**1. Уюштуруу.**

**2. Жаңы тема.** Акыркы 20 жылда окуучулардын интеллекти жана физикалык өнүгүүсү боюнча артта калуусу 10 эсе өстү. Жаңы төрөлгөн балдардын 80%, ар бир 10 баланын тогузу оорукчал, өнөкөт оорусу бар кыздар көбөйдү. Алар – келечектеги энелер, улуттун генефону. Мунун себеби көп, бирок негизгиси – кеп маданиятына жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөндүгүндө (Интернет ресурсу. festival. 1 september. ru/articles/575334/ belpt.ru/?id=171:klassnyj-chas-o-vrede-skvernosljviuiya. Тарасова Е.А. Разработка занятия о вреде сквернословия).

Азыркы мезгилде сахнада, ЖМКда, китептерде негативдүү маалыматтар, тилдөө, жаман сөз айтуу кездешет.

Владимир Дальдын сөздүгүндө: “Сквернословие” деген сөздүн уңгусу – “скверна” – ал эң начар, өтө жаман, жийиркеничтүү, ойрон (мерзость), кара мүртөздүк, арамзалык, жүзү каралык (гадость), бирөөгө кастык, ыплас, булганыч, былык сөз (пакость), кара ниет, кара санатай, жаман ойлуу, бузукулук (все гнусное), жагымсыз, керексиз, жараксыз, уят, денени жана рухту буза турган (что мерзит плотски и духовно) деген мааниде которулат [13].

Окумуштуулар: “Сөгүнүү адамды генетикалык аппаратына “кирип”, мутация (тиричилик шарттарынын өзгөрүшүнө жараша организмде өзгөрүүнүн) пайда болушуна, кийинки муундардын тукумунун бузулушуна алып келет”, – деп ырасташат. Изилдөөчүлөр адамдын сөзүн электромагниттик толкунга өткөрүүчү аппаратты ойлоп табышкан. Сөз тукум куучулукка, ДНКнын молекуласына таасир этет. Адам тынымсыз сөгүнсө, хромосомдор майышат, үзүлөт, гендер орун алмашат. Натыйжада ДНК өз табигатына каршы программа иштеп чыгат. Анда өзүн жок кылуу программасы тукум куучулук аркылуу кийинки муунга өтөт. Окумуштуулар сөгүнүү ДНКга 10000 рентген кубаттуулуктагы радиоактивдүү нурдан күйгөндөй өлчөмдө зыянга дуушар кыла тургандыгын белгилешет. Алар өсүмдүктүн уругуна рентген нурларынын таасирин байкап көрүшкөн. Уруктар өлүп калышкан. Тирүү калгандарынан түрү суук (тубаса майып) өсүмдүк чыккан. Алар патологиясы бар тукум калтырган. Кийинки тукуму жок болот. Ошондой эле натыйжаны негативдүү сөздүн (богооздук, сөгүнүү, урушуу) күчүнөн да күтүүгө болот. Сөз акырын же катуу айтылса, натыйжасы бирдей болот. Окумуштуулар: “Сөздүн ДНКга таасири бар”, – деп ырасташат. Алар буга карама-каршы да эксперимент жүргүзүшкөн. Рентген нурларынын таасиринен “сыркоо” (мутация) болгон өсүмдүктүн уругуна “бата берип” (жакшы сөз айтып) көрүшкөн. 10000 радиоактивдүү рентген нурларга өлтүрүлгөн уруктар жандана баштаган. Бүлүнгөн гендер, үзүлгөн хромосомдор калыбына келип жанданган [38].

Кантип жөнөкөй сөздөр ДНКга, генетикалык программага таасири болсун? – деп ойлогондор бар. Толкундуу генетика боюнча илим изилдөөчү П.П. Горяев: “Ген – жөн эле клетка, химиялык заттар эмес, анын физикалык талаасы, хромосомдору, голографиялык түзүлүшү бар. Ата-бабанын өткөн маалыматтары генде сакталат. ДНКнын молекулалары электромагниттик толкундардын акустикалык (үндүн таралышы) жана жарык нурлардын жардамы менен маалымат топтойт”, – дейт. Азыр окумуштуулар жарык менен үндүн жардамы

аркылуу ДНКны “толуктоону” (дарылоону) үйрөнүп алышты. Генетикалык программаны айрым толуктоолор менен организмдеги резерви (мүмкүнчүлүгү) стимулдашат. Натыйжада оорулуулар айыгат, соолуп бараткан өсүмдүктөр жанданат [38].

Окумуштуулар: ДНК адамдын кебин, үн толкундарын “угат” – деген жыйынтыкка келишкен. А.С. Пушкин жубайына: “Француздардын романын окуп, рухуңду оорукчал кылба”, – деген. Унчукпай окуу менен ой формасы ядродогу клеткага жетет. Позитивдүү (жакшы) маалымат үстөмдүк кылган чыгарма генди (тукум куучулук жөндөмүн) соолуктурат (айыктырат), негатив (жаман ой) үстөмдүк кылган чыгарма майып кылат. Бата-дуба генетикалык аппараттын резервин (мүмкүнчүлүгүн) ойготот. Каргыш айтуу, наалат сөз генетикалык программаны бүлдүрүүчү күчкө ээ, демек организмдин өнүгүшүнө зыян [38].

П.П. Горяев: “Адам ой формасы, сөз аркылуу генетикалык аппаратты түзөт”, – дейт. “Сөз аркылуу рак оорусу пайда болот, сөз аркылуу адам айыгуу жөндөмүнө ээ”. И.Б. Белявский сөгүнүүдөн пайда болгон проблеманы изилдеген. Богооз адамдар аз жашай тургандыгы аныкталган, анткени жаман сөз жан кейитет, нервди бузат организмде өзгөрүүлөрдү, ар кандай ооруларды пайда кылат.

Бүткүл дүйнөлүк экологиялык академиянын мүчөсү, белгилүү врач, психофизиолог Л.Китаев-Смык: “Сөгүнүү адамды (өзгөчө аялдарды) гормондук (ички секреция бездерин) бузулууга алып келет. Алар өз курагынан 5, 10, 15 жаш улуу көрүнүшөт, өнөкөт дарты бар адамдар болушат. Богооздук – адамдын ээнбаштыгы, уятсыздыгы, цензураланбаган лексика – адамдын рухий жактан сыркоолугун далилдейт”, – дейт. Ал – адамдын ички абалынын аң-сезимдүү же бейаң чагылдырылышы. “Адам кандай болсо, сөзү ошондой болот”, – деген Сократ.

Бирөөнү шылдыңдуу, уулуу, орой сөз менен келекелөө – анын агрессивдүү сезимдеринин бар экендигин билдирет. Адамдын агрессивдүү сөзү, муштап жибергенден да адамга зыян, анткени жүрөгүн оорутат, кандын басымы жогорулайт, жүзү кызарат, маанайы бузулат. Адам таарынат, стресске келет, нерви бузулат, анан конкреттүү оору пайда болот.

Философия илиминин доктору В.Ю. Михайлин: “Орустун сөгүнүүсү – байыркы индоевропалык эркектердин аскердик коомунан келген, ал дубалоого окшош” – дейт. Жаш жоокерлердин “сыйкырдуу дубасы” – сөгүнүү болгон, ал аркылуу жигитке жырткычтык “дух кирет”. Сөгүнүү өспүрүмдүн жан дүйнөсүнө бүлүк салат, дилин (психикасын) кеселдикке, адамды деградацияга дуушар кылат. Жаман сөз адамды жаман ойго салат, анда адамдын чөйрөгө адаптациялануу мүмкүнчүлүгү төмөндөйт, инсан алгачкы өрчүбөгөн абалга түшөт, чечими туура эмес болот, жүрүм-туруму начарлайт [32].

В.Даль: “Адамдын кеби жана тили менен тамашалабаш керек, адамдын кеби – дене менен рухун байланыштырган көрүнбөгөн звено” – деген. Т.Задонский: “Богооздук – адамды өлтүрүүчү уу” – деген [32].

Богооз адамдар уролог, сексопатолог врачтардын жардамына муктаж болушат. Алардын бөйрөк, табарсык ж.б. органдары оорукчал болот. Аялдар болсо, генеколог, уролог врачтардын жардамына муктаж болушат. Эне болуу

жөндөмүнөн ажырайт же оорукчал бала төрөйт. "Жин, шайтан", "арам тамак", "азезил" деген сөздү айтпаш керек. Караңгы эгрогорлорго негативдүү энергия керек, алар ушу сыяктуу сөздөр менен энергия алышат, адамды ичинен бүлгүнгө салат, өздөрү күчкө толот. Л.Китаев-Смыктын, И.Б. Белявскийдин, П.П. Горяевдин, Масору Эматонун изилдөөлөрүнө таянсак, адамдын тиричилик аракетине сөгүнүүнүн терс таасири төмөнкүлөр [32]:

- интеллект деңгээли төмөндөйт;
- айлана-чөйрөгө терс таасири тиет;
- жаман адат жугат, аны таштоо кыйын;
- адамдын биологиялык талаасын жагымсыз кылат;
- адамдын кебин, сөз байлыгын жарды кылат, ойломун начарлатат;
- деградацияга дуушар кылат;
- жүрүм-туруму, кылык-жоругу бузулат;
- дилин (психикасын) кесел кылат, уят-сыйыттан ажыратат;
- агрессивдүүлүгү жогорулайт;
- заардуу, ачуулуу кылат, аны менен тил табышуу мүмкүн эмес болуп калат;
- гормондук (ички секреция бездерин) бузулууга дуушар болот;
- ДНКнын түзүмү өзгөрөт;
- генетикалык программасы өзгөрөт, тукумсуздукка алып келет.

Системалуу сөгүнгөн адамдар энергия соргуч (вампир) болушат. Алар жакындарынан энергия алып гана ийгиликке келиши мүмкүн. Богооз сөз айтылган үйлөрдө энерговампирлер (жиндер) болушат, алар үй-бүлөнүн мүчөлөрүнөн энергия алып жашашат. Бүлдүрүүчү эгрогорлорду азыктандырбагыла. Адамда энергиянын кемиши көйгөйдү көбөйтөт. Дем берүүчү энергиянын жетишсиздиги адамдын өнүгүүсүн жай кылат, ден соолугун начарлатат, жакын адамдар менен мамилеси бузулат. Богооз адамдын жакындарына зыяны тийип турат, ошондуктан мындай адаты бар адамдарга карата толеранттуулуктун кереги жок. Мындай адамдарды тарбиялаганга аракеттениңиз, богооздукка каршы күрөшүңүз, алыңыз жетпесе, андан алыстаңыз.

Сөздүн кубатынын адамдын турмушуна таасирин байыркы адамдар билишкен. Арбоо, дубалоо (политеисттерде), дарымдоо (бакшы, эмчи-домчу, дарымчыларда), жалынып-жалбаруу (монотеисттерде) – илгертеден колдонулуп келген каражат. Ошондуктан аалымдардын (насаатчылардын), баатырлардын, жоокерлердин, элдин камын ойлоп жан үрөгөн адамдардын сөзү бааланган. Ар бир сөз дүйнөгө өзгөрүү алып келерин унутпагыла.

**3.Бышыктоо. Суроо:** Кеп маданиятына кыргыз эли кандай маани берген?

**Жооп**: Кеп билген адам – көп билет, –деп жогору маани берген.

**Мугалим**: Ага кандай далилиңер бар?

**Жооп**: "Кеби сууктун тилеги суук". "Жакшынын сөздөрү май сепкендей, жамандын сөздөрү тай тепкендей". "Сөз сөөктөн өтөт, чучукка жетет". "Кеби токмоктун өзү акмак". "Тили тайгактын оозу айгак". "Жаман өзү билбейт, билгендин тилине кирбейт". "Сөзү экинин иши чеки". "Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө". "Ойлобой сүйлөгөн онтобогон ооруга жоолугат". "Сөз билүүчү адамдын ар сөзүндө бир тузак". "Кесирдүүнүн оозунан кесепеттүү сөз чыгат".

“Сөз доодон да, жоодон да куткарат”. “Сөз сөөктөн өтөт, таяк эттен өтөт”. “Ак сөз – акыл сөз”. “Айтылган сөз – атылган ок”, – деп сөзгө маани беришкен [20].

**Мугалим**: Туура. Сүйлөш үчүн ойлонуу керек. Адам сүйгөн кишиси менен сүйлөшүп, ой бөлүшкүсү келет. Устат менен шакирт да сүйлөшүп ой бөлүшөт, пикир алышат. Ой позитивдүү (дурус), рационалдуу болсо, сүйлөшүүдөн экөө тең канааттанышат. Сөз акыл-эстен чыгат, акылмандын акылы сөз аркылуу билинет. Сөздүн кубаты чоң. Жагымсыз сөз чыр баштайт, ырайымсыз сөз жашоого бүлүк салат, жаман сөз жаман ой туудурат, орой сөз көңүл калтырат, кубанычтуу сөз көңүл көтөрөт, керектүү сөз оор жүгүңдү жеңилдетет, мээримдүү сөз жүрөккө дары, сүйүктүү сөз маанайыңды көтөрөт. Адамдардын тайыз же терең экенин сүйлөп турган сөзүнөн билсе болот. Сөз адамды жаман же жакшы кылат, каргаса какшатат, жакшы сөз адамдын духун көтөрөт. Сүйлөшүү аркылуу эл сөз чеберчилигине үйрөнүшкөн.

**Окуучу**: Демек, тилди көзөмөлгө алыш керек.

**Мугалим**: Ооба, сөздү таап сүйлөгөн тил. “Адамды адам менен трууган кылган да тил, душман кылган да тил”. “Акылдын жарчысы тил, жүрөктүн ачкычы – тил”. “Тил азары тилге кирбейт, тилинен өлөрүн билбейт”. “Эң таттуу да тил, эң ачуу да тил”. “Тил ойдун сандыгы” [20]. Эл ичинен чукугандай сөз тапкан, акыл таба билген, тууганына жан тартпай, туура сөздү айта билген ак таңдай ырчылар чыккан. Акылы тунук акындар элдин аң-сезиминде болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн табиятын калктын калың катмарына жеткирип, көөдөндөрүн агартуучу тарбия берип, насаат сөз айтышкан. Мисалы: Молдо Кылыч, Арстанбек, Калыгул, Жеңижок (Көкө уулу Өтө) ж.б.

**Окуучу:** Кыргыздын илгерки адептик билими азыркы билимден төмөн эмес экен да?

**Мугалим:** Ооба, биздин эл бабалардын билимин, акыл тажрыйбасын өз боюна сиңирип, дээр, зээнин асылдандырып, билгенин кийинки муунга мурастоону адамдын атуулдук парзы катары эсептешкен. Алардын устаттыгын этнопедагогикалык өңүттө иликтөө бир топ баалуу дидактикалык ой, тыянактарга алып келет. Адамдын адептик аң-сезими анын жан дүйнөсүнүн (рухий) байлыгы, кеп маданиятынын жакшы калыптанышы менен байланыштуу. Жаман менен сүйлөшсөң, жан кейитип кеп салат, жакшы менен сүйлөшсөң, жан эргитип кеп салат, – дечү. Тил кандай чоң коркунучту катып жүргөнүн, жакшы сөздөр андан куткара тургандыгын биле жүргүлө. Пенде ыймандуу болуш үчүн жүрөгү таза болуш керек, анын жүрөгү таза болуш үчүн кеби (сөзү) таза болуш керек. Адамдардын эң жаманы – тили заар (уулуу) адамдар, алардын жамандыгынан коркуп, аларга урмат-сый көрсөтүлгөндөрү. Тилдин залалынан кутулбагандар, турмуштук көйгөйдөн кутулушпайт. Силерге тилдин адамга алып келүүчү көйгөйлөрдү таап келүүгө тапшырма берилди эле, ким эмнени таап келди? Адамдын тилинен келип чыккан көйгөйлөр кандай сөздөн чыгат экен?

1-окуучу: Адамдын өзүнө тиешеси жок нерселер жөнүндө сөздөр. Мезгил адамдын каражаты сыяктуу, тили жакшы олжо табууга жардам берүүчү курал сыяктуу, муну билбесе адам зыян тартып калат.

2-окуучу: Ашыкча сөздөр наалат айтууга татыктуу. Кыска, нуска сүйлөш керек. Акыйкатта адамдын тили тазаланууга баарынан көп укуктуу.

3-окуучу: Жалган сөздөр. Алар – ыймансыздардын, заалимдердин иши. Өз товарын калп сөз кошуп мактап сатуу, адамга кылган жакшылыгына сөз кошуу, аны милдет кылуу – жаман нерсе.

4-окуучу: Кайым-каяша айтышуу, уруш-жаңжалдар. Талаш-тартыш, эрегишүү, атаандашуу болгон жерде адашуу болот. Өжөрлөнүп талашып-тартышкан, өз пикирине маашыркаган адам – зыян тартуучу. Талаштан үндөбөй кутулуу керек.

5-окуучу: Соттошуулар, элдешкис доочулук наалаттоого татыктуу. Соттошууда кордогон сөздөр айтылат, адамдын кыжырын келтирет, душмандык артат, булар – жамандыктын булагы. Жакшылыктын булагы – жүздүн жарыктыгы, сөздүн жумшактыгы, бул – кыйын нерсе. Жумшак сөз көңүл көтөрөт, жүрөктү жибитет.

6-окуучу: Ыксыз кооздоп сүйлөө, жасалмалуулук – жосунсуз жорук.

7-окуучу: Уят сөздөрдү сүйлөө, сөгүнүү. Анын негизинде бузукулук, ыпластык жатат. “Момундар жамандабайт, каргабайт, уят иш кылбайт, сөгүнүп, кагынбайт” (хадис).

8-окуучу: Каргыш. Биздин ата-бабаларыбыз күнөөлүүнү каргабай, “Кудайга койдук” – деп чектелчү, абийирсиз акмакты да өлгөндөн кийин каргоо опурталдуу деп эсептешкен. Кыргыздар маркумдарды каргоого, тилдөөгө тыюу салышкан. Күнөөсүздөрдү каргоо адамдын өзүнө зыян экендигин билишкен.

9-окуучу: Адамдын адеп-ахлагына терс таасири тие турган ырлар. Тыюу салынган нерсеге чакыруу (ты воруещь лошадей, а я ворую санки), адамдарды шылдыңдоо, адамдын моралдык сапатына таасир эте турган ырлар (первым делом мы испортим самолетов, ну а девушек, ну а девушек потом), булар зыяндуу. Ал музыка менен коштолсо, терс таасири ого бетер күчтүү болот.

10-окуучу: Адамдын ызасына тие турган куйкумдуу азил-тамаша. Мыскыл-тамашанын ашыкча айтылышы, дайыма оюн-зоок менен алек болуу, ыгы жок күлкү болгон жерде урмат-сый азаят. Мартабалуу адамды тамашаласаң жаман көрөт, пас адамды тамашаласаң, ал сага жалпактай баштайт, адамдын намысына тийип тамашаласаң, душман болуп калат. Азил-тамашага ашкере берилүү акыл-эстен ажыратат, достордон кол үзүүгө алып келет. Чындыктан башка эч нерсе кошпой, адамды капа кылбай анда-санда тамашалоого болот.

11-окуучу: Адамдын кекечтигин, олдоксондугун, майыптыгын айтып, шылдыңдоого, мазактоого болбойт. Алар адамды ыза кылат.

12-окуучу: Бирөөнүн сырын ашкере кылуу. Ал – чыккынчылык, дос тааныштарга урматсыздык алып келүүчү нерсе, ал адамды капа кылат.

13-окуучу: Жалган убада, ант ичип, калп айтуу. Ал – эки жүздүүлүктүн белгиси. Ыймансыз сүйлөсө калп айтат, убада берсе, бузат, ага ишенсең чыккынчылык кылат, пикири келишпей калса, кыянаттык кылат, мыйзамсыз иш жасайт.

14-окуучу: Жамандоо, ушак-айыңдар, сөз ташуу. Ушак деп жарыя кылууга мүмкүн болбогон нерсени жарыя кылууну аташат. Ал адамдын намысын козгойт.

15-окуучу: Жалаа жабуу, чагымчылык. Адамдын кемчилигин аңдуу, эки жүздүүлүк. Касташкан эки адамдын утуру бирине барып, бирин-бирине жамандоо.

16-окуучу: Обу жок мактоо. Мактоонун зыяндары:  калп айтууга мажбур болот, бирөө көрсүн деп мактаса, эки жүздүүлүк болот, чын-төгүнү билинбей айтылышы мүмкүн, ыймансыз адамды мактап аны кубандырышы мүмкүн, мактоо адамга куру дымактыкты пайда кылат, адам маашырканып, өзүнө көзөмөлүн жоготот, ишке жөндөмү төмөндөйт.

17-окуучу: Сүйлөп жатканда кетирилүүчү каталар: “кудай кааласа” дебей убада берүү, “буйруса” дебей бир нерсе болот дебеш керек.

18-окуучу: Карапайым адамдардын өзү түшүнбөгөн нерселери жөнүндө суроолору. Түшүнүүгө кудурети жетпей турган нерселер жөнүндө суроо – наалатка татыктуу.  Чала-була бир нерсени биле калып, “билерман” болуу зыяндуу (А.Х.Аль-Газали. Мугалимдерге насаат. Бишкек. 2004).

**Мугалим**: Кандай учурда калп айтса болот?

**Болжолдуу жооптор**: Согушта керектүү максатка жетүү үчүн, касташкандарды элдештирүү үчүн, таарынышкан жубайларды жараштыруу үчүн жалган сөз айтууга болот. Заалимден жашырынып жүргөн күнөөсүз адамдын канын төгүүгө алып келе турган жагдайда бечаранын өмүрүн сактап калуу максатында калп  айтууга болот. Жакшылыкты көбөйткөн, таарынышкандарды элдештирүүгө аракет кылган адам калпычы эмес.

**Мугалим**: Тилдин заардуулугунун  кандай зыяны бар?

**Болжолдуу жооптор**: Тилдин заардуулугу  ачууну келтирет. Ачуулануу жүрөктү ээлеп алат. Айрымдар ачуусун айтып чыгарып салышат, айрымдары өч алышат, ачуу ичине топтоло берсе, жек көрүүгө айланат, ал түбөлүккө жек көрүндү болуп калат. Жек көрүү ачуунун саркындысы болгондуктан, бир катар зыяны бар:

1. Жек көргөн адамга жамандык каалайт, ийгилигине ичи күйөт, көрө албастыкты пайда кылат. Көрө албастыгы бар адам өзүнө душман, душманына дос болуп калган сыяктуу, себеби көрө албастык адамдын өзүнө зыян (энергиясы кетет), душманына пайдалуу нерсе.
2. Ичи тардыгын ичине каткан адам жек көргөн адамдын кайгысына моокуму канып, табалайт. Таба жолу тар болот.
3. Ал адам өзү сени менен мамиле кылып, умтулган күндө да сен андан мамилең сугандыктан, оолак болгуң келет.
4. Ага кайдигер карап, андан жүз үйрүйсүң.
5. Жаманатты кылган сөздөрдү айтып, анын кемчилигин көрсөтөт, ж.у.с. тыюу салынган нерселерди айтат.
6. Жек көргөн адамын шылдыңдап, мазактайт.
7. Аны уруп, согуп, жаракат кылат.
8. Туугандык мамилени бузуп, баш тартат, укугун тебелеп, адилетсиздик кылат.

**Мугалим**: Кыргыздын элдик тарбия ыкмалары  кандай болгон?

**Болжолдуу жооптор:** Жакшы тилек кылып, жакшы ат коюу, баланын жакшы болуусун тилеп, күндө дуба кылуу, баланын адептик аракетин алкап бата берүү, адал тамак менен оозандыруу жана азыктандыруу, зыяндуу чөйрөдөн коргоо, жакшы чөйрөгө аралаштыруу,  колунан келген билимин берүү, жакшысын таап, жаманын жаап тарбиялоо, сүйлөө эрежелерин үйрөтүү, акыл-насааттарын айтуу, жомок, дастан, аңгеме, баян айтуу, куран окуу ж.б.

**Жыйынтыктоо.** Тилдин жаңылыштыгынан проблемага келбеш үчүн эмне кылуу керек? Алар рухий илдет экендигин түшүнүү керек. Рухий илдеттен кутулуу үчүн атайын курска катышуу, китеп окуу максатка ылайык. Бардык ахлактык мандемдер билимдин жана аракеттин айкалышы аркылуу дабаланат. Бирөөнү жамандоо өзүңдүн рухий өсүшүңө зыян. Бирөөнү жамандагандан тигил адам кандай азап чексе, дал ошондой азапка өзү кабыларын билгениң пайдалуу. Бекем ыйманга ээ адам башкаларды жамандабайт. Жаман ойлор зыяндуу нерсе экендигин билишет. Этнопедагогикада: "Жаман ой шайтандан, ага ишенбөө керек, ал – бузукулардын бузукусу" – деп айтылып келген. Педагогикада ал (шайтан) жөнүндө эч нерсе айтылбайт. "Ойду тазалоо боюнча элдик педагогикалык каражаттар натыйжалуу.

Сөгүнүүнүн зыяндуулугун түшүндүкпү? Сөздү абайлап сүйлө, "тилинен жаңылган турбайт, тизелеп жыгылган турат", жакшы сөз сүйлөп жүрсөңүз сага мамилеси дурус адамдар көбөйөт. Жаман сөздөн оолак бол, жаман сөздөн элдин сага мамилеси сууйт. Кебиңди көзөмөлдө. Жакшы маанайда турганда адам менен мамиле түз, жаман маанайдан кутулууга аракет кыл. Аз сүйлөп, көп ук, маанисиз сөз сүйлөгөндөн унчукпай отуруу жакшы, унчукпай отургандан акылдуу, маанилүү сөз сүйлөгөн жакшы. Орундуу сөз сүйлөп, бактылуу жашагыла.

## Билимдүүгө дүйнө жарык, билимсиздин көөнү карып.

**Сабактын максаты:** Окуучуларга билимдин маанисин түшүндүрүү.

Доскага: "Билимдүүнүн күчтүүсү – адамгерчиликтүү". "Билимдүүдөн акыл чыгат, акылдуудан накыл чыгат". "Билим издеген өсөөр, бүлүк издеген өчөөр", "Билим – өмүр азыгы" – деген сөздөр жазылат.

1) Уюштуруу.

2) **Жаңы тема. Мугалим**: Билим деп – бытиени (турмушту),чындыкты, дүйнөнүн илимий картинасын, реалдуулукту таанууну, практика жүзүндө текшерилген жыйынтыктын аң-сезимдеги чагылдырылышын аташат (Советский энциклопедический словарь. М., 1980).

Иштин жөн-жайын билген менен билбегендин айырмасы бар. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды билбесек, башка элдер менен алака мамиле түзүүнүн жол-жоболорун билбей калабыз, булар жөнүндө түшүнүгүбүз болуш керек. Ошону менен бирге өзүбүздүн тарыхый, маданий процесстеги ордубузду максат-мүдөөбүздү так аныктап, менталдык-психологиялык өзгөчөлүгүбүздү, насилибизди сактап калуу үчүн этнопедагогикалык билимди өздөштүрүү керек. Элдик маданий мурастардын негизиндеги таалим-тарбияны, элдин мүдөө-тилегин, акыл-оюн, адептик нормаларын билүү – билимдин ушул улутка гана таандык түрү болуп саналат. В.Гумбольд: "Элдин руху тилинде чагылдырылат. Ар түрдүү тилдер бир эле нерсенин ар башкача айтылышы эмес, ошол нерсенин башка жактарын көрүү" – деген. Ата-бабаларынын маданий мурастарын, тарыхын, генелогиясын, тилин, динин билбеген, алар менен байланышы үзүлгөн элдерди этнос-маңкурттар деп коюшат [10].

Тарбия – жашоо эрежелерин үйрөтүү, а билим – таалим-тарбиянын куралы. Билим берген мугалим менен билим алган окуучу – ырыс-дөөлөт шериктери

сыяктуу. Сыркоого тамак, суу, дары бербесе өлөт. Ошондой эле, дилди рухий билим менен азыктандырып турбаса, дил (психика) да сыркоо болот, өлөт – деп айтылып келген элдик педагогикада. Билим – жүрөктүн (дилдин) жашоосун колдоп турган рухий азык. Адамдын рухунун табигаты жөнүндөгү билимден куру калган жүрөк (дил) илдетке чалдыгат, зээндүүлүккө жетпейт, зирек, сезимтал болбойт. Билимсиз адамдын аң-сезими, акыл-эси (интеллекти) өнүкпөйт. Билимдүүнүн башкалардан артыкчылыгы: жөндөмү, шыгы өнүгөт, башкалар ээрчий турган идея табат, илим изилдейт, ачылыш жазайт, жаңы метод, механизм ойлоп табат, адамдын турмуштагы көйгөйлөрүн чечет ж.б.

Билим – адамдын колундагы шам чырак сыяктуу. Адам билимине, аң-сезиминин абалына жараша коомго көп же аз пайда келтирет, билимсизи зыян келтирет. Турмуштун ар кандай жагдайында (күн тутулса, криминогендик шартта ж.б.) билимсиз адам тынчыздана берет, билимдүүсү өзүн токтоо алып жүрөт. Элдин этикалык билими болсо, коомдун адеби оңолуп,маданияттуулугу жогору болот, билими жок коом түркөй болот. Мындай коомдо көйгөй көп болот. Адамга билим алуу эле маанилүү эмес, кандай билим алуу да маанилүү. Билим үч түрдүү болот: илимий билимдер, диний билим, пайдасыз билим. Илим – бытие, дүйнөнүн сүрөттөлүшү жөнүндө теориялык билимдердин системасы, материалдык дүйнөнүн жаралуусу, жашоосу, кубулуштар баш ийген касиеттердин, объективдүү мыйзамченемдүүлүктөрдүн топтому болуп саналат. Буга физика, химия, математика, география, медицина ж.б. илимдер кирет. Диний билим деп – жалпы эле Ааламдын жаралуусу, жашоосу, өзгөрүүсү, өнүгүүсү ж.б. кубулуштардын болуп өтүүсү жөнүндөгү маалыматтарды, шарият мыйзамдарынын топтомун, Кудайдын өзү жөнүндө адамзатка билдирүүсүн аташат. Пайдасыз билимге секталык, псевдомаданий “окуулар”, схоластика, оккультизм, спиритизм ж.б. кирет. Адам ар тараптуу өнүгүшү керек. Азыркы балдар илимий билим менен чектелип, адептик-рухий маселелерге жеткиликтүү көңүл бөлбөгөндүктөн, балдардын 95% оорукчал болууда. Илим интеллектти өнүктүрөт. Интеллекти өнүгүп адеп-ахлагы начар калыптанган, ыймансыз коом коркунучтуу. К.Д. Ушинский: “Акылдын билим менен байланышынын пайдасы көп, бирок адепсиз билимдүүлөр коомго зыяндуу айлакерлер болуп калышат” – деген. Акылы өнүккөн, билими терең, бирок адептик аң-сезими өнүкпөй калган ыймансыз коомдо көйгөй көп болот.

Адептик билим насаат аркылуу көбөйөт, ой жүгүртүү аркылуу бышыкталат, жүрөктөн орун алганда адамдын абалы, кылган иштери өзгөрөт. Билимдүүлөр менен жолугушкула жана аларга жакын болгула, себеби акыл оошот, билим жугушат, узак жааган жамгыр жерди тирилткендей,билим жүрөккө, мээге таасир этип, жандандырат.

Кыргыз эли көчмөн эл болдгондуктан башка элдерден айырмаланган билимге ээ болушкан. Элдик билимдерди изилдөөчү А.П. Байбосунов: “Кыргыз сөздүгүндөгү 40000 ден ашуун сөздүн 1000ден ашыгы өсүмдүктөр дүйнөсүнө таандык экендигин белгилейт. Фармаколог изилдөөчүлөр: П.К. Алымбаев, Ж.Нуралиевалар “Дартка даба өсүмдүктөр” (Бишкек. 1994) –деген китебинде аш болумдуу өсүмдүктөрдүн дарылыгы элдик медицинада белгилүү болгондугун белгилешет. Белгилүү кыргыз тарыхчысы, этнографы Б.Солтоноев “Кызыл кыргыз тарыхы” деген китебинде бүркүттөр 65 түргө бөлүнөрү жөнүндө

маалымат берет. Кыргыздар географиялык (байыркы кыргыздардын картасы ж.б.), математикалык (чен-өлчөмдөр, сандар ж.б.), астрономиялык (Үркөр, Чолпон ж.б.), тарыхый (санжыра ж.б.) адабий ж.б. билимге ээ болушкан.

**Бышыктоо**. **Суроо:** Билим жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

**Жооп:** "Билим – жанып турган шам чырак". "Билимдүү зор, билими жок корболот". "Билимдүүнүн билими жугат, билимсиздин ириңи жугат". "Билими бар ар балээден кутулат, билими жок миң балээге тутулат". "Билим – кенч, эмгек анын ачкычы". "Билимдүүнүн күчтүүсү – адамгерчиликтүү". "Билимдүү мээге салат, билимсиз мээден алат". "Билимсиздин көөнү карып". "Билимдүүнүн түнү күн, билимсиздин күнү түн". "Билимсиз адам – мөмөсүз дарак". "Билимсиздин сөзү билектей, билимдүүнүн сөзү жибектей". "Билимсизге иш жок, ишсизге аш жок" [20]. (Уланткыла).

**Суроо:** Билим жөнүндө кандай накыл кептерди билесиңер?

**Жооп:** "Билимдүүнүн белгиси, билимин келет бергиси, акылдуунун белгиси акылын келет бергиси". "Билим насааттын аркасы менен көбөйөт, сүйүү эстөө менен күчөйт, коркуу өзүнөн өзү келген ой аркылуу күчөйт". "Билим – окуу, ой жүгүртүүнүн жемиши болуп жаралат, билим жүрөктөн орун алып, адамдын абалын өзгөртөт, анын өзгөрүшү менен дене мүчөлөрү тарабынан кылынуучу иштер өзгөрөт". Билимдин негизинде ой жүгүртүү – бардык жакшы нерсенин башталышы.

**Суроо:** Билимсиздик – рухий илдеттин башаты болсо, эмнеге билимдүүлөрдөн наадан чыгат?

**Жооп:** Билип кой, адебиңе көңүл бөлбөй, билимдин бир нече түрүн өздөштүрүп чектелсең, наадан болушуң ыктымал, наадандык – рухий илдет, ар бир илдеттин дабасы ар башка. Илдетти пайда кылган себепке карама-каршы келген нерсени колдонуу жолу менен дабалоо керек. Билими жок болсо да, атак-даңкты, жогорку кызмат ордун сүйүүнүн себеби – наадандык. Наадандыкка каршы нерсе – рухий билим. Наадандыкты рухий билим менен дабалоо керек.

**Суроо:** Анча-мынча билимге ээ болуп, достору мактап койсо, акылына манчыркагандар билимдүүбү?

**Жооп:** Ал – акылдын тайыздыгы, аларды билимдүү адамдар шылдыңдап күлүшөт, достору капа кылгысы келбей, мактап коёт, адам канчалык парасаттуу экенин досторунан эмес, аппонентинин (каршылашынын) ага берген баасынан билүүгө тийиш.

**Суроо:** Кээ бир адамдар санжыраны, тарыхты билип, "биз тектүү элден болобуз", – деп манчыркашат, бул туурабы?

**Мугалим:** Алар тектүүлүгү менен сыймыктанышат, тектүү адамдар кечирилет деп эсептешет, бул да – рухий илдет. Алар ата-бабаларынын кылганын кылбай, бабалары ээ болгон сапаттарга ээ болбой туруп, аларга кошулам деп ойлосо, ал өзүнүн кемчилиги бар экендигин билсин. Ата-бабаларынан өрнөк алсын, билими, адеп-ахлагы, эмгеги ж.б. сапаттары менен бабаларынын катарына кошулсун.

**Суроо:** Азыр жогорку билимге ээ болгон жаштардын 75% жумушсуз калышууда. Мындай "билим алууга" мамилеңиз кандай?

**Мугалим:** Коомдун жашап кетиши үчүн жумушчулар, дыйкандар, кесиптик-техникалык билимдин ээлери көбүрөөк керек, анан атайын-орто (колледждик)

билимдүүлөр, анан жогорку (ЖОЖ) билимдүүлөр керек. Бизде плансыз кадрлар даярдалууда. Ата-энесинин кашыктап тапканын чөмүчтөп чачып “билим алгандар” коомго да, өзүнө да пайдасыз болууда. Натыйжада “билимдүүлөрүбүз” көп, коомубуз патологиялуу, экономисттерибиз көп, экономикабыз начар абалда, юристтерибиз көп, криминал “гүлдөп” жатат, жазуучуларыбыз көп, элибиздин адептик-рухий дүйнөсү көйгөйлүү.

**Суроо:** Пайдасыз билимге ээ болуп, өзү адашып, башкаларды адаштырып жүргөндөр бар, алардын коомго зыяны кандай?

**Мугалим:** Адамдардын арасында өзүнүн натура көз карашы менен сыймыктангандары да болот. Мисалы, сектанттар. Көз карашы туура эмес адамдар туура эмес ой жүгүртүшөт, аракети туура эмес болот. Алар – зыян табуучулар, натыйжасы депрессия, нервоз, апатия ж.б. Пайдалуу билим издесин, оң жолго түшсүн.

**Суроо:** Бийликке жеткиси келгендер кандай билим издеш керек?

**Мугалим:** Саясат менен байланышкан билим алсын, эл менен мамиле түзүүнүн жол-жобосун үйрөнсүн: башкалар ачууланса, ал ийкемдүү болсун, бирөө таарынса, көңүлүн алсын, бирөө айыптаса, чыдасын, бирөөнүн жаңылганын көрсө, оңдосун, алсызга сабыр кылсын, келишпестиктерди, түшүнбөстүктөрдү көрсө адилет болсун, уулуу сөз, негизи жок жоромол укса, аларды кечирсин, чындыгы кандай экендигин түшүндүрсүн, бөлүнгөндү бириктирсин, эринчекти эскертсин, духу түшкөндү кайраттандырсын, бузулганды түзөсүн, ак ниеттүүлүк менен эмгектенсин. Бийликтегилердин иши кыйын, жүгү оор. Күчүң жетпесе, Кудайдан жардам сура, доско жылуу, душманга кайраттуу, акылмандарга туура ой-пикир, сөз айт, тоскоолдуктарды тазала.

Убактысынан мурун гүл ачылбайт, көйгөй мөөнөтүнөн мурун чечилбейт, мындайда сабыр маанилүү. Улуттун этнопедагогикалык билими болот, ата-бабалардын билимине далыңды салба. Коомду башкарган да билим, аны жандуу кылып кармаган да билим. Билимдердин эң маанилүүсү адамдын, напсинин табигатын билүү, адамдын чоң душманы – өзүңдөгү напси.

Өлкөнүн байлыгы бийликтегилердин бөлүп алчу мүлкү эмес. Мурдагылардын жаңылыштыгын кайталаба, бир мезгилде биз чоң мамлекет болгонбуз, ошол бойдон сакталып, жашай албаганбыз. Бир мезгилде мамлекеттүүлүгүбүздү жоготуп, башка мезгилде кайра түзгөнбүз, советтик системада да жашаганбыз.

Билим да көп окусаң, көлдөй толот, билимсиз турмушунда карып болот.

Унутпа өткөнүңдү талдай билгин, урпактын насаатчысы тарых болот. Мамлекет бытыраса, оңой менен чогула албайт, “отурса” оңой менен тура албайт. Киши кыймылдабаса, каны уюп, былжырап калат, мамлекет өнүгүүгө аракет кылбаса, “былжыраган” саясат башталат. Мамлекеттин досу бөлүнөт, касы ажыдарга айланат. Андай өлкөнүн иши оңолбойт. Ишиңдин натыйжасын кагаз бетине калтыр, адамдын күчү түгөнөт, сенин билимиңдин кийинки муунга пайдасы тийсин. Бийликтен кеткен жаман эмес, артында жакшы из калтырбай кеткен жаман, наадан катары тарыхта калган жаман. Кийинкилер калтырган жеринен улоо керек.

Азыр кылыч менен маселе чечилбей калган. Согушту кыргыз сүйбөгөн, кан

агызуудан ырахат албаган. Кишиге кылыч көтөрүү – кылмыш. Ажо мамлекеттен жогору эмес, согуш ажо үчүн жасалбайт. Саясат деле – күрөш, бирок күрөштү билимдин негизинде, элин сүйүп, жүргүзүш керек, сүйүү болсо, жымжырттыкта бакырып сүйлөбөйт. Өтмүштү билбеген, келечекти биле албайт, кайдан келгенибизди кайда барарыбызды билиш керек. "Билим гана адамды эркин жана бийик (улуу) кылат" (Ж.Баласагын).

Дан сыяктуу болсоң, кушка жем болосуң, гүл сыяктуу болсоң үзүшөт, б.а. билинүүдөн, көрүнүүдөн (показухадан) кач. Жоошутук менен кичи пейилдиктин ичинде жаша. Ошондо жаман көздөн, ашык сөздөн кутуласың. "Сулуулугун ачыкка чыгарган аял, ийгилигине маашыркаган ажо балээге эшик ачат" (Руми). Алар көрө албастыкты өзүнө тартат. Досу, душманы эки башка жол менен аны жок кылууга аракеттенишет. Бири кызганып, бири ашыкча мактоо менен зыян келтирет. Дос-душманга "көрүнбөй" эмгектен, адамдын түбүнө эки нерсе жетет: напсинин арзуулары, мактоону (алкыш алууну) сүйүү.

**Жыйынтыктоо.** Элдик педагогикада: "Билимдүү киши айнектей, билимсиз киши тумандай". "Элдин көркү – билим, жердин көркү –эгин". "Билимсиз өмүр – кунарсыз жашоо". "Элдин өнүгүүсүнүн зарыл шарты – билим алуу", – деп айтылчу [20]. Келечегибиз кең болуп, бактылуу жашоо үчүн мектеп курагында кандай билимге ээ болуу керектиги жөнүндө ойлонгула. Ден соолугуң чың болуш үчүн дене тарбия боюнча билим, аракет керек. Байлык кызыктырса, жакшы сапаттагы өндүрүм (продукция) өндүрүү боюнча билим изде, байлык топтоо жөнүндө ойлон, акча керек болсо, сооданын, коммерциянын жол-жобосун үйрөн. Туура көз караштa жашоону кааласаң, пайдасыз билимден оолак бол, өзүңө керектүү билим алууга жатык бол, дилгир бол, кунт коюп оку, изден, аракет кыл. Билимдүү болгула, бактылуу жашагыла.

## Ырыс алды ынтымак

**Сабактын максаты**: Мамлекеттин өнүгүшүндө биримдиктин,үй-бүлөнүн өнүгүшүндө ынтымактын маанисин түшүндүрүү.

Доскага: "Ырыс алды ынтымак. Ынтымагың жок болсо, алдыңан таяр алтын так, башыңан кетер ырыс, бак. Ынтымагы бар элдин, ар дайым карды ток болот, ырыскысы мол болот" – деп жазылат.

1) Уюштуруу.

2) **Жаңы тема. Мугалим**: Ынтымак деп – адамдардын, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн, коомдун бири-бири менен гармониялуу жашоосун, ырааттуулукту, пикир келишип, бири-биринин оюна макул болуп жашоосун аташат. Ынтымак – бейкуттуктун себеби, ийгиликтин башаты, ырыстын алды. "Ынтымагың бар болсо, айылың кең, башка журттарга тең болосуң, ынтымагың жок болсо, ит менен кушка жем болосуң". "Ынтымак мүрөк суусундай, чыр-чатак жылаан уусундай". "Ынтымаксыз эл жетим" – деп айтылып келген [20]. Ынтымагы болбогон элге, мамлекетке, үй-бүлөгө, адамга бак конбойт, иши оңолбойт. Билип кой, ынтымак – адептүүлүктүн жемиши, кара мүртөздүк – адепсиздиктин жемиши, ал адамдарды бири-биринен алыстатат. Эки адам бири-бирин жакшы көрсө, алардын жакшыраагы – өз жолдошун көбүрөөк жакшы

көргөнү. Баарынан жакшы адамдар – башкаларды сүйгөн, өзү сүйүүгө татыктуу, кең пейил жана ынтымакка умтулган адамдар. Ал эми аганы инилерден, ата-энени баладан, кошунаны бири-биринен ажыратып, ушак таратып жүргөндөр – эң начар адамдар. Ыймандуулуктан бири-бирине сүйүү, тилектештик жана ынтымак жаралат, ал араздашууну жок кылат. Кара мүртөздүк болсо, ниеттин бузулгандыгынан жаралат, ал көрө албастыкка, жек көрүүгө, мамилелердин үзүлүшүнө алып келет. Араздашуу бар жерде бөлүнүү болот, бөлүнгөн эл мамлекеттүүлүгүн сактай албайт, үй-бүлөнүн мүчөлөрү коомдогу баштапкы уюм болуп эсептелген үй-бүлөлүк институтту сактай албайт. Манаста: "Бөлүнүп калса кыргыздар, көрүнгөн элге кеп кетет, бөлүнүп калган козуну көрүнгөн бөрү жеп кетет" – деп айтылат. Бири-бирине жакшылык каалап турган, бири-бирин жакшы көргөн, кең пейил, тилектеш адамдар ынтымактуу болушат. Ынтымак – ыймандуу адамдардын мамилеси, бирок ынтымакта жашагым келет деп, көрүнгөн адам менен достошо берүүнүн кереги жок. Эл ынтымакта жашоо үчүн адамдардын ак көңүл болгону маанилүү.

Үй-бүлөдөгү ынтымак – бейкуттуктун көрөңгөсү. Ыйманга жана улуттук дөөлөттөргө таянбаган, рухий баалуулуктан куру калган үй-бүлөдө ынтымак болбойт. Өз ата-энесин өгөйсүнүп, карылар үйүнө тапшыргандар бар, өз баласын жетимдер үйүнө тапшыргандар пайда болду. "Эгер эмгектеген наристелер, бели бүгүлгөн карылар, оттоп жүргөн жаныбарлар болбогондо, азап силерди сел сыяктуу каптамак" (хадис). Ынтымакка умтулган адамдын жүрөгүндө сүйүү болот, өзү да сүйүктүү болот. Жүрөгүндө балага карата сүйүүсү бар эне менен сүйүүсү жок өгөй эненин айырмасы асман менен жердей. Башка адамдардын сүйүүсүнө татыксыз, жүрөгүндө башкаларга карата сүйүүсү жок адамдарда дөөлөт жок. Тууганлары менен ынтымакта жашоо үчүн ага-инилерге каралашып тургула, сыркоолоп калса, кабар алып тургула, түйшүккө түшүп калса, жардамдашкыла, унутуп калса, эсине салып тургула. Сен бир тууганыңа өзүңө кандай мамиле кылышын кааласаң, ошондой мамиле кыл, бул – ынтымакка умтулуунун жогорку деңгээли, өзүңдөн жакшы мамиле кылып, анын керектөөлөрүн өзүңдүкүнөн жогору койсоң, бул – ынтымакка умтулуунун эң жогорку деңгээли. Бир туугандарыңдын кемчиликтерин тил менен эле эмес, жүрөгүңдө (ичиңде) да "үндөбөй" коюш керек, ал жөнүндө жаман ойлобо, жаман ой – зыяндуу нерсе, анын иштерин жакшыга жорууга мүмкүн болгон жерде жаманга чыгарып жибербегиле. Анын кемчилигин билүүгө аракет кылбагыла, аңдыбагыла, бири-бириңерге көз артпагыла, далыңарды салбагыла, бири-бириңерди жек көрүүдөн баш тарткыла. Туугандын айткан сөздөрүнүн чын-төгүндүгүн айтып талашпагыла, анда тууганың акмак болсо, азапка салат, жоош-момун болсо, сени жек көрүп калат.

Окуучу канчалык билимге умтулса, аракети натыйжалуу болсо, мугалим аны ошончолук жакшы көрөт, мугалим канчалык көп мээримин төгүп, билим берсе, окуучуга көбүрөөк көмөк көрсөтсө, окуучу аны ошончолук жакшы көрөт. Мугалим менен окуучунун аракети алардын ынтымагына жараша болот. Экөөнүн ынтымактуу аракетине жараша иши ийгиликтүү, эмгеги натыйжалуу болот. "Ынтымак турса калкыңда, душманыңдан тартынба". Тирдиктин түбү – бирдик. "Ырыс алды – ынтымак, ыркы жокко конбос бак". "Ынтымагың жок болсо, жашоо кыйын тынчыраак". "Ынтымагы бар элдин карды ток, ынтымагы

жок элде ырыс жок" – деп айтылып келген.

**3) Бышыктоо. Суроо:** Ынтымакты сактоо үчүн кандай адамды дос тутуу керек?

**Жооп:** Ынтымактуу жашоо керек деп, көрүнгөн адам менен дос боло бербегиле. Адам кимди жакшы көрсө, ошонун адаттарындай адаттарды карманат. Досуң кандай сапаттардын ээси, ошону карагыла. Достун акыл-эстүү, кең пейилдүү, ыймандуу, ак ниеттүү болгону дурус. Ыймансыз, өз кызыкчылыгын көздөгөн, өз жыргалчылыгына умтулган адам менен дос болуунун кажети жок. Акыл-эс, ыйман – достукта дасмия жана негиз болуп саналат. Кекчил, эси жок адам менен достошуудан пайда жок. Достукта эң зарыл сапат – ак көңүлдүк. Сен кол сунсаң, сага кол сунган, сен кызмат кылсаң, коргогон, сен аны менен бирге жүрсөң, кооздогон, тамак-ашсыз калсаң, камкордук көргөн, жакшылыкка кош көңүл карабаган, жамандыгыңды жашырган, иш кылсаң, туура кеңешин берген, бир нерсе айтсаң, ишенген, талаш маселеде сөзгө көнгөн адам менен дос болгула. Чыныгы дос – кыйынчылыкта жардамга келген адам. Достугу пайда келтирбеген адамдан оолак болгон дурус, анын атаандаштыгы зыян келтире албайт.

**Суроо**: Адамдын айыбын ачуу туурабы, ынтымакты сактап калуу үчүн жашырып коюш керекпи?

**Жооп**: Адамдын айыбын ачуу анын беделин түшүрөт, жүрөгүнөн тынчтыкты кетирет. Сен өзүң айыпсыз адамсыңбы, эртең сенин айыбыңды бирөө ачып турса жакшыбы? Ойлонуп көр.

**Суроо**: Айрым адамдар жакшылыкты баалабайт, пайдасынан зыяны көп, адеп-ахлагы жаныңды кейитет, кулк-мүнөзүнө чыдаш кыйын, алар менен кантип ынтымактуу жашоого болот?

**Жооп**: Андай адамдан оолак жаша, анткени ал сенин жашооңду азапка салат, бирок ага карата толеранттуу бол.

**Суроо**: Үй-бүлөдө бири-бирин аябаган адамдар болушат, алар менен кандай мамиле кылыш керек?

**Жооп**: алардын ыңгайсыздыктарына карата сабырдуу, чыдамдуу болгула. Алар менен да ынтымактуу жашагыла.

Гете беш нерсени айткан: "Текебер менен арсыз адам, орой менен сылык адам, ак ниет, улуу адам менен зулум, сараң менен кайырчы, калпычы менен чынчыл адам ынтымакта жашай албайт".

**Жыйынтыктоо.** Мамлектеттүүлүктү, үй-бүлөнү сактап калуунун зарыл шарты – элдин (адамдардын) ички биримдиги. "Ички ынтымагың бузулбай, эли-журтуң бир тамырдын каны, бир дененин жаны, бир сабактык даны сыяктуу жашагыла, биримдигиңерди чыңдагыла" (Э.Ибраев). "Ичкени үзүү оңой, жоонду эч ким үзө албайт" (Тонуктун эстелигинен). "Глобалдашуу доорунда мамлекеттүүлүктү сактоонун зарыл шарты – ички бекемдик, акча, алтын-күмүшкө сатылбай, күнүмдүк кумарга алданбай, чет өлкөнүн идолдоруна сыйынууга эмес, "махабатына" эмес, индивидуалисттик өзүмчүл прогматикага эмес, Мекенге агынан жарылган, ак жаркын патриоттук сүйүүгө, эл-жерине берилгендикке, улуттук баш кошкондукка, бийик жарандык аң-сезимдүүлүккө тарбияланышы абзел (С.О. Байгазиев). Ынтымакты бузуучу нерселер – ынсапсыздык, ушак-айың, ырайымсыздык, сабырсыздык, тартипсиздик,

ысырапчылык, көрө албастык, ичи тардык, эси жоктук, акылсыздык ж.б. Үй-бүлөдө ынтымакта жашоонун зарыл шарты – ымалалашуу, ырктащуу, ата-эне, ага-ини, эже-сиңди ж.б. менен мамиле түзө билүү, иштин эбин табуу, адеп-ахлактуулук. Ынтымак кетсе, бак конбойт, ишиң оңолбойт, ырыс турбайт, жолуң ачылбайт. Ынтымак бар болсо, жолуң ачылат, бакыт конот. Уруш бар үйдө санаа бар болот, ынтымак бар үйдө дөөлөт бар болот. Уруш ырысты качырат, ынтымак ырысты ашырат, чакырат. Ынтымакты баалагыла, бактылуу жашагыла.

## Калп айтуу, жала жабуу, алдамчылык

**Сабактын максаты**: Калп айтуунун, жалаа жабуунун алдамчылыктын адамга, коомго,мамлекетке зыяндуулугун түшүндүрүү.

Доскага: “Калптын казаны кайнабайт”. “Калп ырыс кесет, калп сөз – жанга жоо, калпка жакын болсоң – жалаасы жугат” – деген сөздөр жазылат.

**1) Уюштуруу.**

2) **Жаңы тема. Мугалим**: Калп деп – чындык менен акыйкат бурмаланган, абал өзгөртүлүп айтылган ырастоону аташат. “Акыйкаттыкка, реалдуулукка карама-каршы (туура келбеген) ырастоону”Аристотель гносиологиялык жалган деген. “Эгерде адам бөлүнгөндү чогуу десе, биримдиктегини бөлүнгөн десе, жаманды жакшы десе ал – жалган”. Адамга жалган сөздү чындан, маанисиз сөздү маанилүүдөн, абсурдду туура корутундудан ажыратуу маанилүү. Психологиялык көз караште аң-сезимдүү айтылган жана атайын айтылбаган жалган (адашуу, жаңылуу) деп бөлүнөт. Мунун экөөсү тең адамды тескери жолго, туура эмес ойго салат, чаташууга (адашууга) өбөлгө болуп, туура эмес аракетке түрткү болот, бирок аң-сезимдүү жалган өтө зыяндуу. Бурмаланган ырастоо саясатта, илимде, динде, маданиятта зыяндуу. Бурмаланган тарых – чыныгы билим эмес, ал тарыхтан алчу сабактан куру калтырат. Илимде схоластика, иезуиттик философия, оккультизм, илимий коммунизм сыяктуу пайдасыз билимдин жаралышына түрткү болот. Динде адамзатты үчкө (иудаизм, христиан, ислам), секталарга бөлүнүүгө алып келген. Саясатта көйгөйлөрдү көбөйтөт, мамлекеттүүлүктү сактай албаган абалга чейин жеткириши мүмкүн, СССРдин бөлүнүшүнө мнимый (жалган) идеялардын тиешеси бар. Кыргыздар мурдагы доорлордо чоң держава болгон, туура, калыс саясат жүргүзө албаган өлкөлөрдүн тагдыры ушундай болот. Жалган сүйлөө адатка айланса, тагдырдын тайкы болушуна өбөлгө болот.

Калп айтуу, жалаа жабуу, алдамчылык – рухий дарт. Кыраакылык менен парасаттуулук – бакыт-таалайдын ачкычы болсо, калпычылык, жалаа жабуу, алдамчылык, өзүн-өзү алдоо – бактысыздыктын булагы болуп саналат. Рухий өнүгүүнү ойлобогон, ички ааламдын абалына көңүл бөлбөгөн, анын абалына баамы жетпеген адамдар башкаларды, өзүн-өзү алдоо жолуна түшөт, бирөөлөргө жалаа жабат. Натыйжада көңүл кумарына баш ийип, калпычы болуп калат. Бактысыздыктын себебинен кутулбаган адам, бактысыздыктан кутула албайт. Калп айтуунун, алдамчылыктын бүгүн коомго, башка адамга зыяны тийсе, эртең өзүнө зыяны тиет, ошондуктан алар – наалаттоого татыктуу сапаттар. Өзүн-өзү алдоо – рухтун көңүл кумарына, шектүү ойлорго, кыялга алдамчы сезимге

берилгендигинин натыйжасы. Өзүн-өзү алдаган адамдардын көпчүлүгү “менде баары жакшы” деп ойлошот, бирок жаңылышат. Калп айтуу, өзүн-өзү алдоо – кыйынчылыгын жеңе албаган, чындыкка тике карай албаган бечаралардын иши. Ыймандуу адам бүгүнкү кыйынчылыгын колунан келген аракети менен жеңүүгө умтулат, ыймансыз бечара, калп айтып, убактылуу ырахатка жетүүгө умтулат.

Атасынын жеткен ийгилигинин аркасында күнөөдөн кутулам деген калпычы балдар бар, атасынын алган билими баласына жөн эле өтпөйт, ошондой эле баласынын күнөөсү атасынын мойнуна өтпөйт. Өзүн-өзү алдоо – билим албай туруп, билимдүү болом деген адамдын келесоолугуна окшош. Айрым адамдар өздөрүн алдоого ушунчалык берилип кеткендиктен, адилетсиздик менен аша чабууларга чейин барышат.

**3) Бышыктоо. Суроо:** Калп айтуунун себеби эмнеде? **Жооп:** Адам бир нерсени чындап кааласа, өз максатына жетүү үчүн ар кандай айла-амалдарды ойлоп табат, кишинин чыныгы максаты – ыймандуу АДАМ болуу, адеп-ахлагын ондоо, чындыкты сүйүү. Бул максаттын чыныгы максат экендигин билбегендер көңүл кумарына жетүүнүн айла-амалын табам деп калп айтышат. Адам болуу үчүн аң-сезимдүүлүк, билим, зээндүүлүк керек. Ар кандай иште адамга аң-сезимдүүлүк менен баамдуулук жардам берет. Адамдын өзүнүн ким экендигин, кайдан келгендигин, кайда барарын ойлонуу керек, ички ааламын тартипке салуу менен адам болууга жетишет. Адам болууну максат кылбаган киши өзүн-өзү алдоодон кутула албайт, анткени каалоолор адамды алаксыта берет.

**Суроо:** Ыймандуу адам болсом деген тилек башка каалоолордон күчтүүрөөк болсо, адамдын ниеттери оңолуп, мансапка, байлыкка, жыргалга жетүү ж.б. жөнүндөгү каалоолордон баш тартып калабы?

**Жооп:** Адам болом деген киши өзүн-өзү алдагысы келбей калат, ал эми каалоолору көп адамдар ага жетүүнүн айла-амалын ойлоп таба берет, анын натыйжасы – дүйнө жыргалын издөөнүн артынан түшүп, өзүн-өзү алдоого өтөт.

**Суроо**: Адам болууга умтулууда кездешкен тоскоолдуктар көп болобу?

**Жооп:** Адепсиздик, бардык терс сапаттар – тоскоолдуктар сыяктуу. Андан кутулуу үчүн өзүн-өзү көзөмөлдөө керек.

**Суроо**: Шектенүү, ушак, жоромолдоп ой жоруу эмнеден жаралат? **Жооп**: Алар – өзүн-өзү алдоодон кийинки натыйжа, “калптын казаны кайнабайт”, калп айткан кишини кеп кылышат, чындыгы кандай болду экен деп ойлонот, ал чын сөз айтса да шектенет. Калп, жалганчылык –адамды ишенимден чыгарат, урматтан калтырат, калп айткандын абийири таза эмес болот.

Кыргызда калп жөнүндө төмөнкүдөй накыл ойлор бар: “Калп адамдын сөзүн иритет, кайгы адамдын өзүн чиритет”. “Калп – дарт, чындык – эм”. “Калп ырыс кесет, кайгы өмүр кесет”. “Калпычы ойноп айттым дейт, ууру таап алдым дейт”. “Калп айтып пайда тапсаң, акыры каласың уятка, чын айтып зыян тапсаң, акыры жетесиң муратка”. “Калп сөз – жанга жоо, өткүр бычак – канга жоо”. “Калп сөз – жандын душманы”. “Калп менен көйрөңдүк – өтө калпыс көрүнүш”. “Жалганчы дос, душмандан жаман”. “Жалган сөз бел ашырганы менен, эл ашырбайт” (маселе оруңдуу чечилбей, зыяны кийин чыгат) [20]. Калптын зыяндуулугу жөнүндө окуучулардын пикирин угат.

Эми сабакты **жыйынтыктайлы**. Калп айтып сүйүндүргүчө, чын айтып күйүндүргөн артык. Калптын арышы кыска. Калпычынын сөзү суу кечпейт, чын

сөзү төгүнгө чыгат. Калпычыга адам ишенбейт, ишенимден чыккан кишини эл адам катары санабайт. Калпычы менен үй-бүлө түзүш кыйын, калган сапаттары жакшы болсо да, бир эле калпычылыгы бардык жакшы сапаттарына тете болуп турат. Дайыма чындыкты сүйлөгүлө, коомго, үй-бүлөгө, элге зыяны жок жашагыла.

## Адептүүлүктүн мыйзамдары

**Сабактын максаты**: Адептүүлүктүн алтын эрежеси, мыйзамдары менен тааныштыруу.

**1) Уюштуруу**

**2) Жаңы тема**: Адеп дегенибиз − адамдын жүрүм-турум нормасын аныктоочу моралдык эреже жөнүндөгү этикалык түшүнүк. “Адептик тарбия – улуу иш, ошол аркылуу адамдын келечек тагдыры аныкталат” – деген В.Г. Белинский. Адам канчалык адептүү болсо, адептүүлүктүн наркын ошончолук терең түшүнөт. Уяттуулук жана уятсыздык, абийирдүүлүк жана абийирсиздик, адептүүлүк жана адепсиздик, намыстуулук жана намыссыздык – булар урмат сыйга ээ болууга же урмат-сыйдан калууга алып баруучу жолдор.

Адептүүлүктүн эрежесине көңүл бөлөлү:

1) Жаш кезиңерден жакшы, бийик адамдык сапаттарга көнүккүлө.

2) Бийик сапаттардын негиздүүсү – акылмандуулук, өлчөмүн билүү, эрдик, айкөлдүк, калыстык, сабырдуулук.

3) Акылмандуулукка адам акыйкат билимди өздөштүрсө гана жетет.

4) Өлчөмүн билүүгө дайыма үйрөнгүлө, ичип-жегенде, уйкуда, иште, оюнда, сүйлөгөндө, унчукпай жүрүүдө, эс алууда ж.б. өлчөмдөн ашпаганга көнгүлө.

5) Эрдикке үйрөнүү – өзүнүн жалкоолугун, коркоктугун, эрксиздигин ж.б. жеңүүдөн башталат, чыдамсыздыгыңды, ачууңду, каалооңду тизгинде. Өзгөчө эркек балага эрдиктин түрлөрүн билүү керек: мамиле түзүүдө айкөлдүк, эмгекте чыдамкайлык, жашоодо түз жүрүү, жумушта ишти убагында бүтүрүү, сөздү орду менен сүйлөө ж.б. эрдикке үйрөнүүнүн башталышы.

6) Калыстыкка умтул, ар кимге өз энчисин бер, ар кимди ишине, адебине, билимине жараша баала, калп сөздөн оолак бол, милдетиңди так аткар, эч кимди мазактаба, сүймөнчүлүктүү бол.

7) Билим алууга умтул, мүмкүнчүлүгүңө жараша аракеттене бер, жалкоолор, илендилер кежирлер, аңкоолор пайдасыз “жүк” бойдон калышат. Тартипти бузганга жаза берилерин бил, жазага таарынба, ачууланба, жазалаган мугалимди жек көрбө, оңолуп кет.

8) Адептүү, жакшы, айкөл адам менен мамиле түз.

9) Эмгекке олуттуу мамиле кыл, эмгектенген адам иштин жөнүн билип калат, ишмердик көндүмү калыптанат. Эмгекти сүй.

10) Кылганың бирөө үчүн болсо, жакшы сапаттарга үйрөнгөнүң өзүң үчүн, бирөөгө жакшылык кылганды билбеген бала бийик сапатка көнбөйт, өзүн өзгөчө сүйүп, өзгөгө кайдыгер адамдын коомго пайдасы тийбейт, эч кимге пайдасы тийбеген адам рухий жактан өнүгө албайт, анын бийик сапаты калыптанбайт, үй-бүлөгө, коомго пайдалуу бол.

11) Жаман адатка көнө элегиңде, жашыңан жакшы сапатка көнүк, жазында

короого жашылча эгип калбаса, отоо чөп чыгарын унутпа.

12) Дайыма ниетиңди оңдой берсең ниетиң тазарат, ойлоп, туура сөздү сүйлөсөң, кеп маданиятың калыптанат, жазып жатып туура жазганга, чындыкты гана айтып жатып чынчылдыкка үйрөнөсүң.

13) Тартиптүү адамдардын жашоосун көр, үлгү ал.

14) Эмнени эксең, ошону оросуң, эмнени көрсөң, ошону жугузасың, үлгүлүү, адамдарды кара, нускалуу, насаат сөздү ук. Көрө албастыктан алыс бол!

15) Моралдык жактан бузулган, ичкилик ичкен, кылмышкер адамдардын чөйрөсүнөн алыс бол, анткени жаман адат бат жугат. Жаман достон, жаман сөздөн, маанисиз сүйлөшүүдөн, мазмунсуз китептен, бекерпоздуктан оолак бол, көз, кулак менен кирген жаман маалымат – рухий уу. Бекерпоздуктан акыл кемийт.

16) Кичи пейил адам дос менен душманды оңой ажыратат, айрым бийликтеги адам кошоматчыны чын пейилдеги адамдан ажырата албай калат, кошоматчылар бийликтен ажырасаң, бири алыстайт, экинчиси душманга айланат. Алардын чыныгы түрү суук болот.

17) Сабырдын түбү – сары алтын, турмуштагы терс көрүнүштөрдү сабырдуулук менен жең, ачууга жеңдирбе.

18) Сага башкалардын кандай мамиле кылышын кааласаң, сен да башкаларга ошондой мамиле кыл, сага карата башкалардын кандай ниетин, пейилин, көргүң келсе, сен да ошондой ниет, пейил күт.

Эми адептүү адам кандай болот, ошого көңүл бөлөлү. Бир адептүү, боорукер, эч кимге зыяны тийбеген, ар дайым жакшылык кылып көнгөн адам, адепсиз, ичи тар, ач көз, бирөөнүн кубанычын көрө албаган адам менен кошуна туруп калат. Бул кошунасы адептүү адамдын үй-бүлөсү менен бакубат жашоосун көрө албай, анын маанайын бузууга аракеттене берет. Короосуна кээде таштанды, кээде жаман суу ыргытып салат. Күндөрдүн биринде адептүү адам короосуна чыкса, жугунду толгон чака турат. Адептүү адам жугундуну төгүп, чаканы жалтырата тазалап, бакчадан эң жакшы алмалардан толтуруп, кошунасыныкына алып барат.

Эшигинин такылдатканын уккан кошуна “аа, акыры жинине тийген экем, эми үйүндө тынчтык бузулат”, – деп ойлоп, айтчу сөзүн камдап эшикти ачат. Бирок кошунасы адаттагыдай жылмайып, кызарган алмаларга толгон чаканы сунуп, “Ким эмнеге бай болсо, ошонусу менен бөлүшөт”, – деп акырын басып, үйүнө жөнөйт. Кыргызда: “Таш менен урганды аш менен уруп жең”, – деген кеп бар.

**Бышыктоо. Мугалим**: “Силер ачууңарга тийген кошунага кандай жооп кайтарасыңар? (Окуучулардын жообун угат) Эсиңерге түйүп койгула, ар ким өзүнө жараша башкаларга баа берет, таза адам башкаларды таза деп ойлойт, өзү былык башкаларды былык деп ойлойт, адам өзүнө тааныш сөздөрдү сүйлөйт, акмак гана бирөөнү “акмак” деп тилдейт, себеби адам өзүнө таандык сапатты башкага ыйгарат. Жакшы адам жакшы иш кылат, жакшы сөз сүйлөйт, аракети жакшылыкка багытталган болот. Жөндөмсүз адам гана башканын жасаганына акылы жетпей, аны жамандайт. Коркоктор гана өзүнүн коркоктугун билдирбеш үчүн баатырсынып, өз кемчилигин көрсөтпөгөнгө аракет кылат. Көп нерсени билбеген адам өзүн көрсөтүү үчүн көптү көргөндөй, көптү билгендей сүйлөп,

кемчилигин “билдирбегенге” аракеттенип, башкаларга өйдөсүнүп сүйлөйт, ошентип адам өзүнүн ким экендигин билдирип турат. Ошондуктан ар дайым бийик болгула, адамга жаман сөз айтпагыла, жаман адебиңерди көрсөтпөгүлө, бирок өйдөсүнүп сүйлөбөгүлө.

**Суроо:** Адамдар күнүгө жамандык кылып, кыйынчылык түзүп жатса, кантип адептүү болобуз?

**Мугалим**: Жакшылыкка жакшылык, ар адамдын кылаары, жамандыкка жакшылык эр адамдын кылаары. Психологияда жашыруун мыйзамдар бар. Жакшылык кылган адам жакшылык көрөт, башкаларга кулак төшөй билген киши өзүн угуза алат. Жакшылык кылуу бир эле материалдык жактан жардам берүү эмес, адамдарга жылмаюу, жакшы сөз айтуу, көңүлүн көтөрүү ж.у.с.дын баары жакшылык болуп эсептелет. Башкалардын сени менен кызматташуусун кааласаңыз, өзүңүз кызматташууга умтулуңуз. Башкалардын сизди жакшы көрүшүн кааласаңыз, башкаларды жакшы көрүңүз. Жакшылыкты сүйгөн адамдын алдына байкалбастан жакшы мүмкүнчүлүктөр чыга берет. Жакшылыктын эч кайтарымсыз жасалганы оң, аны милдет кылбаш керек. Жакшылык кылып, адамдын ажатын ачсаңыз, мээде кубанычка бөлөөчү гармондор көбөйөт. Жакшылык кылган адам өзүн бактылуу, коопсуз сезет, адамдар арасында ишеними артат. Адам жакшылыкты пайдалуу болуудан ырахат алгандыгы үчүн жасаш керек. Жакшылык кандайдыр бир кызыкчылыкка, пайдага негизделбеши керек, андан кайтарым күтпөгүлө, жакшылык башка жол менен сизге кайрылып келет. Биз жогоруда сөз кылган адам – эр адамдын үлгүсү.

Эми сабакты **жыйынтыктайлы**. Бу дүйнөдө баардык нерсе өз баасына ээ болот. Адам окуяга, кырдаалга, саясатка, адамга ж.б. жакшы, орто, жаман деген баа берет, берген баасына жараша мамиле кылат. Иштин келечеги да ошол берген баасына жараша болот. “Ийгиликтер күн сайын кыйынчылыкка туруштук берип, адептүүлүк менен күрөшүүдөн келип чыгат” (Н.Островский). Турмушта мындай мыйзамдар бар: Адамга күч керек болсо, аны күчкө жеткирүү үчүн кыйынчылык берилет. Акыл керек болсо, акылды байыта турган проблема берилет. Байлык керектерге аны көбөйтүүгө карата маселе, акыл, ден соолук, шарт берилет. Ийгилик керектерге ага жетүү үчүн тоскоолдуктар берилет.Сүйүү керектерге чын көңүлдөн жардам берүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Жакшылык керектерге жакшылыктарга алып баруучу жол ачып берилет. Турмуштук кыйынчылыкка туруштук бере албаган, физикалык жактан күчтүү, бирок эрки жок адам алсыз болот, эрки күчтүү, сабырдуу, бирок мүнөзү жумшак, адептүү адамдар баарына бышып, чыдамкай болуп жетилет. Айрым адамдар кыйынчылыкта өзү эле бышып жетилип чектелбестен, чөйрөнүн өзгөрүшүнө да оң таасир этип, абалды пайдалуу багытка буруп кетет. Алар билимин, акылын, сүйлөө маданиятын туура пайдалануу менен элдин пикиринин өзгөрүшүнө себепкер болуп, максатына жетет. Андайлар абалдын жаман жагын гана эмес, жакшы жагын көрө билишет. Жакшы ниет, адептик аракет жакшы натыйжага алып келет. Ошондуктан:“Турмуштун жолу татаал, жеңилди коюп, татаалга матал” – деген Сузани.

## Достуктун мааниси

**Сабактын максаты:** окуучуларга дос табуунун жол-жобосун үйрөтүү, жолдошторуна жардам берүүгө даярдоо.
Доскага төмөнкү сөздөр жазылып коюлат: “Достон кымбат эч нерсе болбойт, достошууга мүмкүнчүлүк болсо эле достошкула” (италиялык тарыхчы Ф.Гвиччардини), “Бактылуу күндөрдө дос кубанып бөлүшпөсө, ал сонун көрүнбөйт, бактысыз күндөрдү дос бөлүшпөсө, көтөрүү кыйын” (Цицерон)
**Сабактын жүрүшү**:
1) **Уюштуруу**.
2) **Жаңы тема**. Достук бул – адамдын адамга чын жүрөктөн берилгендиги, кыйбастык, рухий жакындык. Достук – адамдын жардамга келүүгө даярдыгы, чын дилден адамга күйүү. Чыныгы дос табуу – бакыт. Достук бул – кызыкчылыктын биригиши, ынанымдын, көз караштын окшоштугу, көздөгөн максатынын, таламдарынын бирдиги, адамдардын бири-бирине ниетинин түздүгү, бири-бирин жактыруу, кыйынчылыкты бөлүшүү.

“Дос тапкың келсе, анын мүдөөлөрүн түшүн, дүйнөнү анын көзү менен кара, анын кубанычын, кайгысын бөлүш, турмуштун ысык-суугун бирге тат. Сенин кылык-жоругуң башка адамды кандай абалда калтырарын ойло, жаман мүнөзүңдү көрсөтпө, анын көңүлүн калтырба, андай кайгы бир күнү сага да келерин унутпа. Анын кайгы-кубанычына кайдигер болбо. Кайдигерлик – жүрөктүн катуулугу. Кайдигерлик – жан дүйнөнүн сокурдугунун белгиси” – деген В.А.Сухомлинский.

Жакын адамдын, достун кайгысын түшүнүү – кыраакылык, бул сапат адамгерчиликтүү, асылзат адам болууга өбөлгө болот. Биз адамдын кыймылдарынан, көз карашынан, маанайынан жүзүнөн, дем алуусунан, дүйнө таанымынан анын кайда бара жатканын көрө билсек, турмушта кайгы болмок эмес.

Эми достукка карата мисал келтирели. Бир класста төрт бала окуган, чогуу ойноп, чогуу жүрүшкөн, мектепте чогуу дежур болушкан. Асан менен Айбекти олимпиадада жеңишке жетишкендиги үчүн математиканы тереңдетип окуткан мектепке котормокчу болушкан, бирок алар досторунан ажырагысы келбей, өз мектебинде калган. Ошентип негизги мектепти (9-классты) чогуу бүтүрүшкөн.

Ошол төрт бала кайыкта сүзүп бараткanda күн күркүрөп, шамал болуп, жамгыр башталды. Балдар коркуп кетишип, кайыкты жээкке айдап, Чолпон-Ата тарапка качышты. Бирөө эле кайыкта калды. Ал Айбек болчу. Жамгыр бетке чаап, жаап жатты. Толкун кайыкты омкоруп кетчүдөй шарпылдап,уруп жатты. Айбектин колдору ооруп, көздөрү тунарды, бирок ал көлдүн жээги менен кеме токтоочу жайга бардык күчүн жумшап сүзүп баратты. Максатына жетип, кайыкты ордуна жип менен байлады. Кайыкчы баланы таң калып карады.
– Сен кайдан келдиң иничек?

– Бүгүн сизден кайык алганбыз, мен кайра алып келип берем деп убада бергем.

Он алты жашар баланын мындай шартта сөзүнө турушу үчүн эрк керек эле. Ал да корккон болчу, кайыктан түшүп, үйүнө качууну ал да ойлогон, бирок турмушта дайыма эле каалаганын кыла берүүгө болбойт. Айбек бу жолу бир нерсени түшүндү, анын достору чыныгы дос эмес экен.

4. **Бышыктоо** үчүн суроолор:

1) Адептик кыраакылык деген эмне, дос күтүүдө кыраакылыктын мааниси кандай?

2) Дос-душманга карата кандай мамиле кылуу керек?

3) Айбектин мүнөзүндө кандай өзгөчөлүк бар экен?

4) Сен анын ордунда болсоң кантет элең?

5) Достору Айбекти эмне үчүн таштап кетишти?

6) Л.Н.Толстойдун "Коркок дос душмандан коркунучтуу, анткени душманыңа сак болосуң, досуңан үмүттөнөсүң" – деген сөзүн чечмелегиле.

7) Бул мисалда кандай адептик маселе каралат? Анын мааниси кандай?

8) Достун милдети болобу?

9) Дос болуш үчүн адам кандай жоопкерчиликти билиш керек?

10) Жогорудагы мисалда балдарга кандай талап коюлуп жатат?

11) "Жан дүйнөм менен берилип, досума иштеп бердим" – дегенди кандай түшүнөсүң?

12) Норвегиялык драматург Генрик Ибсен: "Сага (чын дилден) берилген досуң үчүн өтө көп иш жасаба" – деген. "Өтө көп" дегени эмнеси? Сенин пикириң кандай?

13) Өз тажрыйбаңан мисалдарды келтиргиле.

14) Сен жардамга муктаж болгондо жоромолдоп билген адам барбы?

15) Н.Островский: "Достук – бул чын ыкластуулук, жаңылыштыгын сындоо. Адам жаңылыштыгын оңдош үчүн эң оболу достору катуу сынга алыш керек" – деген. Силердин пикириңер кандай? Өспүрүм куракта кээде ата-эненин пикиринен да досторунун пикири маанилүү болот. (Н.И Дереклеева, М.Ю.Савченко. Справочник классного руководителя. М., 2009). (Окуучулардын жоопторун угат).

**Суроо:** Достук жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

"Досу көптү доо албайт, акылы көптү жоо албайт". "Эски дос эстен кетпейт, жаңы дос кадырыңа жетпейт". "Дос сыйлайт, душман кыйнайт". "Дос сыртыңда мактайт, душман көзүңчө мактайт". "Дос, доско жаныңды кош". "Доско зар болбо, душманга кор болбо". "Досуң канча болсо, душманың ошончо". "Дос миң болсо да көп дебе, душманың бир болсо да аз дебе". "Жүз сомуң болгуча жүз досуң болсун". "Досуңун касынан сактан, касыңын досунан

сактан”. “Досуңдун кебинен чыкпа, кебинен чыксаң эбинен чыкпа”. “Досуңдун сөккөнүнөн коркпой, касыңдын өпкөнүнөн корк” [20]. (уланткыла).
**Суроо:**Достук жөнүндө кандай ырларды билесиңер?
Жоого таштап, өзүн ала качпаган,
Жакшы жолдош алтын го дат баспаган.
Жүрөгү бир, жүлүнү бир ар дайым,
Жат, бузуктун алдоосуна сатпаган.
Жакшыңды айтып, жаман жагын ачпаган,
Жакшы жолдош калканч экен сактаган.
Ага айтасың жүрөктөгү сырыңды,
Ата-энеңе, аялыңа айтпаган.
Жамандыкта жанын тиштеп жүгүрөт,
Сен күйүнсөн, ал да кошо күйүнөт.
Сен сүйүнсөн, сенден катуу сүйүнөт,
Кайгы-муңуң тең бөлүшүп бүлүнөт.
Кеп, кеңешин түгөл айтып туюнтуп,
Кемтикти оңдоп, акыл кошот уютуп,
Чечилесиң чын жолдоштун үйүндө,
Тирүүлүктүн түйшүгүн бүт унутуп.
Жакшы жолдош бүткөн сындуу каныман,
Куса болом, алыс кетсе жаныман.
Бир-эки апта сыр айтышпай калганда,
Буулукkансып, ичим бышып сагынам.
Казаныңа салып бербейт оокатын,
Бирок ага белен сыйың, урматың.
Жүрөк сырын, жакшы даамды бир бөлгөн,
Бул турмушта жолдоштун айт кымбатын.
Бир акылдуу ачууланса көрүп жек,
Сүйлөнчү экен, “жолдошуңан арыл”–деп,
Жолдошу жок жашоо дагы жашообу,
Андан көрө жакшы жолдош күткөн эп (К.Артыкбаев).

Бир акылман айткан экен: Агаңдын анча-мынча кебин уккун, уккун да өмүр бою эске туткун. Душман берген мүрөктүн суусун жутпай, чын досундун карматкан “уусун” жуткун. Муну кандай түшүнөсүңөр?
– Душман алдап, сени жеңгиси келет, ошондуктан жакшы көрүнгөн нерсени тандаба, дос кыйынчылыгы,“ачуусу” болсо да, туура нерсени, келечеги кең, түбөлүгү түз болчу нерсени сунуштайт, ошону тандоону унутпа деген мааниде айтылган. Бирок доско ачуу чындыкты айтуу кыйын, анткени көңүлү ооруп калат деп коркосуң, бирок ачуу болсо да чындык (“уу”) жакшы.
Дж Руми: “Калыстыктын белгиси – талаш маселеде чынчылдык, акылмандын белгиси – өткөнгө өкүнбөө, коркоктун белгиси – күчтүүгө каршы чыга албоо, зулумдуктун белгиси – алсыздын малын тартып алуу, эси жоктун белгиси – акылдуунун кебин түшүнбөө, достуктун белгиси – кыйындыкта сага жан тартуу” – деген.
Эми сабакты **жыйынтыктайлы.** Достук жөнүндө ойчулдардын пикири мындай: “Достун милдетин аткаруу, достун аракетине кубануудан, ага

суктануудан кыйын” (Г.Лессинг). Ар бир адамдын досунун алдында милдети да болот. Анын алдындагы жоопкерчиликти билиш керек. Эмгектенген адам да жоопкерчиликти билиш керек. Жүрүм-турумуң, сүйүүң, сүйлөгөн сөзүң ж.б. барынын жоопкерчилиги бар. Досту тандайт, бирок адамда чыныгы достор аз кездешет. Достун болушу – улуу нерсе, демек, ишиңин оңолгону, дос кубаныч тартуулайт. Турмушта ишиң өзүнөн өзү эле оңоло бербейт, жыргалчылык өзү келбейт, аны үчүн эмгектенүү, рухий аракет керек. Дос күткүң келеби, күт, аны үчүн анын кубанычына кубан, кайгысын бөлүш. “Убактыңды да, күчүңдү да, сезимиңди да аяба” (Е.Лосото). Досуңар көп, жашооңор бактылуу болсун.

## Коомду регресс жолуна салган терс сапаттар: трайбализм, коррупция, кошоматчылык

**Сабактын максаты:** коомдун өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизген сапаттардын: трайбализмдин, коррупциянын, кошоматчылыктын зыяндуулугун түшүндүрүү.

1) **Уюштуруу.**

2) **Жаңы тема:** Трайбализм (англисче tribalism – уруулук, укумдан тукумга өтүп келген) деп – тиричиликте, маданиятта, саясатта, коомдук турмушта уруунун обочолонгондугун, өз уруусуна гана ишенүүнү (сыйынууну) аташат. Африкада трайбализм, уруу аралык келишпестик ал континенттин шору болуп келген, азыр да шору болууда. Африканын өнүкпөй, башка континенттегилерден артта калышынын себептеринин бири – трайбализм. Анын негизги таратуучулары – уруу башчылары. Азыр Африканын прогрессивдүү адамдары трайбализм менен күрөшүүдө, анткени ал (трайбализм) Африка элдеринин консолидациясына (чыңдалышына, биригишине) жолтоо болуп жаткандыгын, анын коомго зыяндуулугун түшүнүштү.

Кыргыз Республикасында жердешчилик, тууганчылык, уруунун, өзүнүн кызыкчылыгын ойлоп, элдин, мамлекеттин, коомдун кызыкчылыгына зыян келтирген учурларды трайбализм деп коюшат. Трайбализмдин зыяны көбүнчө саясатка, илимге, өндүрүшкө ж.б. тиет, анткени аң-сезими жогору, компетенттүү адамдар иштен четтетилип, компетентсиз адамдар кызмат ордун ээлешет. Компетентсиз адамдар иштин жөнүн жакшы билбегендиктен, мекеменин, өндүрүштүн, илимдин, коомдун ж.б. өнүгүшүнө өбөлгө болмок тургай, артка тартат.

Коррупция (латынча corruption-пара берүү менен бир ишти жасатуу) деп – кызмат ордун өз кызыкчылыгына пайдаланууну, кызматчынын өз милдетин аткарбай укук бузушун аташат. Коррупция бул – кызматтагы адамдын ар кандай формада аткарган (же аткарбаган) иши үчүн материалдык жыргалчылыкка жетүү, пара берүүчүнүн кызыкчылыгын орундатуу менен материалдык баалуулукту (акча, алтын, мал ж.б.) алуу. Бул – кылмыш иши болуп саналат. Кылмыш кодекси (мыйзам) боюнча пара алган да, берген да, ортомчу да жазага тартылыш керек. Коррупция боюнча аныкталган фактылардын негизинде иш жүргүзүүгө укук коргоо органдарына милдет жүктөлгөн, алар иштеп жатышат, бирок аны тыюу мүмкүн эмес сыяктуу көрүнөт.

Кошоматчылык деп – кызмат абалы (орду, наамы) боюнча жогору мамлекеттик, аскердик ж.б. кызматкерлердин алдында статусу (наамы,

даражасы) төмөнкү адамдын жасакерленишин аташат. Азыр кошоматчылык коомдун шору болууда.

Кут билим газетасынын (15.05.2009. №17(10333)) санында "Билимсиз башкарып, билимдүү бош калып..." деген макалада: "Эгерде Кыргызстан коррупциялык жол менен "жаңыланса", ичип-жегендер корголуп, алдейленсе, анда келечегибиздин кыйраганы ошол. Алысты көрбөй, өзүн ойлогон, билими тайкы, жаштарды маңкурт кылып тарбиялаган коррупционер жетекчилер жоголбосо, кыргыз элинин шору шорподой кайнары айдан ачык. Алдым-жуттум паракорлор менен ач көз жетекчилердин көбөйүп кетишине жогору жактагылардын да катышы бар". Газетанын ошол эле санында ЖОЖдордо коррупцияга жол бергендер да, ага каршы күрөшкөндөр да профсоюздук-окутуучулардын курамы, кызматкерлер, аспиранттар боло тургандыгы белгиленет.

"Алас" газетасынын №10.15.03.07. "Кыргыз жайма базары" деген макаласында Ү.Касымбеков мындай дейт: "Кыргызстанда баары сатылат. Жогорку Кеңештин биржасында кызмат орундар, сот, министирлик, директорлук, банкирлик, өндүрүш обьектилери, алтын, атүгүл мыйзам да сатылат. Бир депутаттык мандат 100 миң доллар, 20миң дүңү менен базарга чыгыптыр, сатылып кетсе парламент шал болуп иштебей калмак. Түрмөгө түшкөн кылмышкерди азат кылуунун наркы оңой эмес. Саясый партиялар сатылат, эл оозуна алынып калган партиялар жакшы өтөт". Буга окшогон маалыматтар газетага көп чыгат.

Адамзаттын жашоосу жыргалчылыкта, адилеттүүлүктө уланышы үчүн, коомдогу бийик мансаптарды ошол мансапка татыктуу адамдар ээлеши керек. Кошоматтын, коррупциянын, тайбализмдин залакасы менен өз кесибинин спецификасын жакшы билбегендердин кызматка келиши мамлекеттин экономикасынын, илимдин, маданияттын ж.б.өнүгүшүнө жолтоо болот. Коом ордунда турбайт, айрымдары өнүгүү, башкалары регресс жолуна түшөт. Ишти илгерилете албаган, билими терең эмес, аң-сезими пас, бирок жогорку кызматка жетем деп жулунган адамдар болот, алар – чабал адамдар. Ошол чабалдыгын жашыруу максатында "креслону ээлегиси" келет. Кесибин жакшы билбеген адамдар ишти өз алдынча аркеттенип, алдыга жылдыра алышпайт. Чабал адамдардан ырайымдуулукту күтүүнүн кереги жок. Жеке кызыкчылыгын ойлогон, татыксыз чабал адамдардын эл башына келиши менен, калкка пайдасынан зыяны көп болгон иштер жасалат.

Коомдун өнүгүшү үчүн мамлекетти жакшы адеп-ахлактагы, кесиби боюнча атайы даярдыгы бар, ыймандуу инсандын (личность) башкаруусу керек. Инсанга коррупциянын, трайбализмдин, кошоматчынын кереги жок. Бийликтеги адамдын мойнуна элдин, мамлекеттин келечеги, ар кайсы тармактардын тагдыры, эртеңки муундун таалим-тарбиясы ж.б. көптөгөн аманаттар артылат. Ал элдин, Ата Мекендин, мамлекеттин, келечек муундун ж.б. алдындагы милдетин билиши керек. Анын мойнуна жүктөлгөн аманаттарды кийинки муунга жогорку абалда жеткирүү милдетин унутпашы керек. Кошомат, коррупция, тайбализм ал милдеттен алаксытат.

**Бышыктоо.** Өзүбүздүн ак мөңгүлүү, көк мелжиген бийик тоолорубуз, тунук суубуз, ата-бабалардан калган нарктуу баалуулуктарыбыз турса, Батышка

“теңелип”, айрымдар жерибизди, кенибизди сатып, бирибиз качып, экинчибиз чачып, коррупцияланып, кошоматтанып, жардыларды тоногондор пайда болду. Жерди, кенди саткандар ким, качкандар ким, чачкандар ким? Трайбализмдин, коррупциянын, кошоматчылыктын жыйынтыгы кандай? (Окуучулардын жообун угат).

Трайбализмдин, коррупциянын, кошоматчылыктын натыйжасы адамдарга, коомдогу абалга, илимге, саясатка ж.б. туура баа берилбей калат. “Балык башынан сасып жатса” да, “саясатыбыз идеалдуу” деп, абал начарласа да “сонун” деп, жалган тарых жазылып жатса да, аны “илим” деп калышат. Жалганчыны акыйкатчыл деп, трайбалистти мекенчил деп, коррупционерди “эмгеги сиңген” деп, кыянатчылды айкөл деп, калпычыны чынчыл деп, чынчылды калпычы деп калышат. Илимде билимдүүлөрдун иши илгерилебей, билими терең эмес адамдардын иши “илгерилейт”, кийин алар билимдүүлөргө “баа берип”, чечим чыгарышат. Билимдүүлөрдүн көзүнөн жаш агып, өзүнө берилген “баадан” стресс абалда жашашат. Акылсыздар акылдууларды “үйрөтөт”, билимсиздер, билимге жетүүнүн “формуласын табат”, акмактар жакшылардын “кемчилигин” табат. Анткени казактардын макалында айтылгандай: “Жакшылар жакшымын деп айта алмайды, жамандар жакшымын деп айхайлады”. Крыловдун тамсилиндеги: “эшек булбулга короздун сайраганы сонун, сен сайраганды короздон үйрөн” – деп мактаган сыяктуу окуялар көбөйөт. Саясатка эл ыраазы болбой, митинг арбыйт, революция ишке ашат.
Драм ийриминин окуучулары трайболизмге, кошоматчыга, коррупцияга карата үч окуя көрсөтүшөт, окуучулар аларды талкуулашат. Окуучулар үч топко бөлүнөт, трайбализмге, коррупцияга, кошоматчылыкка каршы күрөшүүнүн планын иштеп чыгуу сунушталат. Үч топтон үч окуучу топтун планын айтып беришет.

Эми сабакты **жыйынтыктайлы**. Трайбализмге, коррупцияга, кошоматчылыкка каршы күрөшпөсө, алардын тамыры тереңдей берет. Эгер кызматкерлер өзүн эле ойлоп жүрө берсе, быйылкы он коррупционер, трайбалист, кошоматчы кийин жыйырма, отуз, кырк ж.б. болуп өсө берет. Турмуштун толкуну адамдарды “агызып” кете берет. Кыргыз көрсө да “көрдүм” дебеген, өлгөнү жатса да “өлдүм” дебеген калк, канчалык жаап-жашырбайлы, турмушубуздагы акыйкат-чындыгыбыз – ушул. Биз “башыбызга токмок тийгиче камырабаган” калкпыз, балдардын көргөнү, укканы ушул болсо, аркабызда кандай муун калтырабыз, ага анча маани бербейбиз. Акча, байлык деп жүрүп, аркада калтырганыбыз таза урпак болобу, же “кык аралаш турпак болобу?” же баарыбызга баары бирби? Ойлонолу.

Балдар, трайбализм, коррупция, кошоматчылык бул – рухий оорукчалдардын коому экендигин түшүндүкпү, коомду соолуктурууга бардык күчүбүздү жумшайлы, бүгүнкүдөн эртеңки, андан бүрсүгүнкү абалыбыз жакшы болсун. Трайбализмге, коррупцияга, кошоматчылыкка келишпес мамиле кылалы. Таза коом куралы.

## Ата Журтум – асыл Мекеним
### *(Класстан тышкаркы иш-чаранын иштелмеси)*

Доскага: “Мекеним дебеген адам, адамзаттын коомуна жат” (В.Белинский). “Мекенимдин бықшып турган түтүнү бал жыттанат” (А.Грибоедов). “Адамды сүйө албаган киши, Ата Мекенин да урматтай албайт” (А.Франс) – деп жазылат.

**Биринчи окуучу**: Мекен – бул биздин туулуп-өскөн, таалим-тарбия көргөн, агарып-көгөргөн жергебиз. Мекен – бул дүйнөгө келишибизге себеп болгон ата-бабалардан, чоң апа, таене, энелерден бизге калган мурас.

**Экинчи окуучу**: Элибиз мындан 2200 жыл мурда Энесайда жашаган, узун бойлуу, сары чач, көзү көк, чап жаак жарандар болгон. Бүгүнкү калкыбыздын түпкү башатындагы тагдыры татаал болгон. Бир заманда гүлдөп, өсүп, чоң өлкө болгон, бирде бүлүнүп, жыйнаганы чачылып, улаганы үзүлүп, кээде башкаларга төбөлдүк кылып, шарт өзгөрсө, кайра кор болуп келген. Бабаларыбыздын түзгөн жазууларынан айрылып, тарыхыбыздын көп жагдайларын унутуп, кытай, араб, түрк, орус ж.б. булактарынан азыр билип жатабыз. Евразиянын чексиз мейкиндигинде жашаган көп элдердин арасындагы мамиле татаал, кээде каардуу болуп, оюндан от чыгып, өрткө айланып, көп нерсе өзгөргөн. Айрым элдер тукум курут болуп жоголгон. Учу-кыйры жок талааларды өтүп, калың токойлорду аралап, дарыяларды кечип, тоолорду ашып жүрүп, кыргыздын сөөгү жатпаган жер Евразияда калган эмес. Кыргыз тили – түрк тилдүү элдердин эң байыркысы.

**Биринчи окуучу**: Ким Мекенине ак ниеттүүлүк менен кызмат өтөсө, ал мөмөлүү дарак сыяктуу кадырман, улуу инсан болот. Мекенине жакшылык кылам деп “ыроолоп”, өз көмөчүнө күл тартып, кызматынан пайдаланып, атуулдук милдетинен качкан кишилер мөмөсүз калган же мөмөсү ачуу даракка окшош. Чынар дарак мөмө бербей, жүз жыл жашайт. Ал курулушка жарабайт, аны отун кылып жакса эле болот. Зейтун отургузгандан бир жылдан кийин мөмө берет. “Жакшы уул элдин камын жейт, жаман уул элдин малын жейт”.

**Экинчи окуучу**: Ата Мекенине пайдасыз жашаган киши, өз бактысына өзү балта чабат, анткени ал келечекте мөмөсүз даракка окшошуп калат, элине кызмат кылуу – бул ыймандуулуктун белгиси, атуулдук парз. Кызмат дегенди официалдуу кызматка “орношуу” деп түшүнбөш керек. Мекенге кызмат кылуу кичинеден башталат. Мисалы, жолдо жаткан тикенди жээкке ыргытуу, дарак отургузуу, көпүрө салуу, суу чыгаруу, балдарга билим берүү ж.б.дын баары Мекенге кызмат кылуу болуп саналат. Ар ким колунан келген ишин аткара берсе, Мекенимдин “арабасы” жүрө берет. Кайрымдуулук, оорукчанга жакшылык, аскердик кызмат, алсызга камкордук, шайлоодо ак ниет адамга добуш берүү ж.б.у.с. баары Мекенге кызматың. Ата Мекенине кызмат кылгысы келбегендер, Мекенин сүйбөгөндөр – көөдөнү бош, ар-намысы жок кишилер.

**Үчүнчү окуучу:**

Аз кыргыз арсыз болсок өлбөдүкпү,
Ансыз да көрбөгөндү көрбөдүкпү.
А бирок тарых күбө кече эле биз,
Жоокер кыргыз аталып келбедикпи.
Москванын алдындагы согушунда

Калың жоону токтотуп бербедикпи.
Катарында советтик көп элдердин,
Фашисттерди талкалап жеңбедикпи.

Бир кезде бабалар да мүңгүрөшкөн,
Бир кезде Азияны дүңгүрөткөн.
Бир кезде мал өстүрүп, дан өстүрүп,
Тынчтыктын тегирменин күлдүрөткөн.
Алыстан сапар улап кыргыз келет,
Арманын ичке катып, билдирбестен.
Канча бир дастандарды дилге жыйды,
Кагазга түшүрүүгө үлгүрбөстөн.
Көрөңгөлүү улут тура биздин эл,
Көкүрөгүн тынымсыз дилгирленткен (Н.Алымбеков).

**Төртүнчү окуучу**:
Ата Журтум сезип турам муңуңду.
Абийир төгүп, түшүрдүк го тууңду.
Сенде жашап, сага кылып кыянат,
Соолттукпу жүзүңдөгү нуруңду.

Бүтөлбөй эч жүрөктөгү жамачың,
Бүгүн сенин сылтып кагат канатың.
Тийгизбестен бир да ташың душманга,
Тирилсечи кайра баштан Манасың.

Илдет күчөп, ичтен тайып кубатың,
Исхагыңды билем эңсеп турасың.
Өзүмчүлдөр жашаган бул тар коомдо
Өйдө карай кантип анан жыласың.

Жан багууга суу, тузуңду татып ай,
Жүрөбүз го бирок ага татыбай,
Туям алсыз акыбалын өлкөмдүн,
Тытылган бир эски, жаман даакыдай.

Каран күндүн барын бойго батырган,
Кайраты мол жан экенсиң асылдан,
Кантип сага көрсөтсөм деп жардамды,
Карбаластайм, көзүм туман, башым маң...

Турпатыңа кул болууну каалабай,
Таарынттыкпы Мекен катар баалабай,
Башка өлкөгө кетүүдөбүз көбүбүз,
Кылдай кызмат аткарууга жарабай.

Келчи Ата Журт кучагыма кысайын,
Кере-кере таза абаңан жутайын.
Тагдыр балким сынап жатат эркиңди,
Тартпай турчу, көңүл чөгүп ыза муң.

Ата Журтум сезип турам муңуңду,
Аччы мага көөдөн толгон сырыңды.
Сенде жашап, сага кылбай бир пайда,
Сүрөм өмүр айтсам эгер чынымды.

Эл атынан тилеп сабыр бекемин,
Эртеңкиден көптү үмүт этемин.
Ким кейитсе мен сурайын чөгөлөп,
Кечир бизди туулган Ата Мекеним!  (Жылдызбек Турсунбаев).

**Бешинчи окуучу**:
Тирүүлүктө оор жүк – көралбастык,
Тирешип, бир акылга келалбастык.
Ичкертип бараткансыйт кыргыз элин,
Ичтеги майдалыкты жеңалбастык.

**Алтынчы окуучу**:
Кыйындыкка дагы болсо кыргыз бараар,
Кыргыздын да асманында жылдыз жанаар.
Кыйшаңдап бийлеп кетсе, көр намыс,
Кыргыздын убалына кыргыз калаар.

**Жетинчи окуучу**:
Илгеркидей эмгек менен алышуу жок,
Намыс үчүн, ар үчүн жарышуу жок.
Орок менен балканын заманы өтүп,
Учурдагы жаштардын каруусу жок.

Калкымдын китеп окуу –ынагы жок,
Кара жумуш кылганга чыдамы жок,
Эштеңдешип интернеттин акылына,
Эски сөздү укканга кумары жок.

**Сегизинчи окуучу**:
Кыргыз элек баарына чыдап келген,
Кылымдарды кылымга улап келген.
Арзан оокат ташыбасак чет өлкөдөн,
Акылыбыз алдыга жылат белем...

Алыс эле бир кезде чайдан кыргыз,
Көчмөндөрдү сактаган айран-кымыз.

Айла-амалын үйрөнүп башка элдердин,
Аз жылдарда өзгөрдү кайран кыргыз.

**Тогузунчу окуучу**:
Ырыскыны терип жеш – көнгөн жумуш,
Ыйманга байланганың – жеңген жумуш.
Кадырың тебелесе кыйбас киши,
Кантсе да көңүл үчүн өлгөн жумуш

Болсо дагы учурда калкым жарды,
Мага жагат алдыга талпынганы.
Бушайман күндөрдө да учат экен,
Буюккан Ата Журттун барчындары.

Тартынбастык кыйындардын үлүшүндө,
Таңды тосуп чыгышат түн ичинде.
Кагылайын барчындарым аман болсун,
Кайтып жатам канат байлап, үмүтүмө.

**Онунчу окуучу**:
Алп дарыя убакыт агып жатат,
Ай-күндөр эсеп-чотун кагып жатат.
Кыйын жылдар кечээки артта калып,
Кыргыздар өзүн өзү багып жатат.

Демейде чачылса да берекебиз,
Дээрибизде жок экен көлөкөбүз.
Ушундайда аныкталат турбайбы,
Уучу куру калбаган эл экенбиз.

**Он биринчи окуучу**:
Ким күйөт колду сунуп өлдүк десек?
Ким сүйөт байкуштукка көндүк десек?
Эл деле моюнга алар, тарых күбө,
Кыйындыкты биргелешип жеңдик десек.
Чынын айтсам оозубузга жарашчудай,
Чыдамын кыргыз элдин эрдик десек.

**Он экинчи окуучу**:
Азыр кыйын тууганды тууган кылыш,
Алдыга өттү акча аркылуу кылган жумуш.
Үзүлсө эгер туугандык байланыштар,
Бул деген кыргыз үчүн “Сынган кылыч”.
Тууганчылык, ынтымак улутка дем,
Мунун өзү алга карай жылган жумуш.

**Онүчүнчү окуучу**:
Эсепсиз Ала-Тоонун таш байлыгы,
Эт менен айран-кымыз аш байлыгы.
Кыйчалыш доорлорду басып өткөн,
Кыргыздар өлкөбүздүн баш байлыгы.

Көрүп жатам мен дагы турмуш даамын,
Көр пенденин өлбөстүккө тырмышканын.
Башты катпай кычырап жүрөсүңөр,
Бар болгула баатыр өскөн кыргыздарым.

**Он төртүнчү окуучу**:
Жалаң эле күч келтирбей мээге,
Жүрөккө да кайрылган оң кээде.
Мертинсек Мекендештер дилибизден,
Эл болуудан калчудайбыз бөөдө.
Кеч болсо да эсиңе кел кыргызым,
Кең дүйнөдө өчпөсө экен жылдызың.

**Он бешинчи окуучу**:
Келечеги кыргыздын батыштабы,
Кымбат баалап арзанын сатыштабы.
Жайыттагы малына сереп салып,
Жамбашынан кырданып жатыштабы?

Батыш деле жол эмес күндө барчу.
Байлык барбы ал жакта дилде калчу.
Баш керек бейм мындайда калайыкка,
Пайда менен зыянын иргеп алчу.

Бүгүн байбы кой жайып жамбаштаган,
Бүгүн байбы бизнес деп далбастаган.
Жакырдыгы элимдин көкүрөктө,
Жан дүйнөсүн соолутуп алдастаган.

Өзгөртсө да биз үчүн турмуш даамын,
Өзөктөрдү түтөткөн кылмыш калың.
Күнөө коюп чоңдорго көнүп калдык,
Чоңдор деле балдары кыргыздардын.

Күйгөн токой сыяктуу жан-дилибиз,
Күнөөлүбүз чынында ар márибиз.
Арамзаалык жуурулуп, аруулукка,
Аралашып калгандай кан-жинибиз.

Байлык деген чоң мээнет, албан жумуш,

Бабалардан балдарга калган жумуш.
Кедейликке жеткирген шалаакылык,
Кемчиликти моюнга алган дурус.
Өмүрдөгү чоң байлык – ыймандуулук,
Өлүмгө да бөксөрбөй барган дурус.

**Оналтынчы окуучу**:
Мекенге байлык жыйган бар,
Мекен деп жанын кыйган бар.
Мыктылар сүйөт Мекенин,
Мыктыда толук ыйман бар.

Кандай болот Ата Журттун эртеңи,
Карыз басып кайкаңдатса желкени.
Кенен карап, келечекке көз салып,
Кеменгерлер бийлесе экен өлкөнү.

Журт болсок да бүгүнкү турмуш кыскан,
Элдери тың жыгылбаска тырмышышкан.
Баатыр Манас түптөгөн дөөлөт эле,
Бар болсун, Мекенибиз Кыргызстан.

Тоо бар үчүн тоодой менин дарманым,
Тоосуз калсам, тоодой болмок арманым.
Тоодой бийик дөөлөт экен мен үчүн,
Тоолук болуп, тоону сүйүп калганым (Н. Алымбеков).

**Он жетинчиокуучу**:
Уулум, айланайын, кулунчагым,
Окууңду мыкты окуп өсөр чагың,
Атакең томполоңдоп, сен деп жүрөт,
Апакең арнап койгон сага жанын.
Адептүү адам болсоң билими чоң,
Актайсың, ата-энеңдин көргөн камын.
Аласың “турмуш” деген мугалимден,
Биз айтып, үйрөтө албай калган жагын.
Эмгекчил, эрки бекем жигит болуп,
Актагын Ата Журттун тузун, нанын.
Тоо-ташын Ата Журттун урмат кылар,
Улууну биз өңдөнүп сыйлап турар.
Жар күтөр, бала күтөр, жолдош күтөр,
Адам бол, Мекеним деп жыйын курар (К.Артыкбаев).

**Он сегизинчи окуучу**:
Учурда биз күлүп жүрбөй күлгөнсүйбүз,
Күлкүбүздү тебелеп жүргөнсүйбүз.

Каадасы көп той-топурдан баш көтөрбөй,
Карын чоймой өмүрдү сүргөнсүйбүз.
Артка тартып кыргызды кыргызчылык,
Арсыздыкты моюнга илгенсийбиз.

Улут жүзү жалаң эле кийизде эмес,
Ак калпакты шаңкайтып кийиште эмес.
Башы бүтүн кыргыз элдин салтын чанып,
Башка элдин сөөлөтүн сүйүштө эмес.

Ата Журттун ажарына тийип болбойт,
Ала-Тоо биз сүйбөсөк бийик болбойт.
Адал оокат көтөрөт турмуш баркын,
Алга сүрөйт биримдик кыргыз калкын.

Болбосо эле кыргызга кыргыз душман,
Болочоктуу журт болот Кыргызстан.
Анткени алп тоолордун арасынан,
Атактуу Манас менен Чынгыз чыккан.

**Он тогузунчу окуучу**:
Бул жерге жаттын көзү тийбесе экен,
Кас душман тепсеп мында кирбесе экен.
Булагы ылайланбай, гүлү соолбой,
Тоо жыты бузулууну билбесе экен.
Ата Журт кыйындыкка кабылбасын,
Душманына эч качан чабылбасын.

Көз чаптырып, мөңгү баскан аскага,
Көшүлөмүн булут жаздык жаздана.
Бул жалганда бейишимсиң, Ата Журт,
Бергим келбейт, ташыңды да башкага.

Бакыт, тынчтык бирдей келип эми жуп,
Байырласын Мекениме берип кут.
Адилдиктен, адалдыктан айрылба,
Аман болгун касиеттүү Ата Журт.

Бакыт деген – бүтпөс таттуу үмүтүң,
Бакыт деген – ден соолукта жүрүшүң.
Адал эмгек, мээнет менен абийир таап,
Мекениңде жашап, өмүр сүрүшүң (Н. Алымбеков).

**Кызык экен окуп кой**

***(Дубал газетага пайдаланууга жарактуу материалдар)***

- Адам канчалык адилет болсо, адилеттикти ошончолук туура түшүнөт. (Цицерон).
- Жамандардын талашынан чыр чыгат, жакшылардын талашынан сыр чыгат (макал).
- Турмуш – мектеп, анын жыргалынан жыласы (кыйынчылыгы) мыкты мугалим (С.Градский).
- Турмушту ак ниеттүүлөрдөн артык эч ким көркүнө чыгара албайт (Л.Н.Толстой).
- Кырсыкка акыл чыдайт, кайрат аны менен күрөшүп, жеңип чыгат (М.Севинье).
- Жашоодо жакпайт мага жалгыз адам, ичи чаар, сырты жылма жалтылдаган. (Шекспир).
- Эки жүздүү адам өзүн да, өзгөнү да сыйлай албайт (Ж.Лабюйер).
- Көзүм жокто мени жамандаган адам – менден корккон адам, көзүмчө мени мактаган адам – мени жек көргөн адам (кытай макалы).
- Биз эмнени көп ойлосок, ойлонуп отуруп, аларды жашообузда ишке ашырабыз (Р.Бах).
- Турмушта кыйынчылыкты жеңүүнүн эң оңой жолу – аны кыйынчылык катары көрбөй, жакшылыкка жеткирүүнүн бир баскычы катары кароо (Б.Акунин).
- Кыраакылыгы жок акыл-эс көбүнчө күмөн санайт, чечкиндүү эмес болот. Ал эми кыраакылыгы бар, акыл-эстүү адам мээримдүү, чечкиндүү, тынч болот.
- Акыл-эстүүлүк менен жакшы ой – мээнин функциясынын жетишкендиги. Кыраакылык – адамдын рухунун биринчи даражадагы касиети. Кыраакылык аркылуу адам жетүүчү (мүмкүн болгон) эң жогорку бийиктик – акылмандуулук. Кимге акылмандуулук берилсе, анда ал улуу жетишкендиктин ээси.
- Көз кубулуштун тышкы көрүнүшүн көрөт. Кыраакылык аркылуу адамдын ички мазмун-маңызын, пайдасын, максатын көрөт, адамдын аракетинин себебине көңүлүн бурат. Кыраакылык акылдан эмес, ал ойчулдуктан да эмес. Адам аракеттенгенде акыл-эстен жогору ойго көтөрүлүүгө жөндөмдүү болгон сыяктуу, кыраакылык да ойчулдуктан жогору көтөрүлүүгө мүмкүндүк. Жогорку зат берген адамдын жогорку жөндөмү – аң-сезим. (Руми)
- Атак жыттуу ууга окшош, анткени ал жүрөктүн рухий кубатынан ажыратат. (Курманжан датка).

- Ыймансыздыктан кутулбаган адам эркиндикке жетем деп күткөнү – куру бекер убара. Жолум болбоду деп үмүтсүз болбо, анда анархияга (тартипсиздикке) жол бересиң, жакшылыктан үмүт үзбө, үмүтсүздүк адамдын өнүгүүсүнө жолтоо болот. Ал адамдын жеңишке умтулуусун, эркин өлтүрөт. Үмүтсүздүк – моюнга илинген, адамды муундурган илмек сыяктуу (Курманжан датка).
- Адамзат материалдык жана рухий байлыкты тандаган эки ажырым жолго келди. Бири адамзаттын жарымын үмүтсүздүккө алып келди, экинчиси азаптан кутулууга алып келе жатат. Экинчи жолду издегиле.
- Акылдан ажыраган адамдар үчүн эң бактысыз – туура ой жүгүрткөн адам. Акылы оопай болгон адам акылы ордундагы адамдардын арасында болсо, ал эң бактысыз. “Каргалардын ичинде шумкар карып, качырлардын ичинде тулпар карып”.
- Адамдын рухунун душманы – системалуу майрамдоо, шапар тээп, сайрандоо, тойлорду, атакты эңсөө. Жашоонун андай жолу адамдын бүгүн болбосо эртең, рухун сындырып, чабал кылат.
- Тарбия көрбөгөн адамга акыйкат жолду көрсөтүү кыйын. Акылы адашкандарды (көз карашы туура эмес калыптанган адамды) тарбиялоо кыйын. Бирок чыныгы мугалим баарына чыдап, чын жүрөгүнөн жол көрсөтүшү керек.
- Жардылык дегенибиз – акчасыздык эмес, ал – билимсиздик, аң-сезимдин төмөндүгү, ойдун пастыгы, ниеттин бузулгандыгы, ишке жөндөмсүздүк б.а. рухий жардылык – чыныгы жардылык. Ошондуктан билимсиз байдын ою жарды.
- Аң-сезимдүүлүк, ниеттин тазалыгы – адамдын руханий динамикасынын жемиши. Рухий өнүгүүгө олуттуу мамиле кылбаган адамдардын көз жашы да чын жүрөктөн эмес, жалганга толгон.
- Абай Кунанбаев чочколор өткөн жерде жылкыларды жолотпой, таза чөп өскөн тарапка айдачу.
- Жашы улгайып калган чоң адам аюнун, Микки Маустун кийимин кийип, тайраңдап бийлесе, балдарга адептин кандай үлгүсүн көрсөтөт? Баланын баладай, чоңдун чоңдой болгону дурус.
- Көр турмуштун башаты – ысырапчылыктан. Турмуштун тымызын өртү – ысырапчылык.Үнөмчүл – дайым утушта болот. Жоомарттын сарамжалы дагы үнөмдөн башталат (Курманжан датка).
- Намыс – адамдын адамдык өлчөмү, анын кишичилик даражасынын бийиктик ченеми (Касым Тыныстанов).
- Текебердик жана зулумдук – улуулуктун апааты. Жумшактык жана назиктик – инсандын зыйнаты, уят-сыйыт анын эң эле кооз жана

жагымдуу “кийими” болуп саналат (Касым Тыныстанов).

- Кылычтын мизи, найзанын учу менен аткарууга мүмкүн эмес болгон көп иштер жумшактык, кичипейилдик менен аткарылат. Каардануунун залалы каарданган адамдын өзүнө тийет (Шофий).
- Ак көңүл адамдын эң жаман сапаты өз пикиринен – кайтуусу, кайырырайымдуулуктан баш тартуусу. Бакылдын жакшыраак сапаты – бакылдыкты четке кагуусу (Жомосиб).
- Башкаларга бакыт издеген адам бакытка өзү туш болот (Августин).
- Баалуулугу төмөндөбөгөн үч нерсе бар: күндүн нуру, эненин сүтү, баланын күлкүсү.
- Түндөгү кыял түмөндөгөн ыйманды качырат. Жаман нерсе – от тамызуу кыялга, Ал бир күнү учуратат зыянга.
- Ат арыктыгынан, катын карыптыгынан бузулат. Жаны ачыган аялдын жаагы ачылат.
- Боло элек окуялардын ишке ашуусуна ашыкпагыла, мөмөсү жетиле элегинде алманын түшүп калышы, боюнда бар аялдын ара төрөшү – проблама.
- Ыйман – өмүрдүн кубаты (Л.Н. Толстой).
- Кайдигерликтен көнүмүш адат туулат. Андай адат ачкычы жоголгон кишен сыяктуу (А.Перрун).
- Оюна келгенди оттогон адам ойго келбеген жагымсыз сөздөрдү угууга мажбур болот (Левинсон).
- Кайдигерликтин үч белгиси бар: көп көңүл ачуу, көп уктоо, көп жаңылуу (Л.Н. Толстой).
- Колумдагы нерселерге топук кылып, менде жок нерселерди ойлобосом, өзүмдү бактылуу сезем (Л.Н.Толстой).
- Мугалим – караңгыда жарык чачкан чырак сыяктуу, ар жыл сайын мөмө берген дарак сыяктуу.
- Жүрөктү акча, алтын, атак, байлык, бийлик ж.б. ээлеп алса, ыйманга орун калбайт. Адамга эки жүрөк берилген эмес. Жүрөктү ыйман ээлгени дурус.
- Айрым ата-энелер балдарына таалим-тарбия берүүдө ойлонбой калган кары сыяктуу, “менин айтканымды кыл” деп отуруп, шумкардай ниети бар баласын, алсыз чымчыктын абалына жеткирет. Тулпардай мүмкүнчүлүгү бар баласын, качырдай кашаң кылат.

**Адабияттар:**


1. Абрашов С.А. Духовно-нравственное воспитание в системе дополнительного образование в условиях малого города. //Педагогика. №8. 2009).
2. Абдырахманов Т.А. “Эки доор адамдары”. И.Арабаевдин педагогикалык ишмердиги. Бишкек. 2013.
3. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. Бишкек. 2001.
4. Анисимов В. Обойдемся без выражений! Сквернословие как проявление вербальной агрессии. //Журнал «Здоровье детей» №1. 2009.
5. Асипова Н.А., Ткачева С.А. Методика воспитательной работы. Каракол. 2014.
6. Болдырев Н.И. Классный руководитель. – М., Просвещение. 1999.
7. Бекбулатова А.Р. Социально-культурный облик кыргызких сельских женшин в 80-годов XX века. Автореферат дисс.философии. Бишкек.2003.
8. Байгазиев С.О. Педагогикалык руханият. Бишкек. 2008.
9. Борочоров Ж. Ааламдашуу доорундагы үй-бүлө. Бишкек. 2013.
10. Гершунский Б. С. Философия образования для XXI века. М., 2002.
11. Гершунский Б.С. Менталитет жана билим берүү. М., 1996.
12. Гершунский Б.С.. Концепция самореализации личности в системе обоснования ценностей и целей образования. //Народное образование. №1. 2010.
13. Даль В.И. Толковый словарь живого великорусского языка: в 4-х тт. Т. 2. – М.: Русский язык. Медиа., 2003.
14. Жусупбеков Дж. Основные уровни этнической идентичности намадов: социально-философский анализ. Автореферат. Дисс. Д.фил.н. Бишкек.2010.
15. Жунусалиев Б., Бекчороева Ж. Турмуш сабактары. Бишкек. 2012.
16. Закиров А., Мурзаев М.С. Этнопсихология. Ош. 2015.
17. Исамидинов И. Ааламдашуу доорунда жаштардын тарбиясы. //Мугалим. №2. 2014.
18. Кукушин В.С. Общие основы педагогики.учеб. пособие для студ. пед. вузов. – Ростов н/Д.: МарТ. 2002. – 224 с.
19. Кукушин В.С. Теория и методика воспитательной работы. учеб. пособие. – Ростов н/Д.: МарТ. 2002.
20. Кыргыз макал, лакап, учкул сөздөрү. Жыйнаган Мухаммед Ибрагим. Бишкек. 2008.
21. Кубатова А.Э. “Кыргызстанда жадидчилик кыймылы”. Жаңы усул менен окутуу кыймылы. Бишкек.2012.
22. Касаболотов Ж. Күйгөндөн айтам бир сабак. Кут билим. 29.08.2008.
23. Константинов Н.А. История педагогики. М., 1974.
24. Курманов Ж. //Кыргыз тили. №12-13 (165-166).2015. 06.26.
25. Лазарев С.Н. Диагностика кармы. 8- 9-часть – СПб. 2005.
26. Луиза Хей. Новейшая энциклопедия здоровья и счастья. М., ОЛМА-Пресс.2006.
27. Макдоуэл Дж. Жыныстык тарбия боюнча мифтер. Калифорния. 1991.
28. Мацкевич И.К. Казакская семья: контекст для этнопедагогического

подхода. Этнопсихология жэнэ этнопедагогика. Алматы. “Казак университети”. 2007.

**29.** Мурадов А. “Кыргыз элдик педагогиканын табиятынын жаралышы. Шоокум. 2015. №12 (88).

**30.** Мамытова Г. Жалгыздыктын биологиялык, психологиялык, социологиялык негизи. Шоокум. 2015.№12 (88).

**31.** Менин дүйнөм жана мен. Сүйүү жолу. Мугалимдер үчүн колдонмо. Түзүүчү М. Станеки-Козвосски. – М., 1994.

32. Михайлин В. Тропа звериных слов: Пространственно ориентированные культурные коды в индоевропейской традиции. - М.: НЛО, 2005, с. 331-360.

33. Мадимаров М. Биз ким элек, ким болдук? “Исламда илим жана билим” аттуу I Республикалык симпозиумдун жыйнагы. Бишкек. 2008.

34. Мурзаибраимов Б. Мугалим – мөмөлүү дарак. Бишкек. 2015.

35. Немов Р.С. Психология. – М., 2007.1-т.

36. Никандров Н.Д. Общечеловеческие ценности и воспитание. //Педагогика. 1997. № 36.

37. Подласый И.П. Педагогика. – М.: Владос, 2003. – 107 с.

38. Приримкулов А. О культурной деградации общества. //Даникер. Билим менен дүйнөнү багынтабыз. Маданий-агартуучу жаштар журналы. 2012. №6.

39. Раимкулова Г. Не убивайте матом хромосому. //Данакер. Маданий агартуу жаштар журналы. №6. 2012. 54-55-б.

40. Рожков М.И., Байбородова Л.В. Организация воспитательного процесса в школе. М., Владос.2001.

41. Сабитов. М.А. Светлое будущее миф или реальность. Сб. ст. Автора о духовности и её роли в жизни человека и общества. Бишкек: Наука и образование. 2005.

42.Стоун Р. Небесная – 911. Как обращаться за помощью к правому полушарию мозга. – Киев: София, 2000. – С.190.

43.Семенюк Л.М. Психологические особенности агрессивного поведения подростков и условия его коррекции. – М.: Флинта, 2003.

44.Советский энциклопедический словарь. гл. ред. Прохоров А.М.– М.: 1980.

45. Сергеева В.П. Технология деятельности классного руководителя в воспитательной системе школы. – М., 2008.

46. Ушинский К.Д. Человек как предмет воспитания: опыт педагогической антропологии. О народности и общественном воспитании.– М., 1978.

47. Харисова Л.А. Духовно-нравственное воспитание школьников. М., 2002.

48. Хентиг Х.Ф., Лагодина Е.Н., Кризис воспитания. Как спасти будущее наших детей. – М., 2012.